
Кырг
И85

Исабек Исаков



# АТА ЖУРТ ТОЛКУНДАРЫ



ИСАБЕК ИСАКОВ

С кирг
И85



# АТА ЖУРТ ТОЛКУНДАРЫ

ЫРЛАР ЖАНА ПОЭМАЛАР

...СКАЯ
...бластная
...БЛИОТЕКА
№ 323039

ФРУНЗЕ «КЫРГЫЗСТАН» 1983

АБОНЕМЕНТ

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

24.10.89г | 393

Заказ 2382 Тираж 1.000.000

...деринин кандидаты,
...мөталиев.

...ар экинчи жолу жарык

И $\frac{4702280200-218}{М 451 (17)-83}$ 186—83.

© «Кыргызстан» басмасы, 1983

## ТУРМУШ, МЕЗГИЛ КҮҮЛӨРҮ

Исабек Исаков республикабыздагы окурмандарга көп жылдардан бери көңүлүнөн жараткан ырлары жана поэмалары менен таанылган акын. Анын тандап алган темасы ар кыл. Биздин тоолуу республикабызда, өлкөбүздө, ал турсун чет өлкөлөрдө болуп жаткан окуяларды сергектик менен сезип, алардын ичинен өзү маанилүү деп эсептеген маселелерди көңүлүнөн өткөрүп, аларды ыр саптарына айландыргандыгын анын чыгармаларынан байкоого болот. Албетте, акындын дил сезими замандаштарыбыздын ойлогон оюу, эртеңге карай жаркыраган үмүтү, көздөгөн максаты менен байланыштуу козголгондугун, ага шайкеш келип, үндөшүп тургандыгын анын ырларынан көрөбүз.

Даанышман көсөмүбүз Владимир Ильич Ленин жөнүндө Исабек Исаков көп ыр жазган. Дүйнө жүзүндө биринчи социалисттик өлкөнү курган улуу кеменгердин образын түзүүгө акын жан-дили менен аракет кылып келе жатат. Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы, анын кыраакы жана акылман саясаты жөнүндө, ар кайсы тармактарда эмгектенип жаткан ак ниет, чынчыл коммунисттер жөнүндө акын берилгендик жана чын ыкласы менен ырдагандыгы, бул маанилүү темада жазылган чыгармаларында бир топ ийгиликтерге жеткендиги көрүнүп турат. Бул теманы акын андан ары тереңдетип иштерине шек жок.

Көп улуттуу Ата Мекенибиз, Улуу Октябрдын жаркыраган нуру астында өсүп-өркүндөп жаткан тең укуктуу жана суверендүү республикабыз жөнүндө, учу-кыйрына көз жетпеген кең өлкөбүздө жашаган боордош элдердин бир тилектештиги, ынтымактыгы, бузулбас бекем достугу жөнүндө ырларды акын өзгөчө эргүү менен жазып келе жатат. Коммунист акын өз оюнун чордонун, ыгынын негизин айрыкча саясий, граждандык лирикага арнагандыгын, анын бул аракетинен көзгө көрүнөрлүк, көңүлгө урунарлык натыйжа чыгып жаткандыгын баса айтууга тийишпиз.

Акын Исабек Исаков окурмандарга жеткирүүгө ниеттенген ойлорун ыр саптары аркылуу ачык-айрым, түшүнүктүү ыкма менен, тиешелүү көркөмдүк деңгелде бере алат, мунун өзү ыр жаратып жаткан учурда ал ырларды окуй турган окурмандарды көз алдына келтирип, алар менен бетме-бет маектешкиси, дилдеги сырларын ачык айткысы келгендигин билдирет.

Акын өзүнүн көп ырларында түбөлүк тема болуп келе жаткан, ар бир адамдын өмүрүнө абдан зарыл, адамдын сапатын, мүнөзүн жакшыртып, адамды адам сездирип турган эмгек жөнүндө маанилүү ыр саптарын жараткан. Ал эмгек адамдарын — жумушчуну, дыйканды, малчыны, заманыбызды жана турмушту көркке келтирип турган түрдүү кесиптеги эмгекчи, мээнеткеч адамдарды жүрөгүнөн чыккан нукура урматтоо сезими менен даңазалаган. Эмгек жөнүндөгү И. Исаковдун ою көңүлдө каларлык саптар менен айтылган:

Эмгек — бул өчпөс бакыт, күн оттору,
Сулуулук, сыйкыр дүйнө боёктору.
Тоо жолу, космос жолу, деңиз жолу,
Сырга бай, нурдан бүткөн жеңиш жолу.

Исабек Исаковдун ырларынан биз жашаган замандын белгилери, замандаштарыбыздын жасаган иштери, ойлогон ою даана сезилип турат. Акын биздин турмуштагы сонун өзгөрүүлөргө, өсүштөргө жүрөгү балкып кубанып, али да болсо кээ бир кезиге калган кемтик, мүчүлүш, терс көрүнүштөргө чындап кейип, өкүнөт, андай көрүнүштөр кайталанбаса экен, болбосо экен деген ак тилегин билдирет. Акын айрыкча Ала-Тоонун табиятын, кайталангыс кооз сөөлөтүн:

Таң жели гүлдүү кырдагы
Эргитип жумшак ыргагы,
Ой-тоону каптап таң нуру,
Ойгонот сезим ыргагы,—

деген сыяктуу ыр саптары менен сүрөттөп, ага чын ыкласынан суктанат. Ошону менен бирге анын ырларынан табияттагы сонун көрктүн кээ бир жерлерде кээ бир кенебес адамдардын күнөөсү менен кемип жаткандыгына ичи ачышып, тынчы кеткендиги сезилген саптарды окууга болот.



Адамдын ак эмгеги менен асыл теринен жаралган нан жөнүндө акын мындай образдуу ыр саптарын жазган:

Керек кезде жылдыз болуп күйүүчү,
Керек кезде жандооч болуп жүрүүчү,
Сенде күн нур, сенде шамал ырлары,
Сенде дайым дыйкан, талаа сүйүүсү.

Чынында да тирүүлүктүн негизи болгон, адамдын өмүрүн алга сүрөп турган, адам өзү өстүргөн — нан эмеспи.

Исабек Исаковдун ырларында адамды урматтап-барктоого, адам атын жогору сактоого умтулууга чакырган ойду көп жолуктурабыз. Адамдар өз өмүрүндө зарыл кезде бир-бирине колдон келген көмөк көрсөтө билүүнү, бир-бирине жакшылык кылууну барып турган асыл парз катары көрүүгө үйрөнүүнү акын ыр саптары аркылуу окурмандардын көңүлүнө салат да:

Мейли көппү, мейли кээде аз жашап,
Бул турмуштун дыңдарында каттасак.
Басып жүргөн адам эле дедирбей,
Сезимдерден дайым таап жылуулук,
Адам деген ыйык атты актасак,—

деп жазат акын. Бул анын адамдарга, замандаштарына кайрылган жакшы ой, жакшы максаты.

Дагы бир маанилүү тема, дагы бир түбөлүк тема болуп саналган сүйүү жөнүндө да Исабек Исаков чын ыкласы менен жазгандыгын, бул темадагы ырларды жаратууга анын белгилүү ийкеми, шыгы бар экендигине ынанууга болот. Сүйүү адамдардын өтө бийик, ыйык, назик сезими экендигин, ал жөнүндө жазууга кылдат чеберлик керек экендигин акын жакшы түшүнгөн. Анын сүйүү жөнүндөгү ырлары элпек, жатык тил менен жазылып, окурмандын көңүлүн тартып, күүгө келип тургандыгын байкайбыз. Исабек Исаковдун сүйүү жөнүндөгү көп ырларына обон чыгарылып, эл арасында ырдалып жүргөндүгүнүн себеби да мына ушунда.

Акын Исабек Исаков отуз жылдан ашуун убакыттан бери поэзия жолунда көңүлүнөн чыккан ырларын окурмандарга тартуу кылып келе жатат. Ал өзүнүн поэзиядагы алгачкы кадамын балдарга арналган

ырлардан баштаган эле. Азыр да бөбөктөр үчүн чыгарма жазууну нйгиликтүү улантып келатат. Көркөм котормо ишинде да И. Исаковдун эмгеги, нйгилиги бир топ. Боордош элдердин бир далай акындарынын ырларын Исабек Исаков кыргыз окурмандарына тартуулады. Ал котормочулук эмгегин да мындан ары уланта бермек.

Колуңуздардагы бул китеп акын Исабек Исаковдун элүү жаш курагында өз окурмандарына эсеп берген, чыгармачылык белек китеби. Ар бир окурман бул китептен өз көңүлүнө, өз табитине шайкеш келген, өз сезимине таасир бере ала турган ойлорду табат деп ишенебиз.

*Сооронбай Жусуев,*
Кыргыз ССРинин эл акыны

# ЛЕНИН — МЕКЕН ЖАРЫГЫ

## ЖАШООГО КЕЛГЕН ИЛЬИЧ АПРЕЛЬ АЙДА

Тамырын зулумдуктун жулуп алып,
Ташкындап тоо суусундай тунук агып,
Күлүңдөп, мээрим төгүп мейкиндерге,
Гүл ачып, жыпар чачып сулууланып,
Жашоого келген Ильич ушул айда,
Жашоодо өмүр деген тууну алып!

Талкалап азабы курч азууларды,
Багынтып кол жетпеген ашууларды,
АЗАТТЫК, ДОСТУК, ЭМГЕК, ТЕҢДИК деген,
Дүйнөгө бадырайтып жазууларды,
Тарыхка келди Ильич эрдик жасап,
Тартуулап эл, жерине асылдарды.

Отторун революциянын жагып алып,
Байрагын бакыт күндүн тагып алып,
Баатырдык айбатынан, кайратынан,
Жер дүйнө апрелде жаңыланып,
Келди Ильич жер шарынын күнү болуп,
Керемет шоола чачкан таңын алып.

Эңшерип зордук менен ашынганды,
Көтөрүп жоктук менен басынганды,
Кең пейил бакыт берип, байлык берип,

Келтирип күрөш элес закымдарды,
Турмушка келген Ильич ушул айда,
Тоосундай толкундатып акындарды.

## ДҮЙНӨ КӨРКҮ — ПАРТИЯ

Ысмың менен табийгат да кубулган,
Ысмың ардак, улуу, бийик угулган.
Бүгүн аалам өмүр улап баратат,
Азаттык!.. деп нур чачырап туунддан.

Кайырмасы: Толкун серпкен чалкар бакыт деңизи,
Тоодой бийик максат күткөн эл иши.
Доорубуздун акыл, күчү — партия,
Достук, таалай, эркиндик күн жеңиши.

Эч майышпай эрдик жасап чынында,
Төшүң тостуң бороон, селде, кыйында.
Кайратыңды Ленин таптап шумкардай,
Ысмың кетти кылымдардан кылымга.

Кайырмасы: Толкун серпкен чалкар бакыт деңизи,
Тоодой бийик максат күткөн эл иши.
Доорубуздун акыл, күчү — партия,
Достук, таалай, эркиндик күн жеңиши.

Жер шарында улам жаңы таң аткан,
Сен партия өлбөс дүйүм даракткан.
Бүт дүйнөнүн күнү, көркү сен болуп,
Бүт дүйнөнү жеңишке алып бараткан.

Кайырмасы: Толкун серпкен чалкар бакыт деңизи,
Тоодой бийик максат күткөн эл иши.
Доорубуздун акыл, күчү — партия,
Достук, таалай, эркиндик күн жеңиши.



## ИШЕНГИН, ЖУРТУМ!

I

Саатым чакылдап,
Урасың жебеңди.
Мезгилдер закымдап,
Көздөгөн тереңди.

Мен дагы турмушта,
Мезгилден узайын.
Атылып жылдызга,
Алтынын сузайын.

II

Саатым чакылдап,
Мүнөттөр тынбаган.
Максаттар жакындап,
Сезимдер ырдаган.

Мен дагы мекендин,
Музасын тартайын.
Бир уулуң экенмин.
Жүгүң бер артайын.

III

Саатгар тынбаса,
Мүнөтүн каккылап.
Мезгилдер сындаса,
Күлүгүн чапкылап.

Мен дагы канатым,
Бир созуп алайын.
Даркан иш — адатым,
Дайрадай агайын.

Эл, жерим, Ата-журт,
Бар күчүм өзүндө.
Оболоп орноп кут,
Гүл ойноййт төшүндө,
Ишенгин уулуңа,
Ишенич сөзүмдө!

## МЕНИН КҮНҮМ

Көтөрүп тынчтык жүгүн, дүйнө жүгүн,
Ыр кылып эркиндикти сүйгөндүгүн.
Багынтып аалам сырын чечелешкен,
Баатыр салт бакыт тарткан — менин күнүм...

Түпкүргө, келбес жакка сүрүп түнүн,
Тартуулап бакыт гүлүн, жыпар гүлүн.
Тамылжып кары-жашы ак эмгекте,
Таалайым өчпөс кылган — менин күнүм...

Суктанам сулуу таңдын жарыгына,
Суктанам жеңиш жолуң — арымыңа.
Кылымга тете күнүң — алтын күнүм,
Кылымдар сугун артып тарыгыңа.

Көтөрүп байлык жүгүн — бакыт жүгүн,
Ыр кылып эркиндикти сүйгөндүгүн.
Багынтып аалам сырын ачыла элек,
Баатыр салт, жашап жаткан ар бир күнүм.

## КҮНДӨРҮМ ЖӨНҮНДӨ ТИЛЕК

Беш жылдыктын куту үйлөргө консо экен,
Бул турмушта күүлөр угуп күндө миң.
Мөлтүрөгөн мөмө-шактуу болсо экен,
Алп кадамдуу жашап жаткан күндөрүм.



Сапат дедик сарамжалды каректеп,
Үрөн кылып Ильич сепкен дандарын.
Кайда барсак жеңиш сырын даректеп,
Дүңгүрөтүп даңктап эмгек айларын.

Мезгил өтсө өрүш таштап кылымга,
Өчүм бардай өтүп жаткан кылымда.
Из калтырып сезим дилди козгогон,
Ырга айланып турсам деймин жыйында.

Туям баарын журт өстүрдү, бүрдөдүм,
Аппак сүттөй арнап элге дилдерим.
Каалап турсам алып чыкмак бийикке,
Каснеттүү канаты бар күндөрүм.

Билет элим тынчтык менен дос болуп,
Жерде байлык, жерде улуу сыр барын.
Гүл мекенге сүйүү черим козголуп,
Кумарлантат зуулап өткөн жылдарым.

Беш жылдыктын жеңиши үйгө толсо экен,
Бедел кылып ырлар угуп күндө миң.
Ырыс чачкан мөмө шактуу болсо экен,
Алп кадамдуу ар бир өткөн күндөрүм.

## СОВЕТТИК АДАМ

Керекте озуп мезгил канатынан,
Көрөгөч турмуш сырын даана туйган.
Данкодой жүрөк отун суурун берип,
Башынан айкөл мүнөз жаратылган.
— Ким ал?
— Советтик адам!
Байлыгы көл, дайрадай агат улам.

Дооруна достук түзгөн жарыгы бар,
Дүйнө элге мээрим төккөн салымы бар
Жарышып кирпик ирмем ылдамдыкта,
Желден тез ракетадай арымы бар
— Ким ал?
— Советтик адам!
Ар дайым баатырдык салт жалыны бар...

Көөнөрбөй улам кайра жаңыланып,
Жан дилден келечектин камын алып,
Өзгөртүп турмуш салган мейкиндикти,
Жолунда тарых түзөр таңы жарык.
— Ким ал?
— Советтик адам!
Күн сайын кубаттанган карууланып...

## СИЛЕР БАРДА ЖУМУШЧУ

Завод көрсөм,
Көңүл бөлсөм —
Балкып жүрөк өзөгүм,
Жылдыз кабак
балка — жарак
Шаар курган өрөөнгө —
Жумушчу элди сеземин.

Силер барда,
Жоктой арга
Космос барат багынып,
ГЭСтер жайнап,
Болот кайнап,
Курулуш бүт теребел,
БАМдар жатат салынып...

Эмендей бек,
Эмгекке деп,



чыңап турса билегин.
Эл мактанар,
Күн от жанар
Колдор бүткөн темирден
Жумушчу эл деп билемин...

Туу көтөрүп:
— Жүр, өтөлүк!
Тынчтык эмгек урааны
Жумушчу тап,
Күрөштө сак,
Көздөп жаңы белести,
Түркүн өнөр турагы...

Коонтуу күндөр —
Коркунуч түндөр
Өткөн далай башынан.
Жумушчу өзү —
Жеңиш көзү
Кылымдар ак жолдору
Кыраакы өсүп жашынан.

Силер менен,
Алга келем,
Жумушчу калк — тирегим
Силер барда,
Учуп таңга,
Бардык жолум күн болуп
Бактылуу өмүр сүрөрүм...

## ЖЕР ЭНЕГЕ КААЛАРЫМ

Ай, Жер эне!
Ыйык өмүр-тирдигин,
Эстеп көрчү, ай-ааламда билди ким?!
Жарак алып бооруң тытып от койсо,
Жарат алдың тилеп дүйнө бирдигин.

Билет тарых
фашист сага күнөөлүү,
Өрттөп кирди жерди сүйгөн бүлөнү.
Бирок, бүгүн толкун таштап кайрадан,
Токтогон жок планетанын жүрөгү....

Наалат айтып чуулгандуу куралга
Наразы эл... баш кошуп эрк тууларга.
Ай, Жер эне!
Айткын мени корго деп,
Ааламдагы досторуңа, тууганга!

Ленинизм
жашап, курчуп турганда,
Адам каршы атом деген куралга.
Ай, Жер эне!
Тунуп турчу түбөлүк
Тынчтык эмгек, жашыл толкун туланга.

## КОМУЗ СЫРЫ

Дайра күүсү шаңкылдаган үнүңдө,
Жайнап күмүш жаркылдаган күнүңдө.
Суктандырып сага бүткөн сулуулук,
Сайма төккөн тоолорунда, гүлүндө.

Кенчтен бүткөн кереметти кылдарың,
Санжырадай сайрайт кылым сырларын.
Улуу күчтөй камтып келдиң койнуңа,
Унут кылбай бабалардын ырларын.

Жомок кылып бул өмүрдүн тирдигин,
Эч өткөн жок ырсыз, күүсүз бир күнүң.
Айкаштарда, чайкаштарда, күрөштө,
Айтып турдуң тууган элдин бирдигин.



Сен ыйлаттың төгүп күүнү нөшөрүн,
Өрттөп кээде арман өмүр өзөгүн.
Салтанатка чулгап койдуң акыры
Сайрап элдин дүйнө сүйгөн көсөмүн.

## КЕЛГЕМИН

— Эмне иш кылдың, сыймык кылар эл-жериң,
Мезгил сыноо сынайт сенин эмгегиң.
Айтчы досум, айтчы гана замандаш,
Эмне иш кылдың айтчы курдаш мөлмөлүм?
— Жарык турмуш өчпөс чыйыр калтырып,
Жашоо-күрөш, күрөшүүгө келгемин...

## ӨРНӨК АЛАМ САБАГЫНДАН

Тулпарлар дүбүрт таштап өткөн жерим,
Азапта арман жашын төккөн жерим.
Алтындан таза бүткөн топурагың,
Аталар каснет кылып өпкөн жерим.
    Кагылам караанындан дарагыңдан,
    Тууган жер тузуң татып барктап өтүп,
    Тарыхтай өрнөк алам сабагыңдан.

Өлбөстүн өмүр гүлүн сепкен жерим,
Кармашта кастар канын төккөн жерим.
Ааламга азат туусун алоолонтуп,
Октябрь жаз жайнаткан көктөм жерим.
    Кагылам, тоо, сууларың, дарагыңдан,
    Тууган жер топурагың ыйык тутуп,
    Эмгекте өрнөк алам сабагыңдан

Сен бүгүн достук жери, жемиш жери,
Эмгекте улуу тарых — эл издери.

Дүйнөгө ленинизм жаркып барат,
Улуу күч, мээрим чачып жер биздеги.
Кагылам, чырпык, талың-дарагыңдан
Тууган жер ыйык сактап мекен чебиң,
Өмүрдө өрнөк алам сабагыңдан.

## КОММУНИСТТИК ИШЕМБИЛИКТЕ

### I

Бир кишидей бирдик менен, дил менен,
Байкап көрсөң баатырдык салт миңдеген.
Коммунисттик ишембилик дайраңда,
Аккым келет Ай, Күн болуп күндө мен.

Деңиз болуп адамдардын кыймылы,
Толкуп, ташып, дабан жарып сыймыгы.
Жер шарына көз ирмемде зымырайт,
Жергемдеги бакыт жашоо чындыгы.

Жүздөр шаттуу ойноп күлкү нурлары,
Ырыс күтүп ырдайт арча кырдагы.
Коммунисттик ишембилик сен менен,
Кылк-кылк этет элдин кызыл туулары.

Тартуу кылган таалайымдын мөмөсүн,
Күндө жаңы гүл өлкөмдөн көрөсүң.
Жайнап байрак ишембилик өзүңдөн,
Жаркытасың Лениндин элесин...

Сезимимде тилек, ойлор жыйнаган,
Чынын айтсам жер асманга сыйбаган.
Тоодо чабан, станокто жумушчу,
Карап турсаң иш кыймылы тынбаган.



Шаар куруп, каухар, сулуу берметтен,
Байлык күтүп бакыт үйүн терметкен.
Сырлар ташып, сыймык күткөн эмгекчи эл
Сыйкыры күч Коммунисттик эмгектен.

### II

Ушул күнү укмуш, сонун жаңылык,
Улуу өлкөнүн добулбасы кагылып.
Жер шарынын уч кыйрына күү болду,
Жеңиш... Эмгек... Тынчтык деген жаңырык.

Ушул күнү мекен шаңдуу сырга бай,
Ушул күнү токой, талаа ырга бай.
Кайрат ташып, кайнап турса иш деген,
Калкым сени кантип турам ырдабай.

Тагдыр таңын мага берген энчилеп,
Жүрөк күүм бир башкача чертилет.
Ушул күндүн ыйык учкул максаты,
Көз жетпеген бийиктикке серпилет.

Ишембилик генийи Ленин баштаган,
Улуу деми күнгө тийе жаздаган.
Миллиондор бир багытта агылып,
Эмгек майрам эрдик кадам таштаган.

## ТУУГАН ЖЕР ДАСТАНДАРЫ

(поэма)

Алтын-Булак, Ичке-Булак, Чоң-Булак,
Алп толкундай жылгалардан «кол курап»,
Адам пейлин тоого теңеп, көрк берип,
Агып жатат айлыбыздан мөл булак.



...ртная
...иотека
323039

Агышында, дабышында намыс бар,
Дир-дир этип ырдап бийик камыштар.
Көбүк чачып көкөлөтүп көңүлдү,
Көз алдыңдан өтөт күлүк жарыштар.

Билем баарын кайнап агын булактар,
Анда калган ойноо кез-жаш куррактар.
Кыз кезегин ойлоп эркин сенде өткөн,
Бүгүн мына гүл жээгиңде турат жар.

Сүйүп жерин миң кайталап ойлонот,
Толуп кеткен гүл даракка ой, колот.
Тээ кыяда, кербен учкан бийикте,
Такси барат учкан куштай ойдолоп...

Жылдар-жылдар... жыл эсебин аттаса,
Баары өскөн, баары бүгүн башкача.
Үч булакта үч өмүр сыр билгенге,
Ал кандай сыр?!
Акын ыры айтпаса...

Алтын-Булак, Ичке-Булак, Чоң-Булак
Бермет тамчың жылгалардан мол курап.
Тагдыр болуп жашообузга, өмүргө,
Агып келдиң айлыбызга жол курап...

**СУУ**

I

Ичке-Булак боз адыр тоо
Чокусунда мунара,
Көктү жирел, көз кайкыткан
бийиктигин сураба.
Вертолетто мунаранын
ташып түркүн тетигин





Ой, айтпагын! Кыйнап иштеп,
ошондогу убара...

Ичке-Булак — тоо жонунда,
бийиктикте, кыл учта,
Алыс жактан көз жүгүртсөң
окшоп оттуу мурутка
Нур чачырап жалт-жулт этип,
күйүп теле мунара
Тик сайылган тулку бою
агып жаткан булутка.

Ушул чоку бийиктиктен
карап түштүк тарапка,
Күз күн чакта туш болосуң
саргыч дециз канатка —
Ал ак буудай ыцкып жаткан
жел аргыга чайпалып,
Жайда жашыл көркүн кийип,
толкуп ыр, күү санатта...

Ичке-Булак бийик тоо жон —
чыгыш түштүк тарапта,
Маржан тамчы ойноп агып,
цемент арык — табакта
Бир кездеги жабыр тарткан
кунарсыз жер — куу жайыт,
Насос суудан көлбүп чөбү,
айланган ал манатка...

Ичке-Булак — боз адыр тоо
жанган чырак отуңдан,
Маанай күтүп бейкут кечте
кыл чокунда олтургам.
Кыйноо турмуш, сокур намыс,
байлар жанды куруткан,

Кыялымды кылым эстээр,
өткөн сырга толтурам.

Ага күбө Ичке-Булак —
тирүү тарых биздеги,
Али турат, даана өчпөй
баскан тарых издери.
Адам — тагдыр, мезгил — тагдыр,
өлчөп адил тараза,
Айтайынчы анда эмесе
дастан сырын ичтеги...

II

Тамчы суу жок, тансык катып,
Ичке-Булак жондору,
Жатса күйүп, ийри тартып
боз чаар жылан жолдору.
Кыян алып кемер жардай,
адыр беттер тилинип,
Жатса эскирип, кык жыттанып
эзелки таш коргону...
Боз адырлар чөлдөп ыйлап,
кыртыш бетин таз кылган,
Сарыбайдын сансыз малы
тепсеп жансыз таш кылган.
Бүгүн мына ошол аймак
көтөрүлүп күү төгүп.
Кең пейил эл канал куруп,
өмүр берип жаз кылган...

Айтсак өткөн зар заманды
ошол чекир Сарыбай,
Өттү-кетти жашоо күндө
өмүрү эч жарыбай



Сансыз түлүк сап-сап болуп
жайылса да адырда,
Жашачы экен кир кийимчен
көйнөк көөсү сарымай.

Кийген кийминц «жууса кетип»,
анын жыйган байлыгы,
Өрткө айланат имиш кирдеп,
алтын дилде сандыгы
Ошон үчүн чор кекиртек
болсо мейли өмүрдө,
Аткарылса болду ыйык
ак Эшендин жардыгы.

Ак өргөдө жатса доңуз
ал Сарыбай күзүндө...
Аян берген имиш айтып
«Кыдыр даарып» түшүндө.
Өз айлынан — көчөр журттан
же кулубу, күңүбү,
Жек көргөнүн жоготуу керек
жети күндүн ичинде.

«Жек көргөнү» ошол кезде
Болду жетим Кубатжан,
Өгүз минип Сарыбайга
суу ташуучу ыраактан...
Буйрук бир күн орундалды
«жоголду» ошол жаш жетим,
Суу алганы келип кечте
ушул Ичке-Булактан.

Кул күнүндө байкуш жетим
эчни гана көрбөду,
Самтырак тон, бутта чарык,
көк бит басып өрдөду.

Кыян жүрүп, кирдүү келсе
чаначта суу чайпалып,
Эркс токол кулагын үзүп,
көз жашы анын көлдөдү.

...Ошол кезде «дым жоголгон»
ташка «өлтүргөн корумдап»,
Кубат тирүү насосто иштейт
Ленин оюн орундап...
Сарыбайдан качырышып,
Сергей деген досуна
Зор кагылыш күрөш отто,
максатты алган моюндап...

III

Суу насосу... Мотор анда...
миң сан тетик бурама,
Алп станок, ок барабан
айланганын сураба.
Аппак чоң үй... Станция
кубат алып ток менен,
Чимирилет майда шарлар
баш иййп ток «дубага»...

Суу насосу.. Суу айдагыч
сыйкыр күчтөй жаралып,
Суу гана эмес, too байлыктар —
мөлтүрөгөн дан агып.
Күр-күр этип, дүң-дүң этип,
жаңырыктап айлана,
Суу тозону булут сымак,
күмүш чачат агарып...

Кубат ачат ойлоп кээде
өткөн күндүн барагын,



...Анда жүрөт мыкаачылар
жалаңдатып жарагын,
Анда жүрөт муңга батып,
бир гана эмес миң киши,
Эңсеп тилеп, келсе экен деп,
теңдик берер заманын.

Жомоктогу жез тумшуктар
түнөк кылган жер турат,
Бирин бири зулум күчтөп
сүйөп турган эл турат.
Адам сөөгү сөп болсо да
анын улап тагдырын,
Үмүт-үмүт үзбөс жибин
ашар бийик бел турат.

Сепек болуп катып калган,
жер коюнун эриткен,
Ким болду экен жашоо өмүр,
шыбагасын берип кең...
Самаганын берип колго,
даңгыр жолун жаркытып
Баатырдыка үндөп элин
бизде жеңиш дегизген.

Ал партия — ал Ленин,
басар жолдун маягы,
Айта берсе бүтпөс анын
өчпөс эрдик баяны
Алар барда өмүрлөр да
өлбөстүккө айланып,
Мүрөк суунун дарыядай
ташкындаган карааны...

Ошол ташкын дайра сууда
Кубат сүзүп баратат,

Колунда ачкыч бакыт табар
каалаганын жаратат,
Бала кези бороондордо
өтсө көзүн ачалбай,
Бүгүн жарык, бүгүн шаңдуу
түнөрбөгөн таң атат.

IV

Тракторун минип Кубат
казып Кеңеш каналын,
Ким билиптир бул аймакта
дайра төргө агарын.
Ким билиптир баатыр болуп,
жакын болуп эмгекке
Жаркылдатып көп орденди
көкүрөккө тагарын.

Суу насосу тоо үстүнө
баштап улуу жетегин,
Ким билиптир боз адырга
мөңгү суусу жетерин.
Станцияда иштеп Кубат
кранникке көз салып,
Кнопка басып, винтик бурап
сүйгөн канал өзөнүн...

Пайда болсо тройникте,
муфтада суу агыны,
Канал менен бир бүткөнсүп
анын жүрөк тамыры.
Маятникке көз от таштап
суу өлчөмүн эсептейт
Өзүнчө эле ичтен ырдап
артып эмгек арымы...



Эстейт анан Шамен боюн —
эски арыкты суу аккан,
Кол күч менен арык казып
чеке терин кулаткан
Лом темирлер, кол чукулук,
кол араба таш ташып,
Айтпа иш күнүн... Кыш маалында
тоң жер буусун бураткан.

Эстейт дагы тиктегенин,
булутсуз көк асманды
Эстейт улам жамгыр жаабай
талаа күйгөн чактарды.
Казып жаткан каналга эл
зарыл болуп абадай,
Стаханов кыймыл күчтөр
улам күчөп жатканды...

Чаккан кезде жырткыч фашист
жылан окшоп канга шык,
Кетмен, күрөк, лом темирин
автоматка алмашып,
Эстейт Сатар, Курман, Ильяс
көп майдандаш досторун,
Калгандарын денелерин
танка, бомба, жар басып...

Бирок алар тирүү кездей
ак кар музда дем берип,
Тээ бийиктен, мөңгүлөрдөн
күүлөр коштоп термелип,
Келди ак дайра чоң каналга,
талааларга, жайыкка,
Күндү коштоп алоолонуп
кубат берип шерденип...

Уктап жаткан ак булутту
тоо желинде ойнотуп,
Уктап жаткан керендикти
экскаватор ойготуп.
Алып келди токчулукту
элдер күткөн бакытты,
Алп дыйканга, кужүрмөнгө
ак дан тоосун бойлотуп...

V

Жаңы доор жакшылыкта,
күнгө алпарып адамды,
Кубат баатыр насосто иштейт
болчу жетим карацгы...
Бала кези байда жүрсө,
өгүз минип суу тартса,
Жер-сууларга ээлик өзү
эргип шилтеп кадамды.

Атырылып үч кулак суу
«Сарыбайдын журтуна»
Толкуйт эгин, толкуйт беде
тоо суусуна гүл туна.
Жүздөр жарык, максат бийик,
адамдар дос, бир тууган
Жүрөк дене миң умтулуп
күн чокуга, күн тууга...

Ичке-Булак шылдыр агып,
сайма тагып жашылдан,
Өткөн кордук азап тагы
Жер алдына жашынган.
Катарында суу насосу
жашоо күнү өмүрдүн
Ак тамчылар бакыт болуп,
ар бир үйгө шашылган.



Анан дагы бөлөп данга,
бөлөп сүткө айдыцын,
Адамдарга өмүр берер,
айтып тынчтык жардыгын,
Карамолдо терип черткен
«Колхоз күүсү Камбаркан».
Ташкын жатты суу насостон
мактап элдин байлыгын...

Колхоз күүсү сезимдерди
бийиктерге жетелеп,
Алып барат боз адырга
күз боёгу кетелек —
Ал жерлерди комбайн чаап,
жүрсө шандуу күрүлдөп,
Ичке-Булак шыңгыр агып
күүсүн чертет күлүңдөп...

## АЛМА

I

Ак сүт нур чачкан берегн,
Алоолоп кызыл желеги,
Ардагым Алтын-Булактын,
Асылын көргөн эл эми.

Жаңы өмүр — улуу Октябрь,
Жаадырап көркөм чачса нур.
Жакшылык берип Жер, Суута,
Жайнады бүгүн шакта нур.

Дудукка кайра тил бүтүп,
Булбулдай таңшык үн бүтүп...
Маанайлар жарык чачырап
Мандайга жыпар гүл бүтүп...

Көмөкөй ачык, дил барда,
Көз таштап өткөн жылдарга
Сыр түйүнү уксак бир кызык,
Сыр жомок бардай кумдарда...

II

...Ал кезде Алтын-Булагым,
Жандырса деле чырагын
Азыркы кездей мөмөгө,
Аз болчу артар кумарым...

Айтылуу анын себеби,
Ар кимдер билбей мөмөнү.
Байлык күч жалаң малда деп,
Байланып козу көгөнү.

Чаканы илип каруга,
Чекеден ак тер агыла.
Чүй, көлдүн өрүк, алмасын,
Чуркадык сатып алууга.

Алма, өрүк толгон араба,
Ал кезде... ойдо, санаада.
Бур этсе жыты жемиштин,
Буркурап жыты талаада...

Көрбөсөм мурда кызыгып,
Сезимде ойлор сызылып.
Ак алма түшкө кирүүчү,
Асманга мени учуруп...

Даамынан татсам, даамыгын,
Жер сыйкыр... мени даарыган.
Алмалар сүйкүм болучу,
Артыкча болуп баарынан



Шилекей агып оозуман,
Суктанып Мамей коңунам.
Карагам алма базарын,
Карагоо бийик коосунан.

Кыялга батып кээ бирде,
(Кырчын тал чырпык өмүрдө)
Үчүгүн ошол саптардын,
Унутпай айтсам көңүлдө:

«...Ак таштын жатат канчасы,
Ак алма болуп калсачы.
Манаттай балдар айылда,
Машыркап терип алсачы...

Кызыл түс Кыргоо чоң тоосу,
Кызыл түс алма болсочу.
Кызыгып терсе бир тынбай,
Кыздарда этек толсочу...»

Алма деп күчүм ташыган,
Мүнөзүм кантип жашырам.
Көз отум өтчү киреден,
Көп алма, өрүк ташыган...

Кай бирде кары Ташыга,
Суроону берсем ашыга:
«—Чыныдай кызыл алмалар
Чыгат деп чийдин башына».

Күлүүчү кээде жайдары,
— Көрбөгөм эгип алманы.
Колумдан келет асырап,
Көбөйтсөм мына мал жагы...

...Анда мен ондо жаш элем,
Ак жайда көлкүп жаш өлөң.

Алма эмес, арпа дүмбүлүн,
Алчу эмес эгин ата-энем...

Жээниме барсак Чүйдөгү,
Алма бак... токой үйлөрү...
Таң калгам татып өрүктөн
Тергенде чечип күрмөнү.

Алмурут, алча, бадыраң,
Шабдаалы тоюп абыдан...
Суктануум артып, а кийин,
Мөмөнү далай сагынгам...

Кудайдын экен буйругу,
Сезимим сүйкүм туйдубу?!
Апаппак экен мен жесем,
Айтышты жердин куйругу.

Канчалык татсам канбадым,
Канчалык жесем танбадым.
Жүрөккө тийбес эч качан,
Жүлүндө даамын кармадым...

Жер куйрук аппак кызыгы —
Картошкө экен ысымы.
Кесмеге салсаң бал татыйт,
Келтирс кошсоң тузуңу...

Жерде өсөт экен сабактап,
Гүлдөрүн ачып чанактап.
Түшүмүн алсаң бир башка,
Түгөнбөйт чака, табактап.

А бизде аба ырайы,
Алп жердин болуп «кудайы».



Алма, өрүк тургай бал таткан
Ачыгын айтсам, садага,
Чыкпаган кызыл куурайы...

III

Канча жыл өтүп арадан,
Өзгөрүп мезгил заманам,
Ак алма көрөм шак ийген,
Куурай-чөп чыкпас талааман.

Ак уздун келип саймасы,
Ар кимдин гүлдөп чарбасы.
Ардагым Алтын-Булактын,
Албырат кызыл алмасы.

Менде да ойлор кайнаган,
«Жер куйрук», мөмө айланам...
Асырап бакса багбан эл,
Ак туурум — Алтын-Булакта
Азыр...
Арпасы бышып июнда
Алма, өрүк, алча жайнаган...

Агро, дыйкан өнөрүн,
Аңдасам мындан көрөмүн.
Агып суу Алтын-Булакта
Алтындан тагып кемерин...

Өзгөртүп жердин келбетин,
Мөмөлөр төктү берметин
Жүз жашка келген Ташы да,
Жүз жолу айтат келмесин.

Табийгат-байлык дөмөөрүм,
Баш ийип түшүм төгөрүн,

Байкадык, асем өстүрсө,
Помидор өрттөй кызарып.
Жаңгак да бышып өнөрүп...

Көл, Чүйдөн күтпөй алманы,
(Көкүрөк сезим жайдары)
Ак эмгек менен мөмөлөр,
Ата Журт — Алтын-Булакта,
Азыр да айтсам жайнады...

IV

Атагы алыс дүңгүрөп,
Асмандан ачык күн күлөт.
Шаарча болуп ата журт,
Шамынан жарык түн күлөт.

Өзүнчө куруп салтанат,
Өмүргө тунуп чар тарап.
Чубалган узун жолдору,
Бир тагдырга алпарат...

Ал тагдыр — өмүр курап ал,
Ал тагдыр — Алтын-Булак ал,
Ай, тууган ыр, күү бар чакта,
Баратат улуу максатка,
Ата журт сырын улап ал...

ЭСЕЙ

I

Чоң-Булак атыңды атап булак десем,
Өзүмдү өмүр жолдо, кубат сезем.
Укмуш зор чексиздерге канат керип,
Учкундан улуу жалын улап кетем,



Улап кетем,
Көрсөм деп гүл жаштыгың сурап кетем.

Бала кез издер калды сенде десем,
Өзүңдөн наар алган өмүр кесем.
Толкундуу бакыт куруп зор күч бердиң,
Тоону да көтөрөйүн көтөр десең...
Көтөр десең,
Көөнөрбөс кайратыма кайра жетем...

Дүйнөдө булактар бар нечен-нечен,
Комуздай үнү кайрык булбул чечен.
Жүрөккө уютулган жомок болуп
Сырым бар замандашым угам десең,
Угам десең
Учуп мен мейкиндиктин кыйрын кезем...

Анда бар айтылбаган сырлуу күүлөр,
Анда бар тартылбаган ырдуу күүлөр.
Анда бар үмүт улап келечекке
Эмгекте эрдик жасар сындуу күндөр
Сындуу күндөр
Өмүрдү өргө тартар сыйлуу күндөр.

II

Кан күйгөн согуш өртү өчүгүшүп,
Кээде ал келчү көмүр өчүрүшүп.
Уста ата алкап аны Эсей эр деп,
Сүйлөшчү курбусундай эзилишип
Эзилишип,
Кээде алар күздө араң кезигишип...

Чөп маалы жабдык жетпей болсо азап,
Кээде ал уста экөөлөп айры жасап.
Бир тынбай чөмөлөдө иштеп жүрүп,

Дечү эле: «Фашистке өлүм! Бизге азат!
Бизге азат!
Бактылуу жеңишти алып, бейкут жашап!»...

Жаз айы соко минип, мала тартып,
Жолунан жылан чыкса жара тартып.
Ар кыл иш: бирде отоо, бирде сугат,
Ар жактуу аракети барат артып!
Үлгү, татык,
Мүнөзү кичи пейил, элпек жатык.

Чоң-Булак... Кызыл тоонун белесинде,
Кой саалат, козулар маарап энесине
Мында да Эсей жүрөт бут сыздатып,
Жыңайлак... жаан.. көгөн желесинде,
Эне эсинде,
Кыймылдап анын сыйкыр кеңешинде.

Жазында айдап кош ат арабаны,
Бул Эсей кең талаада сабалады
Суусунан Чоң-Булактын кана жутуп,
Кээде ал мал чарбасын аралады.
Аралады,
Малсаак деп алкап турду абалары...

Күзүндө эгин басса кырман сайын,
Темирге Эсей барат, Эсей дайын,
Өткөрүп баштан далай эмгек күнүн,
Эпкиндүү өтөй берчү кышы, жайын.
Эстүү дайым,
Эл айтат: «Өмүрлүү бол, кагылайын»...

Капчыгай муңдуу ырдап булак дагы
Эч кетпейт шыңгырагы кулактагы.
Ал шыңгыр: күтөт жоокер атасын, дейт,—





Баласы, баалап күткөн ынак жары,
Нур ак таңы
Кыйында өзүн өзү сынап дагы.

III

Келатса айран артып өгүз менен,
Ылаалайт, араң басат өгүз деген.
«Көкөйгө согуш сөзү суук тийип,
Балалык өтүп каар өрүш менен.
Тагдыр ченем,
Кээде сен жарга урунткан деңиз белең»...

Бала ойлойт ушуларды кыял учат,
Закымдайт, тээ бийикте намыс качып...
Фронтто атасына сагыныч артып,
Кусалык сезим өрттөп, ойду кысат.
Ойду кысат,
Элеси атасынын улам узап.

Мынакей эки ай болду учет жазып,
Күнүгө жакага анан айран ташып.
Келатса катуу жаан сыйгалакта,
Көк өгүз көмөлөндү жаза басып.
Жаза басып,
Көнүмүш кадамынан аша басып...

Ыңырчак өгүз жондон жылып кетти,
Үзөңгү сол чаначты жырып кетти.
Оор тартып өгүз жону жер чийгенде,
Оң чанач он капталга кирип кетти.
Кирип кетти,
Ак жуурат сар чаначтан тыйпыл агып,
Ылайга сиңип кетти, ирип кетти.

Эс кетип Эсей анда туруп калды,
Баткакка бир капшыты тунуп калды.

А өгүз сыйгаланып төмөн жүрөт,
Туралбай төрт аяктап туюк жарды,
Сүзүп жарды
Жүрөгү бир шумдукту туюп калды.

Ак жуурат чопо ылайга аралашып,
Эсейди бир заматта санаа басып,
Колу ылай, көктү карап ачууланат,
— Бул жамгыр кайдан төктү кара басып
Кайгылуу басып,
Анан дейт: — көк өгүздө эмне жазык?!

IV

Кээ бирде айран келчү, кымыз келчү,
Кубанткан сайран келчү, ырыс келчү.
Бакылдап чөп чабыкта иштер кычап,
Балдарга кыйын-кезең турмуш келчү.
Турмуш келчү,
Туубуз деп ак эмгектин күүсүн берчү.

Береги кызгылт тоолор, кызгылт белес,
Келтирет көз алдыга нечен элес.
Тутантып туйлап жаткан кыжырыңды,
Турмушта не кылбады согуш келес...
Согуш келес
Жер шарда керек эмес, керек эмес...

Дегенсип ар бир сезим, ар бир жүрөк
Адамды ак тилектүү төргө сүрөп.
Талаада чабык жыты бур-бур этип,
Талпынат жаш канат-күч кайрат үрөп,
Кайрат үрөп,
Фашистти жеңүү салтын кайрап бүлөп...

Чынында балдар өзгө ачка болуп,
Чымчык да чыйпылдады ташка конуп.



Кай бири кайнап ичтен чебелектейт:
— Эсейдин бул кылганы акмак жорук
Ашкан жорук
Бетинде кызгылт нурлар калбай онуп...

V

Жетмекке чөпчүлөргө айтып баарын,
Жууиду, тазаланды, көрүп камын.
Чоң-Булак күңүрт тартып агып жатты,
Жаанга жагалдантып аккан шарын
Аккан шарын
Жаңыртып тоо жамгырга баткан шаңын.

Багыты: Кызыл кырлар, Байтел-Арык,
Күнүгө айран ташып көөнү жарык.
Чөпчүлөр күтөт тоодон жаш баланы,
Көрүнсө сүйүнч күткөн оту жанып,
Турары анык
Көпчүлүк кандайдыр бир кубат алып...

Чөпчүлөр азыр да жол карай берди,
Кээ бирөө чөнтөк саатын карай берди.
А Эсей мурдун тартып өгүз менен
Келди кеч, ыйлап тиктеп талаада элди.
Карай берди,
Тепкилеп бирде өгүздү, бирде жерди...

— Ой, бала!
Айран кана, иче турган,
Же жолдон зордодубу бир ант урган?!
— Жок байке, жок аталар өзүмдө айып
Өгүзүм тайып кетип Кызыл-Кырдан,
Бийик кырдан
Жарылды чаначтарым маанек кылган.

Болгонун безеп Эсей айтып жатат,
Кээ бирөө — Тапан анык, тантып жатат...
—Жүз литр жууратты ынак кой сүт берген,
Айткыла баарын шумпай кантип катат?
Тилек катат,
Анда бул арамдыктын уусун татат...

Бир кезде фронтовик Берди келип,
Эсейге күпүлдөдү улам сөгүп,
— Чөп жыйнап, эгин таптап, малды багып,
Күн-түнү иштөө мончок терди төгүп,
Терди төгүп,
Ал билсең каармандык, касты жеңип...

Ортодо оттой жанып кайнап Берди,
Сүйлөсө сүрү күчтүү айбат берди.
— Бир чөйчөк айран жок деп ындын өчпөй,
Бүгүнчө буугула бек кайрат белди!
Күчөт демди!
От каптап жаткан чакта элди, жерди.

Кээ бири кыжыр күчөп каргап жатты,
Кээ бири өз ичинен талдап жатты.
Эсей да ак ишине күйүп-жанып,
Чын айтсам ишенбейт деп арбап жатты,
Арбап жатты,
Түшүнбөй эки ортодо мээлер катты.

Бала анда буурчак-буурчак көзүн жаштап,
Көк тулаң чабындыга боюн таштап.
Айрансыз калды бүгүн чөпчүлөр — деп,
Жазыксыз кара жерге кире жаздап
Үнү пастап:
— Баарыңар күлөсүңөр какшык таштап?!

— Чоң-Булак жаанчыл баткак, айдарымдуу,
Андыктан этиеттеп айраныңды...



Апкелсең чөпчүлөргө, фашистти аткан
Ок болмок, сыйлап мекен ардагыңды,
Ардагыңды
Көр дагы майдан үчүн бар камыңды...

— Экинчи болбойт мындай байкап жүрөм
Апсыз да өкүнч башты чайкап жүрөм.
Болбогон жаан кезде, тайгалакта,
Болорун бул кырсыктын кайдан билем?!
Кайдан билем?!
Силерден кечирим сурап, башымды ийем.

Бакып дос бадырактан жегин деди,
Курсагың ачса керек сенин деди.
Ан сайын курдаштыктын күүсү күчөп,
Артылып тургансыды мээрим деми
Мээрим деми,
Баш алып Байтел-Бойдун эгиндери...

— Койчу эми кайгырбачы, Эсей курбум,
Мындан соң милдетиңе бекем тургун.
Сойгокто самын таштай жылмыштыгын,
Айрыкча Чоң-Булактан мыктап туйгун,
— Досум, туйдум!
Эсеп чыгар бир күн жуурат-кундун.

Чөп көктөйт, адамдар да өсөт улам,
Булак суу дайра экенин сезет улам.
Эсей да тамыр байлап жаш дарактай,
Балалык журттан нары көчөт улам.
Болуп улан
Жергемде жетик тарткан сөзүн угам...

VI

...Айткансыйт учкул мезгил келчи мага,
Өткөн көп кайрыктарың берчи мага.
«Эшкиндин» башкармасы окуп келген,

Ал кезде айран ташып келчү бала,
Келчү бала,
Эми азыр эл байлыгын берчү бала.

Иш үчүн көкүрөгүндө күйүү жатат,
Иш үчүн уйку көрбөс түнү жатат
Жакындап барган сайын Чоң-Булакка,
Жылмайган балалык кез күнү жатат,
Күнү жатат,
«Фашист»!—деп кээри ташкан сүрү жатат.

Эл, журт деп эртеңкинин шамын алат,
Эл, журт деп эрдиктердин камын алат,
Эссейдин эмгек десе эт жүрөгү,
Эки эсе күчкө толуп жалынданат
Жалынданат
Эрикпей таңын тосуп, жаңыны алат.

Киндиктеш Чоң-Булактын суусу менен,
Сапаалаш асманга учкан куусу менен,
Жаштыктын жалындаткан улуу күчүн
Көрктөнтүп алтын, күмүш буусу менен,
Даңкы менен
Кебелбес зор жеңишчил туусу менен.

Чоң-Булак... Чоң Ак Сарай, турат желек,
Саан уйлар сүтүн берет челек-челек.
Зыпылдап «Молоковоз» күндө үч каттап,
Кыдырып башкарма да үч ирет келет.
Үч ирет келет
Бал таткан балалыгы өскөн жерлер
Баарынан кымбат сырдуу элес берет.
Элес берет
Ал Эссей колхозчу элге кеңеш берет...



## БИЗ ҮЧҮН

Көкөлөп көктө учуп жүрсүнчү деп,
Балдарым бак аралап күлсүнчү деп.
Мээримин артып улам эл, жеринде,
Мекенде бакыт өмүр сүрсүнчү деп.

Аталар асман кезип сабалаган,
Аталар ажал отун аралаган.
Кан майдан жеңиштерин камсыз кылып,
Кастардын как жүрөгүн жаралаган.

Чалкыган талаа байлык төксүн үчүн,
Чарк уруп торгой сайрап өтсүн үчүн,
Чөмүлүп байлыктарга Ата Мекен,
Чөлдөргө дарак гүлдөр өссүн үчүн,

Аталар аянбастан жанын берген,
Адамга өмүр болуп жалын келген.
Дүйнөнү дүңгүрөтүп жеңиш сөзү,
Сүйүнтүп сүт нур чачкан Айым келген.

Сүйүүсү кыз-жигиттин өчпөсүн деп,
Жадырап жаз айындай көктөсүн деп.
Туурумда тутка болуп жаш өмүрлөр,
Желмогуз жерим каптап кетпесин деп.

Кармашта тоого айлантып белде карды,
Аталар танк алдында жерде калды...
Ааламга адилет ишти даңазалап,
А бирок, атак-даңкы элде калды.

## ЭНЕКЕ

Энеке!
Сен деңизсиң күр-шар эткен,
Мен тамчың жыбыраган бермет төккөн,
Чуудадай булут болуп капатында,

Жүрөмүн кең тоолордун арасында.
Мекенде каалап калсаң айдың болуп,
Төгүлөм көнөктөгөн жамгыр болуп...

Энеке!
Сен дараксың мөмөлөгөн,
Мен бутак жалбырагын себелеген.
Жытыңа жыпар чачкан кумарланып,
Мынакей, керемтин турам канып.
Өзүңдөн тамыр жайып алыстарга,
Барамын эрдик кылар намыстарга.

Энеке!
Ак шооламсың жанып келген,
Ааламга бар мээримиң алып келген!
А менчи, бир үзүмүң болуп сенин,
Тээ алыс туюктарга канат кергем.
Тоо бузуп, зымырасам жылдыздарга,
Ал сенин сыйкыр күчүң кубат берген!

## КЫРГЫЗ ӨМҮРҮ

Көп өмүрү ыр канатта узарды,
Көп өмүрү келтирет ый, ызамды.
Тарых билет таптап жерге душманын,
Таалайыбы! Таң нурундай кызарды.

Тоолор жатат бир-бирине төшөлүп,
Даана кыргыз мүнөзүбү көшөрүп.
Канжар мизден далай ирет кан акты,
Душман өлүп, тууган өлүп — өз өлүп.

Бабаларың куруп далай жыйынын,
Айткан эчен акыл сөздүн жыйымын.
Ат дүбүртү азыр дагы угулуп,
Кылымдардын басып келет чыйырын.



Сен канчалык устат болсоң ишиңде,
Жатат алар замандардын изинде.
Көп өмүрүң жардай урап жалп этип,
Өттү майдан кандуу кылыч мизинде.

Ай, тарыхчы, бул кыргызда улама,
Болмуш-жомок, эрдиктерин сураба!
Көп өмүрү өтсө зоодо, кыяда,
Көп өмүрү өттү шумкар уяда.

Сен ажырап жоодо жигит, уулдан,
Көз жаштарың көл дайрага жуулган.
Дубанда жок күлүк таптап учурсаң,
Дүбүртү анын жанар тоодой угулган.

Сен алышсаң ташкындаган кыянда,
Океандай окторулду кыял да.
Отко түшүп оттой чарт деп атылып,
Жашыл гүлдөй жайнап өстүң тулаңда.

Бирде өмүрдүн жазы келбей, кыш болуп,
Бирде кыйын туңгуюкка туш болуп.
Бирде кыйрап, бирде кайра күч алып,
Көккө атылдың зыпылдаган куш болуп.

Ат жалында эркин өсүп жеткилең,
Айбат алган үрөндөрүң септи кең.
Туюктарда жаткан оюк, ор болуп,
Туяк жарган казан издер деп билем.

Мунар тоолор алып келген сыйыңбы,
Билет алар өткөн кайгы сырыңды,
Бүгүн мына төрүндөсүң бакыттын,
Таң шооладай чачыратып нурунду.

## ЧОҢ ТУЗ САНАТОРИЯСЫ ЖӨНҮНДӨГҮ ЫР ҚАЙРЫКТАРЫ

### ТУЗ ТООЛОРУ

Қызгылт тоолор, жашыл тоолор, ак тоолор,
Қереметтүү кенден бүткөн алп тоолор.
Тузду уютуп, качан, кантип жаралдың,
Санжыргалуу сырларыңды айт, тоолор!

Эгештерде улуу Манас, Ак-Қула,
Эргип өткөн жолдор мына, так мына!
Қырк чоронун гүүлдөгөн дүбүртү,
Туз тоолорун сүрөгөнсүйт бактыга.
Булоолонот боз адырлар боёктуу,
Турна көздүү жамгыр төксө ак була.

Булагың көп түркүн ысым санасам,
Толуп жатат кенден бүткөн «тамашаң»
Элге дары, денге дары, кубантчу,
Этегиңде атып чыкты Арашан[1].
Туюндурат келечегин керемет,
Туз кыштагың, Ара-Көлүң карасам.

Энекемдин кызгылт шоона жибиндей,
Эски коонун кыяп изи билинбей.
Адыр жондор айкаш жасап тептегиз,
Асыл уздун кооз жыйган жүгүндөй.
Туз тоолору боз чап болуп аяктайт,
Боз куурайлар тентек желге дирилдей.

Этегинде аппак үйлөр салынып,
Көчө көрктүү Туз кыштагы жаңырып.
Тоо аралап жогорку вольт — мамылар,

[1] Арашан — Фрунзе — Нарын трассасында Туз тоолорунун этеги — Боз-Бекет тарапта 50 градус ысыктагы Арашан суу атылып чыккан. Ал окумуштуу адистердин изилдөөсүнө караганда дарылык касиетке ээ.



Ильич шамы чокуларда жагылып.
Туз капчыгай толкун күүгө бөлөнөт,
Торгой тилдүү булак сырдуу агылып.

Ай, Туз тоолор — Кочкор тузу, ардагым,
Даамың татып, өзүңдөн көз жаргамын.
Төрт түлүгүң билем алыс жүрсөм да,
Төрт мезгилде жон билинбей калганын.
Дарылыгың даңктап алыс бүгүн сен,
Билем бийик дабанды ээлеп алганың.

Қызгылт тоолор, жашыл тоолор, ак тоолор,
Қереметтүү кенден бүткөн алп тоолор.
Қагылайын киндик кандуу Мекен жер,
Карааныңа жолобогон жат, тоолор.
Тузду уютуп качан, кантип жаралдың,
Санжыргалуу сырларыңды айт тоолор?!

### ТУЗ ЖЕЛИ

Штольныйда эркин басып баратып,
Туз желинен өмүр шоола жаратып.
Бийик максат, тилек күткөн адамдар,
Билбей калат калгандыгын таң атып.

Тийип жаткан эл, жерине үзүрү,
Чоң мекендин сен бир ыйык үзүмү
Алтын жердей айыл мактап, эл мактап,
Ыйык сени ырдап эске түшүрүү.

Туз шахтанын салкын жери, «чаңы» ушу,
Жыргал белем жылдыз отун жагуучу.
Боюн таштайт бейтап болуп келгендер,
Болсо экен деп Улукмандын дарысы.

Штольныйда, муздактыкта баратын,
Туз дем алып, өмүр шоола жаратып.
Бийик максат, тилек күткөн адамдар,
Билбей калат калгандыгын таң атып.

### АК ХАЛАТЧАН ДОСТОРУМ

Ырас адам ооруп турсаң канчалык,
Ажал тооруйт арттан калбай камчы алып.
Өрнөк, бирок тирүүлүктө врачтар,
Өмүрүңө жашыл дүйнө арча алып.

Ак Венера, Жетиген дос, Жайчыбек,
Туз шахтадан, кана, кептер салчы деп.
Сурап калсаң, жомок кылып айтышат,
— Тынбай басып, Туздан демиң алчы деп.

Туз силерге тартуу кылып жагымды,
Сергек кылып жүрөк басым канынды.
Күйүккөндү таптап шумкар канаттай,
Жайлоо сымак жай алдырат жанынды.

Оорулуунун сырын таап кайдагы,
Оорулууга болуп сүйкүм жайдары.
Колуңардан кетти айыгып далайлар,
Колуңардан өчпөй өмүр шамдары.

### АЙЫКТЫМ ТУЗДУН «ЧАҢЫНАН»

Дирт-дирт этип ийин менен дем алып,
Дене бойдон мончок жамгыр-тер агып.
Тоолор көчүп, асман көчүп, суу көчүп,
Көз алдыма тегеренип жер агып.

Күйүктүрмө — астма оорунун азабы ай,
Бул өмүрдөн кечкиң келип жашабай.
Көз чанактар жарылчудай кысылып,
Көрүнгөнсүйт атам тоолор, апам ай.



Ирмем өтпөй өңүм чоптой бузулуп,
Жан дүйнөмдө ажал канат сызылып.
А дүйнөгө азыр кетип калчудай,
Үй-бүлөөмдүн үрөй таңын учуруп.

Күш-күш этип күчөп улам көнөрүп,
Дем кыстыгып тыным албай жөтөлүп.
Жан кургурду жай алдырар жер таппай,
Жат кеселдин оор ташын көтөрүп.

Таяк кармап араң басып сенделип,
Таалайымдай, Чоң-Туз, сага мен келип.
Кере жутуп муздак туздуу абаңдан,
Канаттуудай кайрат алдым демденип.

Тирек кылып жүрүп дары «чаңында»,
Тирүүлүктүн күүсү ойноду канымда.
Энекемден төрөлгөндөй кайрадан,
Эркин өмүр жаркылдады таңымда.

### НОМЕР ТӨРТ КЫЗДАР ЖАТКАН ПАЛАТА

Кызыктырып кыздар жаткан палата,
Кымбат, сүйкүм, жомок дүйнө караса.
Күлкү отунан өчпөйлүчү деп келет,
Куруп кээде кызык оюн-тамаша.

Күлкү керек, күлкү оорунун дарысы,
Күлүк аттай даңкан салган жарышы.
Тазалыктар ойноит сезим канында,
Тапка келип жүрөк тамыр кагышы...

* * *

Асыл, Аля, Рабия турса жөтөлүп,
А Дамира кыздар көөнүн көтөрүп.
Жаңырыктайт жакшы тилек момундай:
«Өлбөй тирүү өмүр сүрүп өтөлүк?»

Үмүт-үмүт алтын жиби үзүлбөй,
Жагалдантып жакшы көргөн түшүндөй.
Бакыт сымал туз желиие төш тосуп,
Басат кыздар паанай салтын түшүрбөй.

Штольнийда туз жел жыты буркурап,
Маңдайымда өмүр деген Күн турат.
Кыздар шаттуу күлүп карап жоодурап,
Кыялымда кызыл-тазыл гүл сунат.

Баары энелер: баатыр болор, Күн болор,
Бапестесең баркың сүйөр гүл болор.
Байкасаңар баары асыл зат акылдуу,
Байлык ташкан туңгуюктар ойгонор.

Жашыл жаздай кулпунушуп жайдары,
Ар биринде сулуулук бар таңдагы.
Ар бирииде адис өнөр канаттуу,
Ала-Тоодой бийик, ардак салмагы.

* * *

Арсыз астма-күйүкмөсүн дарылап,
А Бейшегүл үй-бүлөсүн сагынат.
Гүлайым, Айша, Гуля толкуп ырдаса,
Шайыр үндөр туз тоолордо жаңырат.

Өмүр жандап, жылдыз болуп күйүүчү,
Баарында бар врачтарга сүйүүсү.
Баарында бар жарык үмүт, ишеним,
Жан-дүйнөдө жандооч болуп жүрүүчү.

Номери төрт палатанын кыздары,
Бир карасаң колу тынбас уз баары.
Топу түйөт, кофта согот, бирок да,
Дешет алар: «Туз жыттайлы, туз-дары».





Анан айтат жылмайышып бир даары,
-- Ай, иний кыздар, ырдайлычы, ыр—дары.
Өмүрлөргө себеп болуп кетсе экен,
Биз дем алган Туз шахтасы кырдагы...

**КЕРЕБЕТИ КЕМЕЛДИН**

Штольнийда керебетиң, Кемел дос,
Ээлеп алып эргүү күүсүн көңүлдүн.
Ышкы отуна кумарлантат дем берип,
Ырын айтып, сырын айтып өмүрдүн.

Туз шахтада керебетиң, Кемел дос,
Күлпөт тарткан күүсү болуп төрүмдүн.
Алсыз жанды алыс, бийик учуруп,
Ай нур болуп, Күн нур болуп төгүлдүң.

Тирүүлүккө кубат берип дарылап,
Эмнегедир мээрим отуң чагылат.
Аппак күмүш керебетте сен жаткан,
Ыйык, таза өмүр-булак агылат...

Бир бөлүшүп кубанычың, кайгыңды,
Бирге болуп жан досуңдай кайрымдуу.
Өзөндөрдөй гүл жайнатты жаз келип,
Өргө тартып өмүр деген айлыңды.

Үмүт шамың өчүрбөй эч улады,
Ак тамчыңдан ак дайраңды курады.
Кемел иин, айт алкышың врачка,
Кесел-дартың келбес болуп кулады.

Билем, Кемел, бакыт өмүр татарың,
Палатаңда отуз күн бир жашадым.
Айыктырган керебетиң сен жаткан,
Аттанарда ак жолтой деп атадым.

## ШАЙЛООГО

Шайлоо келип ишке түнүндө,
Шахта эмгеги жүрөк дилинде.
Штольныйды улам желдетип,
Иштеп жүрөт, жүздө күлүндөө.

Шайлоо кайтып эмгек таңында,
Шаттык ойноп жүрөк канымда.
Шахтадагы ишин унутпай,
Шайдоот үнү лира сабында.

Штольныйга кыпын түшүрбөй,
Туз кумдарын жыйнап түшүмдөй.
Адамдарга келген ар түрлүү,
Ак тилегиң эне сүтүндөй.

Кесек тузду, ташты кендеги,
Жыйнап улам тырмоо чеңгели.
Четке карай кылдат таштаса,
Чет болгонсуйт ооругу мендеги.

Жагып кечте Ильич шамдарын,
Шайлоо көрөт тынбай бар камын.
Отургузуп кээде диванга,
Оорулууга берет жардамын.

Шахта ичи тирөөч мамылар,
Палаталар — бөлмө жайы бар,
Таманында туз, кум, аллея,
Басса мында астма айыгар.

Ыйык тутуп, Шайлоо туз кебин
Ыйык тутуп шахта туз кенин.
Жабыккандар, мында келгендер
Жаркытсын дейт жамал жүздөрүн.



## ЖООМАРТ ИНИМЕ

Биллиард, чуркоо, көнүгүү,
Бир болбой анда териүү.
Эң сонун жагын туз дары,
Эргүүдө турат көңүлү.

Чу десе көздү талдырат,
Чуркаса болуп аргымак.
Ышкынды кээде арттырып,
Ырдаса кумар кандырат.

Ийкемдүү эмгек иш десе,
Ичпейт ал зордоп ич десе.
Сабыры өчүп турса да,
Сабалайт Жоомарт кыз десе.

Жоомарт дос, ини, тууганым,
Жоомарттуу пейил курганың.
Орусча сүйлөп жаркылдап,
Оюндун табат сырларын.

Кыймылдуу көзү, каштары,
Кыялкеч ойлоп басканы.
Астыртан кыздар Жоомартка,
Ашык да боло баштады.

Сыр түйсө сыны билинер,
Сынына толук илинер.
Көңүлдүн кушун эргиткен,
Көп болсун сендей инилер!

## ТУЗ КӨЛМӨНҮН МОНОЛОГУ[1]

Археологдор,
Окумуштуу химиктер

[1] Туз шахтада, штольныйда пайда болгон көлмө бар.

Атлас көйнөк
Кыздар, ойчул жигиттер.

Айландырып илим күчүн кыядан,
Алгың келсе байлык даяр ийин жер.
Арман ойду, жүрөк козгор сыр күүнү,
Айтышка мен акыр болдум кириптер.

Билчи менин тээ тереңде сырымды,
Билчи менин ичте кайрык ырымды.
Арман оюм бардыр ачсаң болбойбу,
Аралаган далай доор кылымды.

Айланып мен тунук күзгү — иримге,
Акак таштар, туздуу таштар түбүмдө.
Ыйык көрүп, даам алсаң кокустан,
Туздай татыйм таңдайыңда, тилиңде.

Жарык келсе дене боюм агарып,
Жарык жокто жаным кээде кабарып.
Туздуу булак болуп тоодон атылбай,
Жатам минтип бир үңкүрдө камалып...

Апыртпайын көп сөздү айтып кайдагы,
Ион заттар жок эмес, бар пайдалуу.
Сырды билчи, келчи мага кечикпей,
Сынчы жигит эй, илимпоз, жайдары.

Керемет деп айтат шахтер, малчылар,
Балким менин дарылыгым бар чыгар.
Жер байлыгын эл, журтуна beралбай,
Же жок бекен туз көлдө ыйлуу тамчылар?!

Геологдор,
Окумуштуу химиктер,
Алгың келсе байлык даяр — ийин жер.



## БИЛГИМ КЕЛЕТ

*Туз шахтасындагы казуудан улам кайсы доорго, кайсы заманга таандык экендиги белгисиз төрт түлүк малдын тери-катмарлары, туз ичинде чирибей катып калган төө эти табылган.*

Жашап жаткан учкул канат доорума,
Ай, туз тоолор, айта кетчү ой мына.
Тектирлентип тегиз жыйнап көп мүлктү,
Кайсы жылдар каттың экен койнуңа.

Чубатасың далай кыйын ойлорду,
Же бул жерде конуш үйлөр болгонбу.
Ээлеп калсын аска таш деп бир кезде,
Бир бечара мүлкүн жыйып койгонбу!

Келди бекен жашоо үчүн дүйнөгө,
Дил жаркыткан чындыктарды сүйлөөгө.
Канкор бекен, мээрим бекен, март бекен,
Молдо бекен баткан мүлдө күнөөгө!

Сулуу бекен суктандырган дүйнөнү,
Баатыр бекен бактылуу өткөн күндөрү.
Же ач көзбү, желмогузбу, шумпайбы?
Кишн өлтүрүп жыйган кызыл дилдени.

Же болбосо далай бектер, хандарды,
Миң азгырып, бүлүк отун салганбы.
Бир кездерде жүрүп кыйын топон суу,
Мүмкүн тузга, ташка айланып калганбы?!

Элестетип аппак булут пахтаны,
Жүн сапаты миң мертебе сакталуу.
Тери турат ийлеп эндик кошконсуп,
Эч үзүлбөйт эрмек кылып тарт нары.

Айт, Туз тоолор, айткын өмүр буйругуң,
Өткөрдүңбү көз жаш тамган кулдугуң...

Чындыктарга ишендиңби акыры,
Чыгаан болуп өзүң сүйгөн булбулуң.

Түк жолобой жыттуу чирик так дагы,
Тузга бышкан жүндүү тери каттары.
Турат баары, турат мындан окулуп,
Өткөн заман ата-баба салттары.

Күүдө коштоп, жүрөк зилдеп арманды,
Же жалчыга салык кылып салганбы.
Жеңеринде каптап келген кырсыкты,
Жер титиреп тоолор басып калганбы?!

Ким жасаган кызыл оймо «шырдагың»,
Билгим келет кимдер кооз жыйганын.
Заман өтүп, закым болуп кылымдар,
Билгим келет бир чирибей турганын.

**АЙЫККАНДАРДЫН АЛКЫШЫ**

Кетеримде Чоң-Туз менен коштошуп,
Сезим, жүрөк калды бекем достошуп.
Сүйкүм жүздүү жарык маанай дем менен,
Сүйлөйт ар ким кубанч сырын козгошуп.

Дыйкан айтат: —Чоң-Туз болду арашан,
Өргө тартып өмүр аттуу таразам.
Күйүккөнүм, демиккеним басылып,
Күлүп жайнап мен элиме баратам.

Жумушчу айтат: —Бүркөө келсе кабагым,
Кургак жөтөл ачыштырып тамагым.
Кыйнап астма кылда турса жан-дүйнөм,
Мен шаарыма бакыт алып барамын.

Багбан айтат —шилтей албай аякты,
Жөлөк кылып келип ыргай таякты.



Муңкүрөтпөй туз чаңдары, туз жели,
Мүрөк суум толкун термеп шар акты.

Малчы сүйлөйт: —өңүм чөнтөй кубарып,
Келсем сыздап көздөр алсыз тунарып.
Керегине жараш үчүн Мекендин,
Кетип барам күч-кубатым чыңалып.

Куруучу бар, акын да бар, сүрөткөр,
Бири артист, бири учкуч түлөктөр.
Бири ташка тил киргизип сүйлөтүп,
Бири малчы тек кетпеген мүнөттөр.

Бири геолог, бири илимпоз акылман,
Бири данчы, бири эне баатырдан.
Барат баары үй-үйүнө толкундуу,
Күн жаз алып сенин ыйык атыңдан.

Кетеримде Чоң-Туз менен коштошуп,
Сезим, жүрөк калды бекем достошуп.
Сүйкүм, таза жарык жүздүү дем менен,
Сүйлөйт ар ким кубанч сырын козгошуп.

**АЛА-ТОО ДАРЫ АБАСЫ**

Ала-Тоо менин жүрөгүм,
Адамга аба —мүрөгүң.
Жашоодо сенден дем алып,
Жаркылдап иштеп жүрөмүн.

Абаңдан алган дем менен,
Гүлүңдөй жыпар термелем.
Кыздарың шайыр, кең пейил,
Күлгүн, кут, асыл жер белең.

Дарыбы, досум, карачы,
Мөңгүнүн тунук абасы.
Жашарат кайра туулуп,
Дем алган адам баласы.

Каректен өтүп кадырың,
Күмүш сууң, гүлдүү адырың.
Алгансыйм таза абаңдан,
Алдыга кетер адымың.

Мупмуздак абаң, шамалың,
Сергитип адам кабагын.
Ала-Тоом сени ырдасам,
Алыска кетет абаным.

## ТООЛОРДО ӨСКӨН ӨМҮР

Ушул тоодо үмүт улап атабыз,
Нечен ирет аргымагын ойноткон.
Ушул тоого карек таштап апабыз,
Жашоо-максат, өмүр күүсүн ойлоткон.

Жарык чачкан өмүр шамын өчүрбөй,
Жашоолордун кечкен тентек дайрасын.
Жүзү жайнап жайдын таңкы кечиндей,
Сүйгөн ырдап тоонун жашыл саймасын.

Перзент үнүн угуп ушул тоолордон,
Ыйык туткан турна көздүү булагын.
Алп кайратты алып сырдуу зоолордон,
Куштар сайрап, тоолор тарткан кыягын.

Ушул тоого өмүр берип кайрадан,
Алтын алган, күмүш алган түгөнгүс.
Океандай тоо толкунун айдаган,
Жүрөктөрдө кайнап турган үйөр күч.



Сулуулукту алып азем гүлүнөн,
Жашыл арча жаштык берген кубаттуу.
Кайнап эмгек канат берген күнүнөн,
Өмүр жолу болгон таза, уяттуу.

Тоо, чокулар жылдыз өпсө көкөлөп,
Тоодой бийик максат күтүп өмүрдө.
Эрдик жолдор күн үстүндө жетелеп,
Эмгек издер канат таккан көңүлгө.

Тоону сүйүп, тоодо өскөн эне-атам,
Мынакей деп Мекен жүгүн таксаңар,
Мен да бүгүн максат жолдо келатам,
Силер күткөн ыйык үмүт акталар...

## ДАРКАН ПЕЙИЛ

Тасмал толо тамак ченем жетпеген,
Мейли тоспо казы, карта, эт менен,
Мен ыраазы, досум, сага түбөлүк,
Сен узатсаң жан жыргаткан кеп менен.

Марттык күтүп, маңдай жарык, күн жарык,
Тээ алыска сен ыргыткан түн калып.
Адам сүйүп, акыл күүсүн курчуткан,
А мендеги сен үйрөткөн дил жарык.

Турмуш кызык, оомалуу да, төкмөлүү,
Таптап канат тарых болуп өткөнү.
Бир жарк этсең, пейлиң төгүп берилсең,
Миң жарк этип өмүрүмдүн көктөмү.

Кээ бир кезде кейип кетпей жогуңа,
Сен талпынсаң максат күткөн жолуңа,
Дайра келет көз алдыма толкуган,
Даркан пейлиң түшө калса оюма.

## БОЛСО ДАГЫ КАНАТТУУ

I

Таң шооласы көшөгөсүн түргүлөп,
Аккуу уктайт уясында үргүлөп,
— Учсаң боло атып чыгып асманга,
Десем айтат: «кокус мерген **бүлдүрөт»**.

Кыздай сулуу, кыз мүнөздүү ал аккуу,
Коркот окшойт «мерген» көрсө жарактуу.
Минтет дагы: — Кирсиз аппак жүндөрүм,
Үйпаланып окко кетип, кан акты...

II

Кээ бир жигит, кээ бир тентек адаттуу,
Эрксиз бийлеп, жаш сулууга салат чуу.
Эркин учпай, уясында үлдүрөйт,
Болсо дагы аккуу сымал канаттуу.

## АК МАРАЛДЫН АЙТКАНЫ

— Ай, ак марал, ак марал, элтендеген,
Аска-ташка шып ыргып эртең менен.
Калч-калч этип коркпостон гүлдүү тоодо,
Жүрсөң боло эркинче эркең менен.

Анда тигил ак марал ыйлап ийди:
— Атып бизди «мергендер» кыйнап ийди.
Көркkө бөлөп жашыл тоо — мекенимди,
Билесиңер зыянсыз экенимди.

Атпасынчы, мергендер атпасынчы.
Боюн жыйрып Ак марал качпасынчы...



## ТООЛОР, ТОКОЙ, ТАЛАА ЖАНА БУЛУТ ЫРЫ

### ТООЛОР ЫРЫ

...Тоолор да ак булутка созуп колун,
— Төгүлчү, бир төгүлчү жамгыр болуп.
Күн сайын куурап барам, чаңкап барам,
Суусунга жан-дүйнөмдү кандыр боорум,
Кандыр боорум,
Төгүлчү, бир төгүлчү жамгыр боорум.

Жайнасын, жадырасын жашыл өңүм,
Кайрылчы, кайталангыс жазым болуп,
Жылгамда өскөн бадал бутагымда,
Сайрасын тоо торгою — асыл конуп...
Асыл конуп,
Кайрылчы кайталангыс жазым болуп.

Тартуулап жашыл тулаң көшөгөмдү,
Жактырам эл кызматын өтөгөндү.
Жайчыдай жамгыр берген — жаз болбосо,
Толкундап тоо салмагын көтөрөмбү?!
Көтөрөмбү?!
Жактырам эл кызматын өтөгөндү...

### ТОКОЙЛОР ЫРЫ

Токой да шуу-шуу этип туталанып,
Бир тамчы тунук сууга кусаланып:
— Тартылат күн желеге бутактарым,
Тамырым ак жамгырга турса канып,
Турса канып,
Уядан сан өмүрлөр учары анык.

Төгүлчү, ак жамгырым, токоюңа,
Жакшылык — андан башка жок оюмда.

Сеңселген өлөң чөптөр өксүк тартып,
Жалбырак түсүп башка которууда,
Которууда,
Саргайып мени менен кошо куурап.

Суу акпай сай жээгинде таш да күйүп,
Гүл токой күндө мээнет башка үйүп.
Булуттар тыңшачы ырым, тыңшачы эми,
Токой да тоо, талаадай тарткан күйүт,
Тарткан бүлүк,
Төгүлчү, жамгыр — ырым өзүң билип...

### ТАЛААЛАР ЫРЫ

Талаа да такылдатып таңдай, эрдин:
— Жаз — жарыш, үрөн сээп айдай бердим.
Ак булут бир тамчыдан тып эттирбей,
Алыскы күн от сен да кайнай бердиң
Кайнай бердиң,
Алгачкы көктөм чөбүн жалмай бердиң.

Ак булут, мээримиңден берип кетчи,
Аптапта ак мөңгүдөй эрип кетчи.
Дыйкандын сыйкыр күткөн талаасына
Бир прет нөшөрүңдү төгүп кетчи.
Төгүп кетчи,
Чөлкөмдүн чөл ысыгын бөлүп кетчи.

### АК БУЛУТТАР ЫРЫ

Эңсеп көп эстедиңер, самадыңар,
Эмесе болсо өтүнүч талабыңар
Асмандан жамгыр уруп төгүп турса,
Ачылсын бүркөө болбой кабагыңар.
Нөшөрдө кээ бир жалкоо каада күтүп,
Жамгырды сүйбөйт деген кабарым бар.



Тоолор, ук, токой уккун, талаа уккун,
Өзүнчө сыр түйүнү бар ак булуттун.
Суу ичин мөлтүр көлдүн көркүн берип,
Карганша, кара пиеттен сак булутмун.
Сак булутмун,
Өзүнчө сыр түйүнү бар ак булутмун.

Эмесе тилендиңер көрүнөйүн,
Ойдуңга чөөт болуп төгүлөйүн.
Айланып жамгыр бүткөн мончок терге,
Кебездей быт-чыт болуп сөгүлөйүн.
Тоо, токой, талааларым — боордоштор,
Силерден кантип тескер бөлүнөйүн.

* * *

Аңгыча ак булут да ыйлап ийди
Айдыңда жамгыр ырын ырдап ийди.
Боз тоолор, токой, талаа жана түстөр
Жашылга бар турпатын чулгап ийди,
Чулгап ийди,
Кызгалдак эркин ойноп кырда бийди.

### КОМУЗЧУ АТАБЫЗ МУСА СЕИЛКАНОВДУ ЭСКЕРҮҮ

Ата Муса, комузуңдун кылдарын,
Черткен сайын билип улуу сыр барын.
Бийиктикке конор эле көңүлдөр
Биз жаш кездин сезип оттуу жылдарын.

Ата Муса, комузуңдун кылдарын,
Черткен сайын угуп укмуш ыргагын.
Эмгек эле, эрдик эле, күн эле
Жайлоо эле, булак эле туйганым...

Ата Муса, комузуңдун доошунан,
Жашыл тартып кыргызымдын тоосу улам.
Төрт түлүккө толуп сулуу мейкиндер,
Шак мөмөгө, талааларга толчу дан.

Угуучуга, билем, көрүп бар камың,
Жан туйгума шык жалынын салганың.
Көкүрөктө кайталанып күүлөрүң,
Коштоор элең тереңине дайранын.

Согуш мезгил... «Тууган жериң», «Санатың»
«Ибаратың», «Кайрат күүң» — канатың.
Сүрөп алга көңүл кушун учуруп,
Чалар эле жоокердин от талаасын...

Кең турмушта жаңы милдет, жаңы нук,
Биз жетилдик өзөндөрдөй агылып...
Бүгүн, ата, комузуң бар, өзүң жок,
Келсем эңсеп күүлөрүңдү сагынып.

Жок, чертесиң, элде тирүү калыпсың,
Жаңырсын деп жаңы кылдар тагыпсың,
Элден элге өтүп кетер жол салып,
Жашоо берген жылуулукту жагыпсың,

Ата Муса, комузуңдун кылдарын,
Черткен сайын билип улуу сыр барын.
Бийиктикке конор эле көңүлдөр,
Биз жаш кездин сезип оттуу жылдарын.

## СУРОО БЕРҮҮ

Жыландын да барбы аппак сүйүүсү,
Же өлгөндө арман кылган үмүтү.
Булбул куштун кумарлантып күү ыры
Неге мынча назик, сулуу жүрүшү.



Тарп андыган кузгун узак жашайт дейт
Анда-санда жали деп канат түрүүчү.
Кантип гана чыгара алат жарыгын,
Жылдыз курттар түндө оттой күйүүчү?

Булут неге жашын төгөт жамгырлап,
Ыйлаттыбы оттуу тийин чагылган.
Көктү тиреп өскөн бийик чынардын
Денесин ырбап, тип-тик неге жарылган.
Бир башкача жашылдантып дүйнөнү
Жаз боёгу кантип, качан табылган?

Күлмүң этип кашын серпип алыстан,
Куйрук чачып жылдыз неге агылат?
Кумурскалар жазда, жайда, күзүндө,
Жанталашып жумуш иштейт баарылап.
А кокустан буту сынса бирөөнүн
Сакайтабы аны баары дарылап...?

## БАЛАЛЫК КҮНДӨН ЭЛЕСТЕР

Кантип мен унутамын,
Кагылам бала чагым.
Кайырмак ала чуркап,
Көз отто жапыс тамым.
Көпөлөк куудум эркин,
Көргөндө учушканын.
Чуркурап балдар үнү
Чүкө ойноо... утуштарым...

Жашыл саз... Кара казан,
Ойнодук тарабастан,
Кызыгып мүнөт, саattар,
Кыздарга карабастан.
«Үй курса» арык бойлоп,

Ыйлатып кайсы бирин,
«Үйлөрүн» жара баскам...

Түрүнүп багелекти,
Суу кечип аралдагы,
Музоо айдап күн батарда,
Беттегем шамалдарды.
Түнт жерге кирип кетсе,
Тикенек, чөмөрлөргө
Тилдиргем тамандарды.

Апакем жасап берген,
Ак билик чырагында.
Түн сайын сабак окуп,
Таң эртең турарымда,
Түш көрүп, түшүм айтсам:
— Жуундум апакебай,
Туз тоонун булагына.
Эшекчен жүрүптүрмүн
Карагоо сууларында...!

— Өмүрүң, балам, сенин,
Булактай агып таза.
Бактылуу болот жолуң,
Өтөсүң жарык жашап.
Ырысың ашып-таша.
Онунан чыгып оюң,
Тилекке жетип сонун
Өрүшүң гүлдөр каптайт,
Байлыктан кетпейт колуң.

Толкундан бой термелип,
Токой да шаңдуу жашыл.
Суулардын дабышы да
Шылдырайт кулакта азыр...





Тээтиги типтик жарда,
Чыйырчык уясын Ашыр,
Жүн менен ороп жатат,
Иш жасап ишин асыл!

Ошол кез айтсам чынын,
Көлмөсү Саманчынын
Балыктын ордосундай
Туш-тушун карапчымын.
«Сазайын» бергем далай
Ойготуп таранчынын...

Таарынып кээ биреөбүз,
Талашып жомок айтып.
Күү чалган өзөн сууга
Кирчүбүз магнит тартып...
Үйрү топ сууда сүзүп,
Үйлөргө кайтуучубуз
Көңүлдүү күлкүнү артып...

Сагындым балалыгым,
Жашынган токой, сууга,
Жаркылдап оюн канбай,
Жашынган күлкү — чууга.

«Жүк» арткам ойноп далай,
Төлөндүн боз топосуна.
Барчубуз чогулуп биз,
Эгиндин отоосуна.
Акыры мен шашылчумун,
Күн болуп кызыл бышкан,
Апамдын токочуна.

## КОММУНИЗМ ДАБЫШЫ

Арктикада муз жаргычтар,
турмуш улам жанданып,
БАМда барат учкул поезд
Үрөн күткөн данды алып,
А илимпоз атом күчүн
Бөлөп тынчтык эмгекке
Доорум барат жеңиш төргө
Айды, Күндү айланып.

Кез алдымда өтүп жатат
Көп зымырык канаттар,
Айыл өсүп, шаар гүлдөп
Ташта өлбөс дарактар...
Меридиана сызыктары
Мекен чебин кеңитип,
Достук дайра тыным албай
Биздин жерде агат шар.

Ал дайранын ак толкуну
күчү жана намысы,
Күчөп улам, өрдү көздөп
сүрдүү тамыр кагышы.
Алп курулуш, алп иштердин
туусу болуп мекеним,
Келип калды, жакындады
Коммунизм дабышы.
Мезгил менен бир адымдап
Тамыр жайып терeңге
Коштоп барат бүткүл элди
Жеңиш салган арышы.
Анда эмес замандаштар,
дос, туугандар эмгекчи эл,
Бийиктегин, тууга тургун!
Биздин максат дал ушу!





## МАЙ-ТӨРДӨ

Май-Төрүмдүн араласам таштарын,
Нак төбөмө тийс жаздап асманым.
Кереметтүү зоолоруна жарашкан,
Көрдүм далай аркарлардын качканын.

Кээде мына бадырайып караанды,
Аралашып баргым келет дагы ары.
Үркүп кээде, зоодон, зоого түйүлсө,
Ачылгансыйт шарт деп тоонун барагы.

Байкап турсаң суу ичүүгө келгенин,
Сезе коюп, тоонун жапай мергенин.
Көздөп зоону кербен тартып көп аркар,
Көрөсүң сен жаадай арыш кергенин...

Дал ошондой аркар, кулжа чубашын,
Коштоң ырга, таамай тартып элесин...
Эки эсе артып, жашоо, кубатын,—
Сезимиңден сулуулукту төгөсүң...

## СОҢ-КӨЛ ЫРЫ

Жылдыздар күлүп ондогон,
Ойногон,
Жээгимди малчы бойлогон.
Билинген даңкым далайга,
Далайга,
Көл болом,
Бийиктик демин ойлогон.

Кебездей жумшак — өз өлөң,
Төшөгөм.
Оонасаң жумшак төшөлөм.

Кызыксаң сырым билүүгө,
Жүрүүдө,
Кыш күнү тоңуп көшөрөм...

Кылаамда өсүп Акмөөрүм,
Акмөөрүм,
Сүйбөгөн сулуу жат көөнүн.
Кызыккан ар кыл турмушка,
Жылдызга,
Кыз кезде өсүп шат мээрим.

Байлыкты тоодой өңөрүп,
Көгөрүп,
Бакытым терең чөгөрүп.
Батпастай көлдүн өзүндө,
Көзүндө,
Балыгым барат көбөйүп...

Кымызым кызыл бал сымак,
Бал сымак,
Даамын тат, достор, ал сынап!
Балбан күч болуп жетилет,
Жетилет,
Баргандар ичсе алсырап...

Ак булут түнөп койнума,
Ойнума,
Ак куулар минген мойнума.
Кумармын айлуу түндөрдө,
Гүлдөрдө,
Кыз, жигит курган ойнуна...

Жылдыздар күлүп ондогон,
Ойногон,
Жээгимди малчы бойлогон.
Билинген даңкым далайга,



Далайга,
Көл болом —
Бийиктик демин ойлогон...

## КОРГО, АДАМЗАТ!

Далайларды мунжу кылып каргаттың
Далайларга таяк, балдак карматтың.
Эх, согуш ,ай! Сендей кырсык болбосо,
Марс талаасын эчак ээлеп алмакмын.

Сезим каары сенин салган чууңдан,
Эл гана эмес, Күн, Жер жашка жуулган.
Кол ойнотор комуз калган чертилбей,
Үмүт күтүп, өрткө кеткен уулдан.

Адам сөөгү ардак менен көмүлбөй,
Гитлер жакты отун кылып көмүрдөй,
Кызык күндөр кыйындыкка туш болду,
Кызгылт тарткан кыз эрини өбүлбөй.

Күлү калбай өскөн дарак, талымдан,
Күн бүтөлүп, кандар суудай агылган.
Жер солк этип, дүйнө кара жамынып,
Октор көсөп, миң сөгүлгөн кабыргам.

Көз жашынан көл жаратып энелер
Жетим ыйлап, жесир калды жеңелер.
Тарс деп мылтык, таалай шамы жалп этип
Так түшүрдү таза тунук денелер.

* * *

Эрлер жатат болгар, румын жеринде,
Эрлер жатат Дунай, Висла жээгинде.
Бар байлыгым жеңиш болсун деп кеткен,
Бакыт берип кийинки урпак өмүргө.

Токтосо да аталардын жүрөгү,
Токтогон жок мөлтүр аккан мүрөгү.
Кыйраса да далай чынар теректер
Кыйраган жок жашоо турмуш үрөнү.

Жомок кылып аталардын эрдигин,
Эскеришет эстеп ырда эл бүгүн
Тыным албай улуу демде баратат,
Тынчтык аттуу жүк көтөргөн жер бүгүн.

* * *

Бир тилекте ачып дүйнө ак жолун,
Көбөйсө экен көңүлгө ынак досторум.
Экинчи ирет көрбөсө экен адамзат,
Бухенвальддын, Освенциндин отторун.

Адам колу укмуштарды жараткан,
Болбосо экен бала көзүн жара аткан.
Согуш аты өчүп бүгүн түбөлүк,
Билсек болду жомок, тарых барактан.

Адамзаттын акыл арткан чегинде,
Ак кептер куш айланса экен жеримде.
Аалам эркин достукка үндөөр чоң күч бар,
Эркин жердин эркин соккон желинде.

* * *

Гитлер өлдү, дүйнө күлдү кайрадан,
Бутак өстү булбул безеп сайраган.
Ак иштерге адам жолун чулгасак
Адилеттик бизде болбой кайда анан!?.

Гитлер өлдү, жайган тору кыйылды.
Бирок, укчу, далай адам кырылды...
Ошол азап, ошол түйшүк күндөрдөн,
Корго, адамзат! Таалай тапкан туурунду...



### АК КУУ СҮЗӨТ

Көлдүн бетин ынагындай улам сүйүп аймалап
Көктө мына, балкып дене сүттөн бүткөн Ай барат.
Көркөмүнө бүт Жер Эне, баатыр адам таң калып,
Көк толкунду—көк жайыкты күмүшкө бөлөйт аймалап.
Ак булуттар ак куу сымак канат кагып алыска,
Айтпа көркүн... Суктандырат.. .Сүзгөн көлүн айланат.

Ак куу сымак ай талаада, көрк талаада, жайыкта,
Жарк-журк этип толкун жарып эмгек деген кайыкта.
Келет эркем келбетине бүт эл, жери кубанып,
Изи калып, аты калып кылым сүйлөр тарыхта.
Аалам дүйнө сүйлөсүн деп эмгек түзгөн бактысын,
Ак куу сүзөт Ай шоолалуу таңкы сулуу жарыкта...

## ЫСЫК-КӨЛ ЖӨНҮНДӨ

### ДАГЫ КЕЛЕМ

Күмүш жээк шамдарың,
Күлпөт, нурдуу таңдарың.
Күлкү таштап сезимге,
Күлүк канат чалганың.

Жаша кыргыз деңизи,
Жаркып сенден эл иши,
Жаштык алып баратат,
Жайнап өмүр жемиши...

Дары белең, күн белең,
Дагы келем, миң келем.
Тосуп алгын досторду,
Толкун менен, ыр менен!

## БИЛДИМ

Көл канаты — каснет,
Бүркүт болуп сезилет.
Сен айтасың кайталап
Өмүр көлүн кечип өт.

Кечем, көлүм, кечемин,
Кызык болсо кечээгиң.
Бүгүн андан жеңиштүү,
Зор толкунуң сеземин.

Куулар учуп кылаалап,
Гүл жээгинде «ураалап»
Жаркын көлүм — мөлмөлүм,
Жашооң кызык уланат...

Мага жагат күнү-түн,
Толкун термеп күлүшүң.
Ысык бүткөн жаныма,
Ысык-Көлүм сүйүүмсүң...

Көрктүү жылдыз оту бар,
Көк тиресе чокулар.
Уюп калган мүрөксүң,
Учу көккө кошулар.

Пейли таза көрк көлүм,
Берилбей эч өтпөдүм.
Сагындырат мени бат,
Санжыра сөз төккөнүң.

Көлдө менин ырларым,
Көлкүп толгон сырларым.
Жыргап алдым колуңа,
Жыпар гүлүн сунганың.



Бөтөн бала дебе сен,
Көлүм ыйык — эне сен.
Аалам чегин кыдырдың,
Ашып-ташып берекең...

Акындыктын барагын,
Бир өзүңдөн аламын.
Ак жол ачып тоолоруң,
Арзып жылда барамын.

Толкун чарпып этегим,
Толкун сенден өтөмүн.
Билдим, көлүм, ак тамчың,
Миң каснет экенин...

## ТОЛКУНДАР

Карасам көлдү,
Каухардай жанып сулуулук,
Толкундар канат болуп ала качат,
Бараткан ак булутка аралашат.
Жар салып кыргыз элдин баатырдыгын,
Жар салып өлбөс ырга жакындыгын
Акындын кыял күүсүн сабалатат...

Тиктесем көлдү,
Ак бермет күнгө чагылып
Толкундар тоону көздөй урунушат,
Толукшуп күмүш болуп кубулушат.
Дүйнөгө мактап жердин сулуулугун,
Дүйнөгө даңктап эмгек улуулугун,
Ак куулар тизилишип бийик учат,
Акындын сүйүү толгон ыры кычап...

Сүзгөндө көлдү
Өпкүлөп мени жарымдай

Толкундар сүрүп алыс терендерге,
Айткансыйт: — Ыракатым берем элге!
Кааласаң өмүр болуп жараламын,
Сырым бил, көл терени аралагын.
Сырымды айт жомок кылган энелерге,
Ак таңдай ырчы уул, жеңелерге.

Ырдасам көлдү,
Ырыс шат курчап денемди,
Толкундар Ай, Күн менен нур алышып,
Күркүрөп күчүнө күч уланышып,
Жеримдин жеңиш туусу бекемдигин,
Жеримдин байлыгы тоо экендигин,
Ыр менен айтты көлүм күү агызып.
Аны укту бүткүл аалам кулак төшөп,
Ак тоодо ак кайыңдар буралышып...

**БЕРЕСЕМИН**

Ысык-Көл — ырыс көлүм, сүйгөн бактым,
Жээгинде сейилдедим, ырлар таптым.
«ГЭС» куруп, «нур» жайнаткан бийик тоого
Уулумдун оюнуна көзүм арттым...

Ысык-Көл — тартуу сыйым, өмүр бактым,
Өзүңдөн өлбөс таалай мүрөк таптым.
«Үй» куруп, «бак» жайнаткан кум жээгинде
Кызымдын кыялына көзүм арттым...

Мен ойлоп балдарымдын келечегин,
Ысык-Көл бир өзүңө бересемин...
Ойнот сен, ойлонт дагы жаш сезимди,
Узатып шаттык баскан жыл эсебин...

**АЯНБА**

Сен сыйлап
Жаңга сырдаш шеригиңди,
Ысык-Көл —



Шердентe бер көңүлүмдү.
Көлкүлдөп
Бир өзүңө эрип кетем,
Көргөндө
Күмүш чачкан көбүгүңдү.
Адам дос,
Адам кымбат бул өмүрдө
Аяба,
Андан көлүм мээримиңди...

**КҮҮ УГУЛАТ**

Ысык-Көл бууруп тартып сапырылып,
Кай бирде канат толкун жапырылып,
Тамчылар айланып ак шуруларга,
Ташкындайт жээкти көздөй атырылып...

Шашылып күндүн алтын чарасына,
Толкундар нур ойнотот салаасына
Булуттар барча-барча кебез болуп,
Кошулат ак тоолордун арасына...

Аңгыча ачылып күн көшөгөсү,
Көрктөнөт көлдүн бүткүл бешенеси
Кийинип кызгылт шайы көйнөктөрүн,
Тартылат каректерге кеч элеси...

А көлүм тынчтык күтүп мээрим менен,
Кай бирде толкун таштап жеңилдеген.
Канаты ак чардактын зуу-зуу этсе
Кандайдыр күү угулат жеңилбеген...

# ТАЯНГАН ТООМ — АК ЭМГЕК

## ЭМГЕК

Аярлуу ыйык сезим илеп менен,
Айдың жол бакытымды тилеп келем.
Эрдик иш эл үмүтүн жаңылантып,
Эмгек сен кан жүргүзгөн жүрөк белең.

Эмгек бул соолбогон булак болуп,
Эл журтка эгиз бүткөн ынак болуп.
Алпарат алыстарга, кереметке,
Ак сүттөй шоола чачкан чырак болуп.

Максатта алып учкан канат болуп,
Кааласаң жылдызга да барат конуп.
Эмгек бул — эрдик өмүр, бүтпөс ырың,
Жүрөктө баатырдык күч санат болуп.

Журтумдун кайың бактуу айылдары,
Сулуу шаар, түнкү оттордун жалындары,
Дан жыттуу, мөмө жыттуу айдың талаа,
Гигант ГЭС тентек дайра жанындагы,

Түрлөнүп, кубаттанып эмгек менен,
Азыр да ак бешигиң термеп келем.
Кадыр таң кагылайын, Эмгек Эне,
Сен деп мен канатымды сермеп келем.



Эмгек бул өчпөс бакыт, күн оттору,
Сулуулук, сыйкыр дүйнө боёктору.
Тоо жолу, космос жолу, деңиз жолу,
Сырга бай, нурдан бүткөн жеңиш жолу.

Аярлуу бүт жан-дүйнөм илеп менен,
Айдың жол албан максат тилеп келем.
Эргитип каалаганды кайра жасап,
Эмгек сен тирек белең, жүрөк белең.

## ТОО ДАЙРА

Таш булак кыйладан,
Тоо гүлүн жыйнаган.
Төмөндө оргуштап,
Ак жалын туйлаган.
Күркүрөп өзөн сай,
Куу төгүп ырдаган.

Биз жеген алманы,
Өстүргөн шалбаны.
Муруттуу буудайдын
Барсайган дандары.
Жакага килемдей,
Жамынткан сайманы.

Дем алсам жээгинден,
Жан достой берилгем
Күлкүң бар түгөнбөс,
Куу ойноп көңүлдөн.
Күзгүдөй жарк этип,
Көркүң бар төгүлгөн.

Дыйканга сыр болуп,
Акынга ыр болуп.

Аркалап байлыкты
Адамга сый болуп.
Агасын too дайра,
Албырган нур болуп.

## КЫЗДАР ЖӨНҮНДӨ ОДА

Аппак кыздар — Ай кыздар,
Акыл, ойго бай кыздар.
Артып эмгек деңизи,
Ар өнөргө шай кыздар.

Силерсиңер өмүрдүн,
Көктөм гүлүн тагары.
Силерсиңер көңүлдүн,
Жарык шоола фонары.

Жайнап көктө жылдыздар,
Жарык маанай — Күн кыздар.
Чачса мээрим жылуулук,
Качкан алыс түн, ызгаар.

Силерсиңер жигиттин,
Сүйүп колун артары.
Ай жылмайып, тийип Күн,
Алыс сапар тартары.

Айтат макал кыргыздар,
Андап аны бил, кыздар:
«Ачыла элек сандыкта,
Бычыла элек кундуз бар»?

Силерсиңер адамдын,
Назик ыйык жамалы.
Жаркын өмүр замандын,
Дайра болуп агары.



Кайрат оту бар, кыздар,
Канатыңды жай, кыздар.
Бал татыган дооруңдун,
Бар өнөрүн ал, кыздар.

Силер менен өмүр ток,
Силер менен көңүл шок.
Силер жокто дараксыз,
Күйүп-жаным көңүл чок.

Жайкы шоола таң кыздар,
Байкап көрсөң баары уздар,
Барктап жигит бактысын,
Көөнү таза жар кыздар.

Силерсиңер келечек,
Өмүр улап бараткан.
Силерсиңер керемет,
Жашоо күүсүн жараткан.

Кана, кыздар, гүл кыздар,
Жакаңарга гүл кыстар.
Жигит арзып жетпесе,
Жүрөк сыздар, күн муздар.

Колуңардан агат дан,
Көзүңөр нур — жагат шам.
Күчүңөргө сыйкырдуу —
Бүгүн дүйнө калат таң.

Акылыңа Күн куштар,
Апа кебин миң кыстар.
Ата сөзүн ойго тут,
Айнек жүздүү, нур кыздар.

Силерсиңер биз үчүн,
Үлпөт күздүү жарык Күн,
Силерсиңер биз үчүн,
Кайталангыс тарых Күн.

## ЖАЗ КЕЛСЕ...

Жаз келсе мукам үндүү булбул куштар,
Сайрашат, сайран курган таңды көрөм.
Көңүлдүн күүсү ташып, кетип ызгаар,
Көңүлдө изи калган жарды көрөм.

Ойноктоп оттуу сезим тынчымды алып,
Максаттуу алыстарга канат кагам.
Тоскоолго моюн бербей толкун жарып,
Өмүрдө өз бактыма канааттанам.

Жаз келсе жан сергитип ырлар, бийлер,
Жалындуу буудай мурут күндү көрөм.
Тыңшасаң жан эргитип чечен сүйлөр,
Керемет үндү көрөм — гүлдү көрөм.

Адамзат өмүрүнө жаздар келип,
Алоолойт максат алып үмүттөрү.
Зымырап чындыктарга арыш керип,
Чыпылдайт мончок төгүп күлүк тери.

Жаз келсе, жаңырыктап өзөн сайлар,
Торгой үн, толкун болор булак көрөм.
Жүзүм нур жүрөгүмдөн болуп жайдар,
Жыргалда сыр төгүшкөн ынак көрөм.

Мамылар жогорку вольт тоолорду ашып,
Көз карек толот шаар көркөмүнө.
Кечээки кенже бөбөк кендер казып,
Таң калат турмушта өскөн өркөнүнө.

## МУЗЫКА ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Ай, музыка! Алып учуп жүрөгүм,
Жагым арткан кайрыктарда түнөттүң.
Коштоп менин кызык өмүр сүрөрүм,
Турмушумда жыпар жыттуу гүл эктиң.





Чынын айтсам мөлтүр булак татарым,
Аккын, ташкын сүйүүлөрдүн жолунан.
Өзүң менен өтүп бирге сапарым,
Бассам-турсам кетпей койдуң оюман.

Кээде мени толкунуңа түндүрүп,
Ачтың жаңы дүйнөлөрдүн эшигин.
Бал тамчыңан мага атайы куйдуруп,
Өзүң болдуң күн терметкен бешигим.
Сыйкырчыдай жан дүйнөмдү дүргүттүң,
Алп күч болуп аалам шамын жагарга.
Сүйдүм сени жүрөк менен бир бүттүн,
Бул дүйнөдөн ыракат күч аларга.

Анан дагы менде болсо бир айла,
Кайрыгыңда кайра туулуп жашарам.
Өзүң менен батып жашоо кумарга,
Өзүң менен өмүр сырын ачалам!

## СӨЗ ЗЕРГЕРИ

*(Чоң прозаик жазуучу Касымалы Баялиновдун эстелигине)*

I

Кыргызда көл, дайрадай чалкар элең,
Кымбат иш көркөм сөздө залкар элең.
Жанга дос жан сырыңды уккан сайын,
Жайлоодон сергигендей кайтар элем.

Баратса күн үстүндө мекен бүгүн,
Туйгузуп эмгек бакыт экендигин.
Доорунда даңазалап айтып бердиң,
Достук чеп, боордоштук бекемдигин.

Ким билбейт «Ажар» аттуу чыгармаңды,
Көп окуп арта берчү кумарлануу.

«Муратың», «Курман жылга» сезимимде,
Толкунду пайда кылчу улам жаңы...

Кыйры жок, чексиз алыс сапар деген,
Сен окшоп, бийик дабан ашар белем.
Жаркылдап иштен жатат бүгүн дагы,
Жаштарың көл боюнда Жапар менен...

II

Мүнөзүң жибек эле, алтын эле,
Бир сырдуу мээрими артык жаркын эле.
Ар кимге: балага да, чоңго дагы,
Ар дайым кичи пейил салтың эле.

Сен алгач ойго батып ыр да жаздың,
Суктанып көркөмүнө сулуу жаздын.
Көтөрүп жаштык шаңын, жаштык туусун,
Бийик бел, өрүштөргө бирге бастың...

Эске алсам ар кыл акыл-кеңештериң,
Ашып мен чоң бакыттын белестерин.
Кандайдыр кайталанып турууччу эле,
Каректе батып калган элестериң.

Алыска шоола чачып үмүттөрүң,
Ак жолдо Ала-Тоодой бийиктедиң.
Эмгекте өмүр улап даңкан таштап,
Келатат, куйрук улаш күлүктөрүң.

III

Ай батып Ала-Тоонун далдаасына,
Күн батып күкүк уя Жар Башына.
Таалайың ташып турган мезгил күндө,
Тартты ажал кайра келбес чалмасына.





Куйкалап жалынына чоктой кайгы,
Күркүрөп аккан дайра токтой калды.
Асыл жан, ардак агам Касыкемдин,
Алп кадам, алп жүрөгү сокпой калды.

А бирок, өлгөн жоксуң, сен биргесиң,
Сөзүң бар: «Эл гүлдөсүн, жер гүлдөсүн!»
Улуу калк сыйың билип тартуулаган,
Урматтап бийиктесиң, сен күндөсүң.

Ишке ашып орундалып көп мурасың,
Сен дайым күрөш жолун кеп кыласың.
Сырдашып малчы, дыйкан, уста менен
Касыке! Канал казып, ГЭС курасың!

Кыргызда көл, дайрадай чалкар элең,
Кымбат иш көркөм сөздө залкар элең.
Жаңга дос, жан сырыңды уккан сайын,
Жайлоодон сергиткендей кайтар элем...

## ТАЛАА СҮЙЛӨЙТ

I

О, адамдар, кең талааңмын, айтсам тарых кыйладан,
Досту көрдүм, миң кулпунтуп даңга бөлөп сыйлаган.
Жоо да көрдүм, жанымды алып, топурагым көккө учкан,
Капысынан кан төгүлүп, кабырга сөөгүм кыйраган.

Туяк жаныл, тулпар өтүп, ыйык түктүү төшүмдөн,
Кыз-жигиттин кызык оюн, тойлоруна көшүлгөм.
Миң чечилип, кучак жайып, күнгө сырдуу карагам,
Оо, туугандар, көрк түшүрүп сенин күлмүң көзүңдөн..

II

Пейлим көлдөй, нур талаанмын, бакыт жайлуу конушум,
Эмгек десе эргийт денем, бийик чыгат добушум.
Оор күндүн азаптарын тарттым далай таң калып,
О, курусун, дүрт этпесин каргыш тийген согушуң...

Көөдөнүмдү басып балдар шаттуу болуп дайыма,
Тилек кылам: «булбул безеп сайраса» деп шагымда.
Түгүм түлөп, кайталанып өчпөй жашыл жаздарым,
Айлансам дейм адамдардын мүрөк суусу, балына.

III

Урматтаган тоодой сыймык ардактуу ата Мекеним,
Унутпа, достор, байлык төккөн сырдуу талаан экеним.
Көбүрүп сүттөй, балкып турсам бакытка мен да чөмүлүп,
Магдыраймын жыпарым чачып максатка жетсе өз элим.

Катар үйлөр көк тиресе, көчө аттары жаңырса...
Көк жылдызы бал-бал этип, жерден арбын табылса.
Деп ойлоном эне сымак, максат каалап силерге,
Жемиш төгөм, ырыс чачам, кудуретим барынча...

Дагы айтаарым — ыза кылба, сакта мени ок, оттон,
Өз өмүрүн өрттөйт өзү, талаа көркүн жоготкон.
Айлант мени, гүл буракка, азем бүткөн саймага,
Ай, неберем, келечегиң — эркиң бүтүп болоттон!

## КЕЛ, ЖАНЫМ!

Сен жазым — күтүп далай самаганым,
Сейилдеп гүл бакчаңды араладым.
Кандайдыр канат бүтүп кастеттүү
Канча бир жылдыз төрдө сабаладым.



Буладай булут көрдүм, мүрөк көрдүм,
Созулган сүйкүм элес жибек көрдүм.
Сезимге ыр, күү болуп тунуп калган,
Дос көрдүм, мээрим төккөн жүрөк көрдүм.

Жер кезип бүт дүйнөнү араласам,
Көп турмуш: от, сууларга аралашам.
А бирок алар сага бир окшобой,
Кандайдыр ээндикте бара жатам.

Көрсөм да жайлоо гүлдүн мен эчени,
Ишендим өзүң болдуң келечегим.
Кел, жаным, коштоп бирге тарталычы,
Мээримдүү мекен жүгүн — энекенин...

## АК ТАҢДАР

Ойгонсоң жайдын таңында,
Торгой күү таңшып жанында.
Сыр түйүн барак ачылып,
Сызылат жүрөк канында.

Эмгекте адам демденет,
Эрдикке канат сермелеп,
Абасы ууз, салкын төр,
Атырдан бүткөн өңдөнөт.

Таң жели гүлдүү кырдагы,
Бийлетип жумшак ыргагы.
Ой-тоону каптап таң нуру,
Ойгонот сезим кылдары...

Сулуулук көркүн, сересин,
Максаттын алтын жебесин,
Аралаш жүрсөң эмгекте,
Ак таңды андан көрөсүң.

Жыргал ээ шоокум таңдагы,
Өмүргө азык таңдары.
Дүргүтөт сезим дүйнөндү,
Түркүн куш сайрап талдагы.

Көкөлөп канат каксам дейм,
Көшөгөм бийик ачсам дейм.
Кайраттуу кармап каламым,
Мекенде таңдай атсам дейм.

Жакшылык күүсүн чертсем дейм,
Жалыным жерге төксөм дейм.
Жамынып ак таң нурунду,
Жанар тоо болуп кетсем дейм.

## ЭЧ УНУТПАЙМ

Артта калган катаал күндүн, мүнөттүн,
Эске салсам айтып бүткүс арманын,
Эч унутпайм, үшүн алып жүрөктүн,
Кара кагаз каран түнгө салганын...

Кырман түнөп, кызыл басып, майдалап,
Нан жытына болуп кээде алагды.
Эч унутпайм, жарышчу элек тандап ат,
Элтең-элтең карап согуш тарапты.

Кыжыр кайнап фашист деген ысымга,
Уйку көрбөй үмүт таңын атырып.
Эч унутпайм, жазды-жайлай, кышында,
Өмүрүмө болуп улуу чакырык.

Кайран гана алтын күндөр, балалык,
Согуш өртү чулгап алган бекемдеп,
Эч унутпай айтып жүрөм — ал анык,
Өмүр жолдо улуу сыноо экен деп.



...Ошол жазда айтпа... гүлдөр өнгөнүн,
Журт түнөгүн кыдыр даарын, бак каран.
Эч унутпайм жеңиш таңы келгенин,
Ошол күнү бүчүр жарган бак-дарак!

## КЫЗЫЛ АТ

(поэма)

**Пролог**

Басылып согуш өртү батыш жакта,
Эл тынчып эмгекке өткөн бакыт чакта.
Эсимде...
күзгү майрам...
ноябрь ай
Жыйылып
түшүм даны, аппак пахта.
Эсимде...
ат чабышта,
чоң мөөрөйдө,
Конгону көңүл кушум
кызыл атка.

I

Ар кимдер ашса экен деп күлүктөрүн,
Сууткан таң ашырып «күбүп» терин.
«Омийин»! Салдым сени аламанга,
О, кудай, жакшылыктан түңүлтпөгүн...

Дешет да чабандестен сурап баарын...
— Байкагын, күлүк кызыр убактарын,
Камчы чап, эгер калсаң коюу чаңда,
Жанынан өтөрүңдө чубатманын.

Кетпестей курч сезимден, көңүл-ойдон,
Көкүлүн кызыл аттын түйүп койгон.
Кеп кылат кээ биреөлөр сынын айтып:
— Тапталган табы менен күлүк колдон...

Чабандес бала өзүнчө боюн жасап,
Кызыл ат башын салып балп-балп басат.
Ай туяк, буттары ичке, көздөр жайнап,
Тулку бой тал чыбыктай кумар жазат.

— Көжөлүп чуркашын көр..! Балдар атап,
«Көк томпой» — бир ысымы алган атак.
Чабылса алыс жакка түш басым жол,
Чарадай туягынан даңкан атат...

II

Аңгыча жарыш чекке келип баары,
Учуруп учкул ойду күлүк даңы.
Желегин желп дедирип, колун шилтеп,
Айда!.. Чап! Жарыш!..— деди Күмүш кары

Дүркүрөп аламан топ дабыштары,
Дирилдейт токой, калың камыш дагы...
Ээрге бек олтурушуп чабандестер,
Ойнотот жүрөктөрдү намыс каны.

Учса бат көп күлүктүн өкүмдөрү
Шамалга сапырылып көкүлдөрү.
Биринен бири озгон аттар сынын,
Кеп кылат чоң жарыштын өкүлдөрү

— Тигине, чыкты алдыга Сар ат келет,
— Жок, кайра озуп кетти,
Кара ат келет,
— О, чиркин! Кер торуну
карагыла,



— Жаныбар табында экен
канат керет.
— Барпынын ушул аты укмуш болуп
Барпы чоң бар мүдөөгө жарап келет.

— Кой, кокуй, ошол кеппи буурул келет,
Кумарлуу зымырыкка бугун бөлөп.
— Чалкардай жайык элe чаар озду,
О, эл-журт!
Бар көңүлүң бургун, демек!

Ат тобу аткан октой атырылат,
Шамалдан куйрук, жалдар сапырылат.
Куюндай эпкининен күлүктөрдүн,
Тал-дарак, өскөн бадал жапырылат.

Суулугун чайнап алга суналышып,
Боюнан күмүш бүркүп буу агызып.
Комуз күү айланада шыңгыр этет,
Алыска «Күлүк!» — деген күү агызып...

Кандайдыр улуу күчтүн сүрү келет,
Кыргыздын кырда ойногон үнү келет.
Желбиреп байрактары жоону кууган,
Жер жарган кырк чоронун дүңү келет.

Кээ биреө тим олтурбай колун кезеп,
Жарышка өзүнчө эле берип эсеп.
Ак, кызыл жоолук менен башын бууган,
Ат чапкан балдарды алкап:
— Бали! — дешет.

III

Айланна... Чаң тозоңун жаап келет,
Күлүктөн күлүк узап даап келет.
Чабандес терге баткан кызыл аттын,
Үстүндө бүл-бүл жанып чаап келет.

Кызыл ат алгач артта боло берди,
Бала да тизгин тартып чоё берди.
Анан ал тиер-тийбес камчы таптап,
Аңдоостон атты эркине кое берди.

Кызылдын карааны араң болуп седеп,
Арышын эки эселеп чоюп келет.
Жаныбар бир көрүнүп, бир көрүнбөй
Түйүлүп түйүнчөктөй болуп келет.

Бала да башы менен шамал жиреп,
Арт жагын улам карап,
болуп зирек.
Оюнда биринчилик алсам деген
Ойноктойт
оттуу тилек,
жакшы тилек.

Тургандар мактап калды:
— Бул кызыл ат
Турчу эле жүдөө тартып...
Бир кызык ат
А бирок, мара күткөн мелдештерде
Чөмүлүп
байгелерди бербес терге.
Чүрөктөй
сулуу тартса буурулданып,
Кана айтчы!
Эл кызыкпай ким кызыгат?

Кызыл ат кызыды эми басып көптү,
Сандаган күлүктөрдөн ашып кетти.
Жаныбар,
жаныбарым,
жаныбар — деп,
Саяпкер кубанычтан жашып кетти.



Чабандес ат үстүндө эбелектеп,
Үлбүлдөйт бир көрүнсө бир көрүнбөй.
Саяпкер санаа тартып чебелектеп,
Сыйынат миң мертебе дүйнө-күнгө.

Кызыган алыс жерге өзүн сынап,
Кызылдан ак буу чыгат, көк буу чыгат.
Саяпкер бул дүйнөгө сыйбачудай,
Туралбайт бир ордунда карап чыдап.

Бир кезде Кер торудан ашканда ары,
Күн күлүп ийгенсиди асмандагы,
Кыйкуулап жашылданган саяпкер чал,
Кыйкырды адатыбы шашкандагы...

Кызыл ат эми элирип, эрип келет,
Талпынып күлүк алдын терип келет.
Үстүндө чыйрак минген балакайдын,
Дүйнөсү өзүнчө эле кеңип келет.

Айлампа деңизинде сүздү белем,
Бараткансып булуттун үстү менен.
Кызыл ат улам өргө закым таштап,
Караанын катарлаштан үздү белем!

Кээ бирөө дуу-дуу этет, күлүктү алкап,
Кээ бирөө саяпкерин жүрүштү алкап.
Кызылды сүрөөнгө алып ак марада
Калың эл толкуп турду үмүт чайкап.

Оюнда чабандестин күлүк ыры,
Закымдап мара сырын түйүп ыры,
Ар бир сап жүрөгүндө кайталанды,
Сезимге намыс күүсүн үйүп ыры.

«Күлүк келет ызгын чаңы алыстан,
Шамал жиреп колдо тизгин карышкан.

Көбүк чайнап дир-дир этип жаныбар,
Башын чулгап көл-шал терин агызган.
Ай, тулпарым, жаныбар!
Астына ат салбаган.
Жал-куйругуң жапырып,
Тентек шамал айдаган.

Жалт-жулт этип от чагылтып туяктан,
Дүбүрт укмуш тоо таштарын ураткан.
Капталына канат бүтө калгансып,
Күлүк келет күү ыргагын чубаткан.
Ай, тулпарым, жаныбар!
Оодугун чайнаган.
Көздөп алыс маранк,
Көздөр оттой жайнаган.

Кандай укмуш асыл малдын тукуму,
Каалаганча карай бердим утуру.
Лириканын дүйнөсүнөн чыксам ээ,
Пегас сымак минип алып ушуну.
Ай, тулпарым, жаныбар,
Айды көктө жандаган.
Тулпар сының артылып,
Туягың таш аймаган...»

Чабандес ат үстүндө бөгүп алган,
Зымырап бир кыймылга көнүп алган.
Көк томпой
марапы эңсеп,
куштай сызып,
Тездиктин тереңине чөгүп алган.

IV

Көк томпой ак марага келер менен,
Элди айтпа! Мен өңдөнгөн, сен өңдөнгөн.
Өзүнчө мелдеш куруп олтургандар.



Дуулдап үндөр кетип алыс жакка,
Ар кимде кубанч оту тереңдеген.
— Байгемди бергин азыр,
— Берем шашпа.
Сабыр кыл, бир азыраак
байгең белен!

Анан да ич күйдүлүк, атайыбы,
Сурашат бала ысмын кычаш менен.
О, секет, таалайга сен туташ белең,
Жыңайлак тоодо өсүп, күлүк чапкан,
Он жашар Акмат уулу Мусаш белең!

Анда ал көк томпойго көзүн салат;
— Жашасын кызыл атым, талбас канат
Ушундай жакшы чыкса, күлүк чыкса,
Мен эмес бүт айылы сыймыктанат...

Бер жакта Ысман ата саяпкери
Келишсе ат чабыштын талапкери,
Жомоктойт Мусаш жана күлүк сырын,
Тирелген көкүрөктөн тарап деми...

V

Күлүктү, терге чөккөн кызыл атты,
(Үч бала... билбейм, алар кызыгатпы...)
Жетелеп ары-бери күлүндөшсө
Менин да ичим оттой ысып атты.

А кокус күлүк чыксам турмушумда,
Көктөгү Айды жандап, Күндү жандап.
Кыялдуу, кош канаттуу Пегас атым,
Күлүктөй чексиздерге сызылатпы?!

Ооба, чын...
Сызылат..
Кең заманымда

Үйрөткөн илими бар барагында.
Бараткан өмүр жолдо анда эмесе
Байгеге кызыл аттай жарагын да,
Түбөлүк орноп калган жарык болгун.
Көп элдин жүрөгүндө, кабагында,
Бил жолдош, билгин курбум, дос тууганым
Так ушул менин өткүр талабым да,
Так ушул менин айткан сабагым да!

**Эпилог ордуна**

...Анда күн жаз айы эле, ашар эле,
Ат чабыш эл чогулуп базар эле.
Канчалык алыс болсо мара чеги,
Кызыл ат — колхозумдун көк томпою
Буйдалтпай сан күлүктү басар эле.

...Кызылдын кызуу тери тарабаган,
Чыгарып бир күн жаңы арабадан,
Куйругун түйүп кошсо аламанга,
Кээ бири күлүктүгүн баалабаган.
—Койчу, Ысман, жоругуңду—нышке сыйбас
Күлүк деп кырчаңгыны, жарабаган,—
Дешкен эл кызыл аттын табы жок деп,
шылдыңдуу күлкү менен карап анан...

Кээсинде өзүнчө жин келе берди,
Дайны жок чуру-чуу түшкөн энеңерди...
Ашса ашат, байгени алат, кеп буйрукта,
Койгула, кургак желдүү жемеңерди...

Кызыл ат күлүк экен алыс чуркар,
Мейли түз, мейли айланпа топто кыркар.
...Жер алыс — жыйырма чакрым... байгени алып
Аталган: — Бул көк томпой анык тулпар



Көрсө ошол арабада тери кызып
Таптоого келген тура жанып тулпар...

Көк томпой бир башкача ат жаныбар,
Жонунда ыйык бүткөн ак жалы бар.
Алгачкы ат чабышта — ошол жазда,
Атактуу күлүк болгон тапталып ал.
Көккө учкан көк томпой деп ырга айланган,
Ар кимдин жүрөгүндө жатталып ал.

## АДАМДЫКТЫ АКТАСАК

Адам деген жокту барга так улап,
Алда турган турмушту улам жаңылап.
Күн шатысын коюп аалам журтуна,
Түбү-учу жок чексиздерге, дүйнөгө,
Чыйыр салуу — дагы терең арылап.

Мейли көппү мейли кээде аз жашап,
Бул турмуштун дыңдарына каттасак.
Басып жүргөн адам эле дедиртпей
Сезимдерден дайым таап жылуулук,
Адам деген ыйык атты актасак...

Жашаган соң ата-журтуң, мекендеп
Айтарым бул: алгын ордуң бекемдеп.
Адам ысмы тирүүлүктүн жылдызы,
Үлуу же бир кичүүдөн
Өкпа жеме: «Адам эмес экен деп»...

Жашоолорго келип адам бир ирет,
Ак милдети — иштеп эмгек сиңирет.
Анын ысмы чоң жарышта сыналып,
Сынга толсо кайра жашап,—
Өмүрү анын өрпөк болуп тирилет.

Адам ысмын ардак кылып жашоого,
Берген тагдыр, чалмаңды сал азоого.
Абийир чении алтын затка алмашпай,
Сыйкыр тутуп адам деген атыңды,
Ыраазы бол бул өмүрдө жашооцо.

Ыр, күү болуп кайталанып кезинде,
Адам ысмы сергип канда, сезимде.
Чырпыктайдан баалап аньн кең жолун,
Асты курбум, күн алдында өмүрдө,
Адамдыкты кордогонду кечирбе...

Адам деген жокту барга так улап,
Алда турган турмушту ачуу — жаңылап...
Күн шатысын коюп аалам журтуна,
Түбү-учу жок чексиздерге
Чыйыр салуу—дагы терең арылап...

## АПАМА

Бүгүн мен ашсам белди бийиктеги,
Асканы тешсем качып кийиктери,
Журтума тийип жигит керектигим
Байкалса күн отунун күлүп деми,
Анда чыны, апакебай,
Адамча өстүргөнүң сүйүп мени.

Бүгүн мен угуп элдин алкаганын,—
Көп болуп журтка пайда кайтарарым.
Каснет булут болуп асманымда,
Кандырсам жердин укмуш чаңкаганын,
Анда чыны, кутман апа,
Өскөнү келечек күн — аркаларың...





Түйшөлүп түн катырган эмгек менен,
Бешигин ойдун кимдер терметпеген.
Элиме адал иштээр кызматым деп,
Түпкүргө канатымды сермеп кенен,
Бийиктесем, апекабай,
Сенин да бийиктигиң: «Эмгек!» деген.

## ЫСМЫҢ ДҮЙНӨ АРАЛАСЫН

*(Русланга)*

Аскарың — асман челип бийик жатат,
Жылдыздар жымың этип тийип жатат,
Көл, дайраң сапырылып көбүк чачып,
Жеримде ак сүт мээрим ийип жатат.

Сен дагы аскар болгун басар жолдо,
Ташкында, дабандарды ашар жолдо,
Эрдик көп, эмгек териң агызып кал,
Өчүрбөй өмүр отуң жашар жолдо.

Дайрадай мөңкүп аккан талааларда,
Жанып тур чолпон болуп калааларда,
Максаттуу күндөр күтүп келер жолдо,
Канат как, кагылайын, карап алга!

Жолунда бакча турат, гүлдөр турат,
Жомоктой эрдиги көп күндөр турат,
Сезимде ырлар, күүлөр ашып-ташып,
Сен курар, бийик, бакыт үйлөр турат...

Сен дагы кулпур, иним, жаңыланып,
Өмүрдө өчпөс издин шаңы калып,
Үмүт, ой кайталанып, тирек болгун,
Үзүлбөй бакыт жибиң дагы уланып..!

Мээримге батып бакчаң аралаган,
Шумкардай канат каккын сабалаган,
Байыркы Манас сындуу бабалардай,
Баатыр бол, ысмың дүйнө аралаган!..

## АК КУУЛАР УЧУП БАРАТАТ

Ойногон Соң-Көл бетинде,
Оюнда батып жыргалга.
Сырлар көп канат серпимде,
Кош айтып белес, кырларга.
Ак куулар учса алыска,
Айтылгыс анда сыр бар да.

Чокулар бийик, муз акак,
Саргайып өңү күз жерим.
Ала-Тоом алыс узатат,
Ак куунун далай тизмегин.
Обслоп учкан сулуудан,
Оо, досум, үмүт үзбөгүн.

Толкундап кубанч бактыга,
Тоо көлүм күмүш кайнаган,
Кыйыпшас досу ак кууга,
Береке болуп жайнаган.
Жаңырат ыры дегенсийт,
Жайылып ак куу кайрадан.

Айланып көлдү миң карап,
Ак сүтү ташкан ынактай.
Жээкте камыш ыргалат,
Ак куулар сырын сурап жай.
Алыска төгүп нурларын,
Аскадан күн да чыгат жай.





Ак куулар асман эркеси,
Кош канат сенде талыбай.
Алыстап көлдөн кетпечи,
Сен барда мекен шаңы бай.
Өрөөндүн көркүн чыгарып,
Өмүрлөр жапжаш карыбай.

Ойногон Соң-Көл бетинде,
Оюнда батып жыргалга.
Сырлар көп канат серпимде,
Кош айтып белес, кырларга.
Ак куулар учса алыска,
Айтылгыс анда сыр бар да.

## АНДА МЕН...

Сүйүүнүн айдап кайыгын,
Толкундун кармап балыгын,
Көл, дайра күчүн багынтсам,
Анда мен жеңип алганым —
Көктөгү күндүн жарыгын...

Чабыттап кыргыз тоолорун,
Чабыттап кеңдүү зоолорун,
Ыр кенин сузсам деңиздей,
Анда мен үзбөс кылганым —
Өмүрдүн жибек боолорун.

## СЕН ЭКӨӨБҮЗ

Кыз кезегиң кызык эле мен үчүн,
Кыя жолдор даңгыр тартып көзүмө.
Эрип кетип жигит деген кеп үчүн,
Байланчумун сыйкыр тарткан сөзүңө.

Жүзүң жаркып, мөлтүр эле, жаш эле,
Гүлбурактай элес таштап көңүлгө.
Жан курбалың жаштыгыңа мас эле,
Закым күчтөй чексиз карап өмүргө.

Кош алмаң да төшүң тиреп кезинде,
Тоо гүлүнө толуп кетчү кучагың.
Бирок мурун эркин сүйүп сезимде,
Билбептирмин башка жакка учарың?

Ошол кездин кайда кетти карааны,
Ортобузду тоолор тосот чеп болуп.
Тагдыр айрып, өчүп жаздын жамалы,
Жүрөк ыйлайт калган кезге кеч болуп.

Сен экөөбүз ыраазы эмес тагдырга,
Бөлүп кеткен ак куу менен шумкарын.
Бажырайып турат менин алдымда,
Бир элесиң жаратса деп ыр сабын.

Эч ким билбейт тээ көктөгү Ай билген,
Андан кийин аппапакай таң билген.
Сен болбосоң ыр жаратмак эмесмин,
Сезим отун тартып алган жан биргем.

## ЭЭЛЕДИҢ ТАРЫХ БАРАГЫН

*(Нева дарыясынын жээгиндеги Петр I нин эстелигине)*

Алкынтып тулпарыңды баратканың,—
Ал сенин сынбас учкул канаттарың.
Кылычың кындан сууруп темингениң,—
Ал сенин жөө туманды таратканың.
Жүрөгүң жылдызданып,
Мурутуң кылычтанып,
Ээлединң эрдик өнөр барактарын.



Жылмаюу нур жүзүңдөн байкалганы,—
Жүрөгүң ичте сырын айталганы.
Элиңе эстен кеткис болду мурас,
Эмгегиң чоң үзүрүн кайтарганы.
Ойлоруң тунуктанып,
Канатың булут чалып,
Байкалды максат күнгө алпарганы.

Шерденип Нева суусун караганың,—
Элиңдин келечегин самаганың.
Өмүрлөр тынбай акса дайрадай деп,
Жакшы үмүт, тилек болгон каалаганың.
Турбадың тыным алып,
Эмгекте тууну алып,
Өстүрдүң Россиянын калааларын...

## КАРА-КУЖУР

Көйкөлүп шайы кырмызың,
Окшотуп асман жылдызын.
Саламат жанга бал-дары
Сабада бышкан кымызың.

Күнгөй, тескей жайыгың,
Окшотуп көлдүн кайыгын.
Чарбага чалкып бараткан,
Карачы колхоз байлыгын.

Булагың күмүш таптаза
Эңишке боюн таштаса.
Каныга жутуп козу-улак
Семиргени башкача.

Мээриндей тууган энемин
Ардактап сени келемин.

Электр менен жүн кыркып,
Эмгекте сонун белегиң.

Сарайлар, клуб салынып,
Күзгүдөй үстү жабылып.
Кара-Кужур карасам,
Өрөөнүң барат жаңырып.

## ДЫҢ ЖЕРДЕН КАТ

Терезе... Күндүн нуру тийип турат,
Үй ичин көркке бөлөп берип кубат.
Секретарь тиктеп улам чоң картаны,
Сергейге чөл жөнүндө баян кылат.

— Карачы, Алтай, Сибирь, Казак жерин,
Термелип бышсын үчүн алтын эгин.
Кыз-улан кызуу темпте иштеп жатат,
Көрсөтүп тоодой кайрат жаштык демин.

Бул сөзгө бардык оюн бөлүп Сергей,
Кыялы алып учат канат сермей.
Элестейт... дың жердеги сүйгөн кызы,
Толкутуп жүрөк күүсүн улам термей.

Сергей да айтты сырын,— сүйгөн кызын,
Айлуу түн... күйүп турган нур жылдызын.
Люба деп ар сөзүндө атын атап,
Эскерди келечекки гүл турмушун.

— Эх, Сергей—ефрейторлук даражаң бар,
Эмгектин сыймыгындай көрүнөт ал.
Үч жылы армияда кызмат кылып,
Сен белең шоферлукту унут кылар.



— Жок, деди Сергей күлүп сырдуу терең.
Сүйүктүү кесибимди таштайт белем.
Аңтарып асыл жердин кыртыштарын,
Ал тургай тракторду айдай билем.

Аңгыча почточу кыз кирип келип,
Алдыртан күлүң этип бир кат берип.
Кайрадан кош айтышып чыгып кетти,
Кандайдыр Сергей жакка көңүл бөлүп.

Секретарь ошол замат окуп катты,
Кубанып ар сөзүнө толкуп жатты.
Бир кезде: «качып кетти» деген сөзгө,
Кубарып өз ичинен ойго батты.

— Максатка бекем туруп иш аткаруу,
Болоттой жаштык кезге таандык бары.
Ал эми Асан дыңдан качып кеткен,
Жазыптыр ал тууралу курдаштары.

Сергей да ушул сөзгө кабак түйүп,
— Асандай качат белем — деди күлүп.
Бизге жат андай адат, андай жорук,
Алдыда милдет турат ардак, бийик.

...Арадан бир жыл өтүп болуп көктөм,
Ал Сергей путевка алып дыңга кеткен.
Кат келди комитетке — секретарга
Кайраттуу эмгек ишин элестеткен.

— Мен болсом тракторист, Люба врач,
Түбөлүк өмүр коштук ал да ырас.
Кыйындык белестерин ашып өтүп,
Эмгекте күчөп жатат мелдеш, сынаш.

Инженер курулушун куруп жатат,
Гидролог түркүн канал план тартат.

Агроном мол түшүмдүн ээси болуп,
«Жумушчу-завод деген сөздү айтат...»

Ушундай улуу пикир, жаштык жалын,
Кубанат, толкуйт жүрөк айтсак барын.
Кыш күнү чатырчада күн өткөрсөк,
Ал эми азыр башка аппак тамым!

Баягы качып кеткен Асан курдаш,
Кайрадан дыңга келген ишин сүйүп.
Мелдеште мени менен жүрүп жатат,
Дың бузуп, тракторун талбай минип.

Кечинде келген кезде тарап иштен,
Музыка... шайыр жаштар бий бийлешкен.
Достуктун чынары бар өсүп турган,
Көргөндөр куттук айтып «бали!» дешкен.

Биз турган, жаңы курган ушул совхоз,
Чөл болсо, суу барбаган өңү бопбоз.
Шаардай көркkө келип келечекте,
Эчен үй, жарык көчө курулат кооз.

Күмүш суу тоо булактай шылдыр агып,
Күлүңдөп көктө жылдыз жерде жанып.
Кыз, улан колтукташып аллей менен
Сырдашат жер тарыхын сөзгө алып.

Асфальтта жалт-жулт эткен күзгү сымак,
Автобус катар-катар чубап турат.
Угулуп фабриканын гудок үнү,
Балкасын эр жумушчу заводдо урат.

Паркында жаш бөбөктөр кужулдашып,
Билим кенч мектебине бирге басып.
«Пионер» ысмы сүйкүм ушул совхоз,
Жашарат байлыктары көлдөй ташып.



Фонтаны атырылып гүлдөр жайнап,
Булбулу бул жөнүндө мукам сайрап.
Акындар андан бетер кыялданып,
Ыр жазат «Жаңы жер» деп китеп арнап.

Бир кезде ээн жаткан жапан талаа,
Бөлөнүп жемиш бакка салаа-салаа,
Төрөлүп коммунизм жаш бөбөгү,
Изилдеп жаңыларды турат ана.

Жок, досум, бул айтылган кыял эмес,
Дың жерде бүтүн жаткан чындык элес.
Келгиле, биздин жерге алп эмгекке,
Керимкул, Керимбүбү, Жаркын, Кеңеш!

# ТЫНЧТЫК, ДОСТУК СЫРЛАРЫ

## ОРУС ДОСУМ ЖӨНҮНДӨ

Кадыр тутуп айран, сүтүн, каймагын,
Сагынып сен кыргыздын беш бармагын,
Наркты билип, баркты билип, Василь дос,
Накта кыргыз турмушунда кайнадың.

Досум десе менин атам ардактап,
Достук мээрим, туугандыкты салмактап,
Алып ичет өз үйүндөй Василь дос,
Ак кесени максым чертсе баржактап.

Толкун термеп тоодо канат күүлөтүп,
Атам сындуу укурукту сүйрөтүп.
Ал Василь дос билсе багып мал сырын,
Жакада элге бак тиккенди үйрөтүп.

Аралашып каз-өрдөккө малыбыз,
Бирге тоссок алдыбызда кары кыш.
Бир ынтымак сүрөп бизди алдыга,
Бир эненин балдарындай баарыбыз.

Эрдик жасап, эмгек этип күнү-түн,
Гүл доорума кошуп бакыт үлүшүн.
А Василь дос туудай кармап жактырат,
Эмгек менен куунак өмүр сүрүшүн.



Көп жылдардан болуп бери кошуна,
Сырын төгүп Василь досу — тоосуна.
Жаңы салтта жаркып куда түшсөм деп,
Барбалактайт көптөн таанышы досуна.

Бир кездери батып теңсиз кайгыга,
Омскиден келген кыргыз айлына.
Ушул жерлик болуп укум-тукуму,
Учу узарды этек-жеңи жайыла.

Дем күч алып Октябрдын нурунда,
Келатабыз бир тагдырдын нугунда.
Орус жерин кылса Василь даңаза,
Кыргыз тоосун кымбат баалайм чынында.

Кызыктырып сен өстүргөн гүлдөрүң,
Ар өнөрүң көргүм келип күндө миң,
Сыймык көрүп орус тилде сүйлөсөм,
Василь билет азиат эл тилдерин.

Жыгач уста, темир уста эгерде,
Бул турмуштан каалап калсаң сен эмне.
Чынар жайып салаалаган бутагын,
Достук дарак тамыр жайган тереңге.

## ПЕРЗЕНТТЕРИМ

Алты-балам — алты булак шар аккан,
Заман,журту тагып талбас канаттан,
Алар бүгүн алыс учар түлөктөр,
Жаз дүйнөсүн жасаш үчүн бараткан.

Жеңиш алып далай дабан жарганын,
Сүрөп алга тизгинин бек кармагын.
Элди сыйла эл да ыйык урматтайт,
Эл, жер менен бийиксиңер, ардагым.

Алты балам — алты тоом, сецирим,
Алты аскарым—тартуу кылган теңирим.
Алар барда көлүм толкуп, күчүм шат,
Түлүгүм шай, бышып мөмө, эгиним.

Сыйла энеңди, сен да эртең апасың,
Сыйла атаңды, сен да эртең атасың.
Чырпык элең бүгүн мына жетилип,
Тамыр жайып өсүп келе жатасың.

Алты балам — алты от жалын—бар табың,
Силер менен жашоо күүсүн тартамын.
Силер менен чоң максатка көчтү алып,
Анан мындай аталык сөз айтарым:

Турмуш кызык, дос-курбудай сүйдүргөн,
Бөксөлөнүп турса мейли бар дүйнөң.
Сырга толуп, ырга толуп кубантып,
Мелт-калт этсин жаркын дүйнөң, жан
дүйнөң

Алты балам — алты жылдыз жанарым,
Алдан тайсам кайрат кубат аларым.
Турмушумдун бир үзүмү өчпөгөн,
Элде көктөөр эртеңки өмүр дарагым.

Эгер болсо кыянаттык катыгың,
Алып ташта аны билген жатыгың.
Ашып-ташкан байлык күткүн дебейм мен,
Ашып турсун адам сыйлар акылың...

## ЭЗЕЛДЕ БИР

От — бул өмүр отуң болсун ордолуу,
Оттуу туяк атырылтсам жоргону,
Мекен сыйын улап жатат бийикте,
Жигит, кыздын от кармаган колдору.



Күчүң барда, кубат барда от керек,
Демек, курбум, кайраттуу бол от демеп.
Жүгүн алса кээ бирөөлөр Мекендин,
Жүрөгүндө оту менен өткөрөт.

Сүйүүсү бар ошол отто жалындуу,
Максаты бар ошол отто арымдуу.
Тоскоол жарып тоодой толкун күч менен,
Тосуп алат аппак сулуу таңымды.

Оттор жанып тээ бийикте тоолордо,
Оттор жанып жол төшөлүп зоолордо.
Ырдап эркин обологон боз торгой,
Оттор жанып, суулар агып коолордо.

Алыс жүрсөң от жаныңда, жолдошуң,
Ай, курбалым! Түшүн, кандай ойдосуң?
Эзелде бир элге кайгы күн салган,
Атом оту, ажал оту болбосун.

## НАН ЖӨНҮНДӨ

Кайда десем, сыйдан бүткөн асылдык,
Өзүңдө экен аны кайдан жашырдык.
Өзүң менен өмүр алып, нур алып,
Өзүң менен жайнап гүлдөй ачылдык.

Кокус сага колу тийсе кесирдин,
Кечир, Наным, ыйык элең кечиргин.
Эстеп көрчү көз жаш чайган күндөрүн,
Согуш мезгил нанга зарыл кезимдин...

Максат алсак адам кечпи, эртеби,
Ак нан менен жарык шоола эртеңи.
Сырын айтчы, сырын түйчү замандаш,
Сыртта дайра нандын күүсүн чертеби?!

Ооба, чертст, булак, дайра жолдошуң,
Алар сүйбөйт ак нанды адам кордошун.
Айланайын касиеттүү нан жыты,
Ардак болуп ар дайым сен колдосуң.

Ачкыл ташса ак баржактап кесеңден,
Ак нан күчүн кереметтей сезем мен.
Ак нан күчү сактап калды түбөлүк,
Ата-журтка келген фашист-кеселден.

Керек кээде жылдыз болуп күйүүчү,
Керек кээде жандооч болуп жүрүүчү.
Сенде күн нур, сенде шамал ырлары,
Сенде дайым дыйкан, талаа сүйүүсү.

Кайда десек сыйдан бүткөн асылдык,
Өзүңдө экен аны кайдан жашырдык.
Өзүң менен касиеттүү күч алып,
Өзүң менен жайнап гүлдөй ачылдык.

## КАР ЖААП ЖАТАТ

Кар жаап жатат...
Кардын барбы арманы,
Аппак канат, ийри бутак тал дагы —
Шейшеп кийип эстеликтей дүкүйөт,
Өгүз таштар, үйдөй таштар сайдагы...

Кар жаап жатса —
Кабагы элдин жапжарык.
Каткырышып кап-кап шекер кантты алып.
Толкуп-ташып, гүү-гүү этип дайралар,
Тоо түбүндө күмүш жатат катталып...

Кар жаайт улам...
Карда лыжа зымырап,



Темир аяз күүсү кулак тундурат.
Бирок жүрөк жылуу мээрим ойнотуп,
Жаздай сулуу жалын отко жылынат.

Кар жаайт улам,—
Чулгап нурга жүзүмдү,
Элестетип эртеңки алар түшүмдү.
Кар канаты каалгып учса асманда,
Карк кылчудай келчү байлык күзүмдү.

## ЭЛДИК КОШУН

*(Хор)*

Чыңай билип, элдин достук катарын,
Бийик учат, бирдик алган сапарың.
Колуңдагы кызыл белги баяндайт,
Эл, жеримде бейкут таңдар атарын.

Кайырма:
Өмүрдү алга сүрөштө,
Өрүшкө чапкан күн эсте.
Өчүрбөй жүрөк жалынын,
Өрнөктүү кошкон салымың,
Элдик кошун — тартип чыңоо күрөштө...

Арам ойлор, кетип кара түн менен,
Тентек, бузук сен бар жерде жүрбөгөн.
Бактылуу күн кайталанып тоолордо,
Жаз дарагы сынбай эзел, бүрдөгөн...

Кайырма:
Өз элин алга сүрөштө,
Өрүшкө чапкан күн эсте.

Ширетип достук жалынын,
Ынтымак алган арымын,
Элдик кошун — эмгек, иште, күрөштө.

Мекен берген эркин өмүр, улуулук,
Улам жаркып, алтын болуп кубулуп.
Ый угулбай, ыр, музыка жаңырып,—
Өкүм сүрүп — турса дейсиң сулуулук...

Кайырма: Өмүрдү алга сүрөштө,
Өрүшкө чапкан күн эсте.
Өчүрбөй жүрөк жалынын,
Өрнөктүү кошкон салымын.
Элдик кошун — тартип чыңоо күрөштө.

## ӨТСӨ ДЕЙМ

Өмүрүм шамдай жагылып,
Өзөндө суудай агылып...
Өтсө экен дайым жемиштүү,
Өрүшкө туудай тагылып.

Бараткан алыс сапарым,
Жайнатып жашоо акагын.
Жаз болуп турсун түбөлүк,
Жашылдан кийип чапанын...

Кылымдар жаткан жашырын,
Аңтарып жердин асылын.
Тапса дейм менин өмүрүм,—
Таалайдын алтын казыгын...

## ТУУГАН ЭЛ

Ыр алып бул турмуштун закымынан,
Тууган эл ысмың ыйык жакын угам.
Толкундайм тилеп жаркын өмүрүңдү,
Тоо бүтүп тоо жаралып акылыңан.



8—240

Уул-кызың ууз эмгек дили, билем,
Мүрөктөй кана татып илиминен.
Өнөргө, бийиктерге зуулап келет,
Чыйралып турмуш аттуу ийгиңен.

Баалаган бакыт журтуң — мекен сенин,
Балдарың ыйык сактап бекем чебиң.
Жыт бурап, жаздай жайнап, мээрим төгүп,
Жылдызга акыл кебиң жетер сенин.

Достукка канат сермеп, атып улам,
Тууган эл, тоо булактай сапырылам.
Толукшуйм өмүр алып, кубат алып,
Тоо бүтүп, күн жаралып акылыңан...

## ЖАМГЫР ЫРЫ

Чуудадай аппак чубалып,
Кай бирде өңүм кубарып.
Тытылып кээде түйдөктөй,
Удургуйм укмуш буралып.

Чагылган отун сындырып,
Күркүрөйм кулак тундуруп.
Жалбырттап турса Жер эне,
Жан берем көңүл тындырып.

Чаң басты болуп талаалар,
Чатырап дыйкан абалар.
Көйкөлөт жаап өтсөм мен,
Көк жашыл тартып талаалар.

Сапарым алыс чегемин,
Көнөктөп мончок төгөмүн.
Үлпөттүү көп тер эмгектин,
Үзүрүн күндө көрөмүн.

## ЖЕТЕР БЕКЕМ

*(Кургак-Үкөк тоосуна кайрылуу)*

Көркөм тоо көргөн кезде элесиңди,
Кандайдыр ыйык мээрим энесиңби.
Айтасың кубанч толгон мээрим менен,
— Ардагым, сагынтпай бир келесиңби?

Өттү го менде далай бала кезиң,
(Гүл баскан тулаңымды кара өзүң)
Кубанам карааныңды көргөн сайын,
Ырыс көл, ырым, дилим, кара көзүм.

— Мекеним, бийик тоом, Кургак-Үкөк,
Медериң бийик максат, билим күтөт.
Салтанат кура турган мүнөттөрүң,
Ыр, күүлүү, сагынычтуу күнүм күтөт.

Тилегиң жакшы билем, балдарыңа,
Бөлөгөн бакыт-бешик ардагыңа.
Алтын тоом, жетер бекем эмгек жактан,
Бийиктик, чечем жетпес салмагыңа...

## КӨПҮРӨ

Максат, оюң күтүп турат чекти көп,
Кыйын, досум, кыя жол бар өтүүдө.
Бирок, ага талаптуу бол, жеткирет —
Билим аттуу солк этпеген көпүрө.

Сенин жарык сезим-оюң, гүлдөрүң,
Бүркүт учкан Күн Чокуга жетүүдө.
Тепкич болуп, шумкар куштай үндөтүп,
Керемет күч илим аттуу көпүрө.

Бул турмушта бийик укмуш мунара,
Бар эңсеген максатыңа жетүүдө.





Достук сага болуп жеңиш салтанат,
Достук сени самагаңга алпарат,
Жашоо жолдо болуп улуу көпүрө.

## ЖАШТЫГЫМ АЙ, ЖАШТЫГЫМ!

Жанып-күйүп,
Ээ-жаа бербес өрткө окшоп,
Мен кезинде сапырылдым жалынга.
Бүт өмүрүм бир күн менен өлчөнүп,
Тосуп көрдүм жамгырын да, карын да.

Каркырадай,
Кыркаар тарткан күндөрдүн,
Кармап калып кээде алтын боосунан.
Азыр мына эстейм жаштык күндөрүм,
Кыргый жемин алдыргандай оозунан...

Кээде тынбай,
Жаз дайрадай күрүлдөп,
Жар уратып,
Таш агызган мүнөттөр,
Пайдалуу ишке
айланса да дүрүлдөп,
Умтулуунун оту күйчү жүрөктөн.

Жылдар дайра — толкунунда канатым,
Эбелектеп учкан кезин самадым.
Жарып өтүп чагылган от арасын,
Байкабапмын кайтпас болуп каларын!

Жаштыгым ай, жаштыгым
Чексиздикке кыял атын эргиткен,
Ойлой калып өмүр жылдар аздыгын,

Элеси көп,
алтын жаштык күндөрүм
Издейм сени
Өзүм жасар, өлбөс жашар эрдиктен.

## ЖАЗДЫН КӨРКҮН БЕРМЕКМИН

Жаз жарышы жаткан жан жок эригип,
Толкун термеп, чалкыйт дүйнөң элирип...
Сезим башка,
толуп жашка,
өмүргө,
Жаздын таңы ырга айланып кеткенби,
Көмөкөйдөн кетпес болуп төгүлүп...

Дарак гүлдөп сансыз бүчүр жарылып,
Жаштык жайнап,
Жок өңдөнүп карылык.
Өңүт ишиң
өргө коштоп,
күч берип
Жаздын таңы шаттык толгон дүйнөбү?
Нукка сыйбай, жар чапчыган агымы.

Эл журтуна көптү берип, аз алып,
Кырчын өмүр кышты узатып, жасанып.
Жайдар мүнөз,
жагалдантып адамды
Жаздын таңы жыпар чачып койгонбу
Шуудурумдөй миң кубулуп тазарып...

Жаздын таңы жарышыбы эмгектин,
Жаңы өмүргө жаңсап,
канат сермейт күн...



Жандооч болуп,
кайрат толуп,
кайнап бек,
Жалын чачып,
жарык кылган жолуңду
Жаздын көркүн кантип тартып бермекмин!

Ишен досум, ушул сөзүм айтылган,
Кем эместей берген ыйык антымдан.
Жаштык демге
жарап улуу намыска,
Жаздын таңы
мени эргитип алыска
Бүтпөс күндөй,
Бакыт күүсү тартылган.

## КАРАГОО — ЭНЕМ

Гүлдөрүң туудай,
Кыздарың куудай.
Өрүшүң алма,
Өрөөнүң буудай.
Келбетиң көрктүү,
Келемин ырдай...

Карагоо — Энем,
Жарыгым белең.
Жайлоодо өнүп,
Жайылды денем
Суттөн ак сага
Сүйүүмдү берем.

Карагоо — атам,
Сыйкырдуу батаң.
Туумдай көрүп

Тузуңду татам.
Ырыскым сен деп,
Кыялга батам.

Караанын кымбат,
Караймын кылдат.
Ак өтөт уулуң
Акылың тыңдап
Көтөрөт тоону,
Киришсе чындап.

Түмөндөп жайнап,
Тулугуң айдап.
Малчың бар баатыр,
Кайраты кайнап
Дыңынды бузган,
Дыйканың ардак!

Бакытың толуп,
Бак кушуң конуп.
Көрком үй, көчөң,
Катарлаш болуп,
Байлыгың — кенди
Баратам оюп.

Терметип бойду
Толкутуп ойду.
Ата Ильич шамы,
Ай, Күндөй болду.
Ыраңын бүтүн
Ырыска толду.

Ак чокуң бийик,
Асманга тийип.
Балбылдайт көзгө
Байлыгың ийип.



Күрдөөлүң артат,
Күн чыкса күлүп...

Сууларың сымап,
Бийиктен кулап.
Сай-сайда ташыйт,
Санжыра курат.
Кумарлуу күүлөр
Кулакта турат.

Эсен бол элим,
Эсен бол жерим.
Булактай таза,
Энемдей мээрим.
Курчутат мени
Кубаттуу демиң...

## МЕН ТӨРӨЛГӨН ҮЙ

Көкүрөккө сыйбай кээде сагынуу,
Келе калат туулган үйдүн жагымы.
Ак жолума сенден алган ар-намыс,
Жылдыз сымал алыстарга жагылуу.

Бөбөктөрүм кужулдашып сенде өсүп,
Чикит ойноп, упай ойноп мелдешип...
Күчүктөрүм кайда? — дешип ата, эне,
Издешчү эле үйдөн чыксак жер кезип.

Туулган — үйүм — ыйык жерим, аты улук,
Туурум болуп, ар-намыска чакырып.
Түшкө кирет суулар, токой, саздарың...
Кызыл кырман... буудай, арпа... сапырык.

А балдарың беттеринен кан тамып,
Келишчү элек жомок сырын аңтарып.

Укмуш, кызык окуялар сыйкырдуу,
Угуп көпкө айтчу эмеспиз: — Чарчадык.

...Ошондогу эки бөлмө жапыс там,
Кокус бирөө тургузгандай капыстан.
Көрүнчү эле ыйык, жарык, эң бийик,
Балалык бал сөзүмдү угуп чатышкан.

Үй алдында барик байлап терегим,
Сайрачу эле куштар кетпей эгерим.
Уя жасап күтүүчү элек меймандай
Чыйырчыктын билип жазда келээрин...

Эрдик жолуң миң карытар кылымды,
Бешик үйүм! Же сыйыңбы, сыныңбы?!
Сенден кетип кан майданга бир боорум,
Келбей калды сактап курар жыйынды.

Өмүр суум, ырым алган кубатым,
Көөнүм сүйүп көз алдымда турасың.
Кут койнуңда кубалашып ойногон,
Бөбөк кездин тамашасын курасың.

Азыр деле өз оюмда адашып,
Балалыкты бергим келбейт талашып.
Көрдүм бүгүн көп чырпыктуу бутагын,
Көп үйлөргө берген сулуу жарашык...

Көкүрөккө сыйбай кээде сагынуу,
Келе калат туулган үйдүн жагымы.
Ак жолума сенден алган ар-намыс
Жылдыз төгүп алыстарга жагылуу...



## БАРАТАМ САГА ТАҢДЫ АЛЫП

Көңүлүм сага байланып,
Көк шумкар болуп айланып.
Баратам сенин дүйнөңө,
Батпаган сулуу таңды алып.

Серпилсе алыс кулачым,
Сезимдин ырын туясың.
Өзөгүм менен бир бүткөн,
Өмүр суум болуп турасың.

Сапар ал, көлдө калкыгын,
Деңиздей улуу чалкыгын.
Көркүңө батып жан дүйнөм,
Көңүл, ой сенде, алтыным...

Карасам жазда шакты улам,
Караанын сүйкүм жактырам.
Элесиң көрөм кайталап,
Эмгекте келген бактыңан.

Опол тоо турмуш куруудa,
О, Сүйүү! Жолуң улуу да.
Оролду менин жүрөгүм,
Ой түшүп сендей сулууга.

Дарагың барат жашарып,
Жан-дүйнөң андан тазарып,
Өмүрдү алга сүрөгөн,
Өзүңдөн келген тазалык.

Көңүлүм сага байланып,
Көк шумкар болуп айланып.
Баратам сага, мөлмөлүм,
Батпаган сүйүү таңды алып.

## ЖАМГЫРДА

Дирижеру болуп мейкин талаанын,
Жамгыр жааса сылап чачтуу дарагын.
Сугатчы абам уул тапкандай сүйүнөт,
Ала чуркап кетмен-күрөк жарагын.

Тээ ойдунда жашыл деңиз ыргалат,
Аны коштоп токой ыры ырдалат.
Алыс кетет ушул тунук жамгырдан,
Пайда болгон эркин күүлөр — ыр канат.

Бадал бетин тизмек-тизмек шурулап,
Бадал бетке күмүш чачып сулуулап.
Жалбыракта буудай көздүү тамчылар,
Сыдырымдан жерге барып урунат.

Жаңы төккөн жамгыр жыты жер бетин,
Жыпарлантып, миң түрлөнтүп келбетин.
Ак булуттар убап-чубап тытылып,
Айтып жатты байлык төгөр термесин...

Малчылар да жаркытышып кабагын,
«Дамбыр таш!» деп, такылдатып табагын.
Ак жамгырда арбын чыкса тоо чөбү,
Атылат дейт бал кымызы сабанын.

Жамгыр-жамгыр каснетиң ушунда,
Тоют даным тоодой болуп кышында.
Төрт түлүгүм кайда болсо даң салып,
Шаани батпайт даам татар тузумда...



## СЕН ЖӨНҮНДӨ ОДА

Сагынткан, шоола чачкан бүтпөс, Айым,
Сага мен сыйкыр сүйүүм арказайын.
Бакыт тоом бир бүткөнсүп сени менен,
Баргым бар айылыңа апта сайын,
Апта сайын,
Бар эркинен бүлүнүп кайтпас, Айым.

Мен үчүн күлкүң ташкан, мээрим Күнүм,
Үчүрүп жаштык өргө демиң бүгүн.
Булутун жолубуздун сыйрып таштап,
Булактай таза бүткөн сенин дилиң,
Сенин дилиң,
Мөлтүрүм, жазат акын, жазат илим!

Сен мага учу бүтпөс санаа болдуң,
Сен мага багбан жүрөр талаа болдуң.
Сезимдин ой учугун улап бекем,
Сен мага бакыт чачар калаа болдуң.
Калаа болдуң,
Көкөлөп, гүл кучактап дарагы ойдун...

Жетелеп максат чыйыр чегине өзүң,
Сен мага жакут болуп төгүлөсүң.
Середе кыял күүсүн коштоп алып,
Сен мага тагдыр болуп көрүнөсүң.
Көрүнөсүң,
Көз ымдап Чолпон болуп бөлүнөсүң.

Сүйүүдө өз күчүңө багынтканың,
Байкадым, бул өмүрдө албырт таңым.
Сыйкырың күн үстүнө алып чыгып,
Мен дагы жаз күнүндөй жалбырттадым,
Жалбырттадым,
Түгөнбөс сен деп сапар арытканым,

## ЫРЛАРЫМА

Жаз эмнеге ийип кетти мынчалык
Токой желге толкундаткан күү чалып,
Көк кашка суу жалын отко айланып,
Үйлөр... неге күн-түн сулуу нур чалып.

О, чырпыгым, жакын көргөн ырларым,
Айткын ачык аларда көп сыр барын.
Жагып журтка жан-дүйнөндөн төгүлсөң,
Менин ошол өмүрдөгү жыргалым.

Жерге дыйкан бир башкача көрк берип,
Кыр-кырларда кызгалдак гүл өрттөнүп...
Өмүр-өмүр алгалады кимиси,
Эмгек жолдон улуу сынын өткөрүп.

Жаз, алардын жаркып турган чырагын,
Ыр берекем, ырыс күткөн ынагым.
Сен булактай агып түшсөң кыр-кырдан,
Мен даракта й шуудур кыймыл курамын...

Бешик термеп эне өстүрдү баласын,
Учкуч чалды асман, жердин арасын.
Толкун тирел талаа мөмө, талаа дан
Тоолор кенчтүү тоолорго таң каласың!

Жаз, алардын адам билбес жактарын,
Жаз, алардын бакыт жүктү тартканын.
Ар биринин жакын досу болгун сен,
Анан ырым,
Өлбөс болуп жүрөгүмдө шактагын...



## БУЛБУЛ САЙРАЙТ

Таңында жаздын
Булбул куш сайрайт.
Армандуу чериң,
Алыска айдайт.
Күүсүнөн улам,
Гүлдөр көп жайнайт.

Тартылып дүйнөм,
Тартылат жүрөк.
Ээн жер, көлдө,
Элестейт чүрөк,
Кайратым чыңайт,
Канатым сүрөп.

Кагылам булбул,
Кайрыгын үнүң.
Жайнаган бакыт,
Жакшы өтүп күнүм.
Адатым сен деп,
Артылган сүйүүм.

— Булбул куш сенин,
Канчада жашың?
Чынында менин
Картайбас жашым,
Картайбас кылган
Кадырлуу жазым.

Сөзүңдөн улам,
Сайран, шат курам.
Өзүмдү кызык,
Өмүрлүү туям.
Койнумду ачып,
Колумду сунам...

Мекен да сага,
Мээримин төгөт,
Артылат деми,
Алкышын бөлөп
Эркеле сен да
Эбслеп жөнөп.

Сайрагын булбул,
Сайрагын шакта,
Бейпил иш күчөр,
Таалайды жакта.
Күүлөрүң мен да
Билейин жатка.

— Таңында жаздын,
Не мынча шаштың?
— Ырдайын дедим
Жарышын жаздын...
— Мен дагы сени,
Ыр кылып жаздым!

## СУУ — ЖАШООНУН БУЛАГЫ.

*(Нарын областындагы айыл-кыштакты суу менен камсыз кылуу бөлүмүнүн Кочкор райондук участкасынын начальниги Солто Жумакадыровго)*

I

Жашыл тартса
Жайдак талаа ирени,
Өнүп чыгып бай колхоздун үрөнү,
Кыялында абам толкуп келатса,
Кырман жактан айдап кызыл кирени.

Ал толкунда сенин да бар күүлөрүң,
Өргө тартып өмүр суун — сүйлөөрүң.



Ала-Тоонун ак кар, музу көп болсо
Көңүлдүү өтүп кызык, эмгек күндөрүң...

Суу тамчылар,
Кайнап андан келерин
Сүттөй нурун билип жерге төгөрүн,
Сүйүнөт ал суу көп болсо Жер Эне,
Элге тоодой мол түшүмүн берерин.

II

Жаз күндөрү жакшы өткөрүп кезегин,
Жазда дүрт деп өнүп чыкса тез эгин.
Бур дей түшсө шыбак жыты талааңан,
Булак суунун шыңгыр үнүн сеземин.

Билем, Солто, далай терге жуундуң,
Бутагысың эмгек сүйгөн муундун.
Ыңкып турса көк шыраалжын жээкте,
Ырлары ошол аяр күткөн суундун.

Жер алдынан көк буу чыкса—дайра аның,
Жерде булбул билем безеп сайрарын.
Жалбыз жытын алып кетсем үйүмө,
Жамгыр чачкан кубаты ошол дайраңын.

III

Кыздар тагып какым-кукум гүлүнөн,
Кыт-кыт күлсө мен да кошо сүйүнөм,
Чоң казанга май сызгырып энекем,
Боорсок жыты бур дей түшсө үйүмөн...

О, Солто, дос!
Мында да бар үлүшүң,
Бермет чачып, агып келер күмүшүң,
Чын дилинден каалап өмүр суундай,
Билем элдин бакыт өмүр сүрүшүн...

IV

— Солто кайда,
Күттүрүп үйдө тууганын?
— Суу башында, каналда деп угамын.
Кулак байлап жүрүшөт дейт талаада,
Кум-Дөбөдө оңдоп чорго сууларын.

— Солто кайда,
Күттүрүп жар — ынагын,
— Большевикте, Ак-Жарда деп угамын.
Текшерип ал насостордун иштөөсүн,
Байкап калдык жаны тынбай турарын...

Билем, Солто,
Булак болуп ойлоруң
Суу байлыгың бийик максат койгонуң.
Мекен эне мээнетиңди кастарлар,
Мен да сендей байлыгымды ойлодум...

## АМЕРИКАЛЫК ОКУУЧУ КЫЗ САМАНТА СМИТТИН КАТЫНА КОММЕНТАРИЯ

Манчестер шаарынан америкалык окуучу кыз Саманта Смит Ю. В. Андроповго жиберген катында өзү 10 жашта экендигин жана Кошмо Штаттар менен Советтер Союзунун ортосунда ядролук согуш чыгып кетпес бекен деп өтө тынчсыздангандыгын билдирген. Жолдош Ю. В. Андропов америкалык кыздын катына толук жооп берип, Советтер Союзу ар дайым тынчтык максаттарда экендигин, ядро куралын колдонбоого аракет кылып келген жана аракет жасай тургандыгын билдирүү менен бирге аны Бүткүлсоюздук Артекке келип кетүүсүн өтүнгөн.

«Бул кат менин Советтер Союзу жөнүндөгү көз карашымды бүт бойдон өзгөрттү,— деп билдирди Саманта Смит америкалык кабарчыларга. — Бул эң маанилүү жана тынчтандыруучу кат. Мурда мага орустар башка планетанын калкы сыяктуу сезилчү. Эми болсо алар— биз, америкалыктар сыяктуу эле адамдар экендигине ынандым»...

(газетадан)



Билсең, Смит, жашоо күндүн
    дарагын бек эккемин,
Гүлдүү өлкөм — Күн үстүндө
    достук канат — серпкеним!
Ядро деп кол тийгизбей
    коркунучтуу куралга,
Көбөйүүдө шаар, кыштак,
    бийик үйлөр, мектебим...
Улуу Ильичтин өлкөсүндө
    адам баатыр жашарын,
Айткым келет, ай, Саманта!
    төгүп бакыт казалын.
Ар дайыма күн болсун деп
    өмүр тилеп балага,
Айткым келет илим, тарых
    өз бетине жазарын.

Орус десем, өр таянып,
    артып миң сан өнөрүм,
Ачыла элек туңгуюктун
    ак жылдызын көрөмүн.
Өрөөндөрдө, талааларда,
    тээ бийикте, тоолордо,
Өлбөстүктүн үрөндөрү
    билем жемиш төгөрүн.

Орус десең, билгин Смит
    кетип ажал азабың,
Доорум жаркып, өмүр балкып,
    достук эшик ачаарын.
Тамыр жайып тереңдерге
    бар мөмөсүн жайнатып,

Чөлдө дарак миң түркүндөп,
билгин, жыпар чачарын...

Сенил тоодой бекем чептүү
Совет элдин мекени,
Мээримине бөлөп жылуу
сезим, жүрөк, чекеңи...
Бийиктикке алып чыгып,
ырыс куттуу конушун,
Бүгүн дайра күчкө толуп
аккан булак кечээги...

Өзүң сымак, тынчтык самап,
ата журттун балдары
Эрдик өмүр эртеңкиге
бардык жактан бар камы
Булбул ырдап, тилин безеп
максат жолдо баратам,
Бүгүн билсең Жер шарынын
достук болуп салмагы.

Айтып берсем чын жүрөктөн
сыр жомоктоп саа барын,
Аппак ниет, тереңурмат
бар жакшылык каалларым.
МЭН штатың — тууган шаарың
көрк артса деп тынч күндө,
Жарык күндүн ыракатын
билем Смит каалларың...

Көрсөң бизде көрктүү көчө,
спорт аянт, ак сарай,
Кумдуу жээк, жашыл көлдөр,
аппак куулар, аппак Ай,
Дың жер... Космос...
муз океан көп сырдуу,



Жеткинчектер эрдик жасар
ашуулар бар алп далай.

Ай, Саманта, баамың артып
болсоң деле он жашта,
Жүрөгүңдө тилек ойноп
адамзатка бир башка.
Тирүүлүктү, зор бакытты
самап канат сезимиң,
Кубандырды күн жайганың
тынчтык, күрөш таймашка!

Билем бүгүн эбелектеп,
торгой болуп жүрөгүң,
Билем сенин адилдикти,
эрик күнду сүйөрүң...
Кайың гүлдөп, бутак жайып,
канат алып чырпыктар,
Билем өмүр, дайра жолдо
мөмө шагын ийерин...

Том Сойердин Бэккисине[1]
окшоп кетип мүнөзүң,
Өмүр оту — атом, ядро
айтып тереңжүйөсүн.
Сен катында санжыралап
эки өлкөнүн тынчтыгын
Келечектин бакыт таңын
өзөгүндө түйөсүң.

Ооба, Смит! Ядро согуш —
Жер дүйнөнү жок кылуу...
Ошон үчүн даяр мына —
берип тайбас соккуну,

[1] Бэккисине — жазуучу Марк Твендин даңазалуу китебиндеги Том Сойердин курбусу Бекки жөнүндө айтылып жатат.

Биздин өлкө туусу болуп,
жарык жашоо өмүрдүн,
Бастырбастан тушап жатат,
согуш жүрөк оттууну.

Биздин максат гүлүн сунуп,
дүйнө эл менен дос болуу,
Ошон үчүн даяр мына
мээрим төгөөр кош колу...
Алтын күндүн муруттары
буудай болуп талаада,
Тынч күн менен табийгаттын
делебесин козгоду...

Бүгүн аалам, билет сенин
тынчсызданып жатканын,
Бүгүн аалам, билет сенин
досторду көп тапканың.
Атаң дагы сен аркылуу
жооп алган катыңдан
Билди дүйнө, достук күтүп,
бакыт самап жатканын...

Өткөн согуш өкүт болуп
өмүр өчкөн чырактай,
Өрткө айланган, канга айланган
жамгыр суусу булактай,
Балдар өлүп, аял өлүп,
эрлер өлүп кырылып,
Эрип кеткен атом отко,
көркөм шаар — турак жай.

Көөдөн жарган ойго батып,
кайгыланып күндө өзүн,
«...Көз ирмемде жер огунан
ыргып кетип жүрбөсүн?!»



Деген өңдүү тынчсыздануу
жан жүрөгүң сайгылап,
Каалабайсың, эл кырылып,
Жерде айбанат дүрбөшүн.

Мекен эне бейкут күтүп,
төрт мезгилде көрктөнүп,
Турса сулуу, шамал күйүп,
ак булуттар өрттөнүп.
Кетпес үчүн коош санап,
коркуп атом, ядродон,
Адилдиктин сыр түйүнүн
жүрөгүңдөн өткөрүп...

Кат жазганың бүгүн, Смит,
ойлондуруп дүйнөнү,
Ар бир үйдө акыл курар,
жүрөк күүсүн бийледи...
Толкундатып көл, деңизди,
дайраларды шар аккан,
Тоолор дагы ысмыңды атап:
— Саманта! — деп сүйлөдү.

Чын дилиңди билдиргениң
Кошмо штаттар атынан,
Билип Смит, тынч лагердин
көтөрүлдү баркы улам.
Эгер келсең, Достук Артек,
баарын туюп билесиң
Бизде турмуш бакыт-таалай
Күн элестүү жаркыган.

Мейли врач, мейли дыйкан,
эр жумушчу болобу,
Мейли акын, мейли учкуч —
ой-мүдөөсү жогору.

Каалабайт эч, ишениң кой,
кыргын согуш күндөрүн,
Шаар, кыштак, бейкут эмгек...
куруп бакча короону.

Айткын Смит, ата-энеңе,
билсин досуң, курбалың,
Ачык асман, бейкут күндө
шаңдуу чыгып ырларың...
Балалыктын бакыт таңы —
кирсиз, таза өмүрү,
Лениндин өлкөсүндө
чоң салтанат курганын...

Айткын, Смит, эркиндиктин
дарагын бек эккемин,
Гүлдүү өлкөм, күн үстүндө
достук канат — серпкеним.
Ядро деп кол тийгизбей
коркунучтуу куралга,
Көбөйүүдө шаар-кыштак,
бийик үйлөр, мектебим!

## ДЫЙКАН ПЕЙЛИ ДАРЫЯ

Өттү бир күн күбө болуп күн өзү,
Сезимимде татып эмгек ширеси.
Жаркын үмүт жакшы тилек достордой,
Калды эсимде дыйкандын бир мүнөзү.

Жазды мактап күнү бекер кетпеди,
Жаз күүнү угуп жаркылдады кетмени.
Суу алпарса сулуу тарткан дарактар,
Жыпар төккөн гүлүн эчен эстеди.



Күткөн өңдүү тоодой түшүм — жаңылык,
Дыйкан ырын буудай талаа сагынып.
Көгүш тартат күнгө умтулуп сабактар,
Сепкен урук данегинен жарылып...

Бермет терин бир шыпырып аларда,
Дыйкан тосуп көкүрөгүн шамалга.
Жан дүйнөсү жыргай түшөт кандайдыр,
Сансыз гүлдүү санжырасы бар айда.

Өзөнүндө булак суусу — бал агып,
Байлык төгөр керемети бар анык.
Жүрөгү анын талаа менен бир бүтүп,
Жүрөгүндө талаа ыры жаралып...

Дыйкан пейли деңиз болуп чайпалып,
Бермет төккөн эгининдей жайкалып.
Туу элестейт кырмандагы, дөңдөгү,
Туурук колун көрсөм канбай канчалык.

Алтын күз бар айтып бүткүс сөз менен,
Алтын күздү айрым жалкоо сезбеген.
Ачуу терин бал шекерге алмашкан,
Алтын күздө мен дыйканга кез келем.

Кез келем да сызып тойдун даамынан
Ооз тием аппак кызгылт нанынан.
Өмүр шамы өчпөсө дейм дыйкандын,
Өтүп жатын кызыл кырман жанынан.

Өрнөк иши эл, жерине жарыя,
Дыйкан журттай пейли, кенен барбы ыя?!
Ай талаада жаркын ысмын эстесем,
Агып жатат береке аттуу дарыя!

## КЫЗЫЛ-ЖАР МЕНЕН АЙБАЛА

Кызыл-Жар менен Айбалам,
Кымбатсың бүтүп саймадан.
Жылдыз гүл жайнап төрүңдө,
Жыпарын төккөн айланаң,

Тирегим — алтын казыгым,
Тиледиң максат асылын.
Өнөргө уулуң сүрөдүң,
Өмүрдүн берип азыгын.

Сезимге түшкөн кезде сен,
Сергиймин көркүң эстесем.
Бала кез тентек издерге,
Баладай кайра кездешем.

Бал ойнун куруп ондогон,
Бала чак күнүм ойлоном...
Балгын кез турат каректе,
Балыкча сууда ойногон...

Балапан кармап жарыңда,
«Тегирмен» куруп сайыңда.
Шүүдүрүм кечкен күн эсте,
Июлдун кызыл таңында...

Эмнеле ырдайм мынчалык,
Эзилип мээрим кусалык.
Сары алтын тура Кызыл-Жар,
Сагынткан мени күү чалып.

Айбала десем чынында,
Айтылып көркүң ырымда.
Бала кез жүрөт кеөнөрбөй,
Басканда кызыл кумуңда.



Кызыл-Жар менен Айбалам,
Кыйрыңа чексиз байланам.
Кымбатың эстеп сүйгөн жер,
Кыргыек болуп айланам.

## АК КУУЛАР ЫРЫ

Ак куу-каздар аталып,
Ала-Тоодо жашадык,
Кээде корктук атат деп,
Көзгө мончок жаш алып,

Бирок, мерген атпады,
Байлык деп эл сактады.
Тынчтык ырын ак куу-каз,
Тыным албай жаттады.

Күн турса да түнөрүп,
Ысык-Көлгө түнөдүк.
Атып алат мерген деп,
Алдас уруп жүдөдүк.

Бирок, алар атпады,
Бизди ыйык сактады.
Татына каз-ак куу деп,
Таң шооласы каптады.

Үн чыгарсак каркылдап,
Ырыбыз ал — шаңкылдап.
Ала-Тоого көрк бердик,
Ак куу-каздар жаркылдап...

## ЖАНГЫМ КЕЛЕТ

Жалындан сулуу мекен кучагында,
Кайратың арткан тоону бузарыңда.
Арчадай жашыл дүйнөң жазга теңеп,
Сайрагым келет гүлдүү бутагыңда.
Жаңырды шаар бүтүп, зоолорум да,
Булакка мөлтүр таза теңеп сени,
Ташкындайм өтөр бакыт жолдорумда.

Эмгекте жан сезимим ийип терге,
Толкундайм мөмө шагым тийип жерге.
Тоолордун бийигине теңеп сени,
Мен да учам канат сермеп бийиктерге.

Сыр төгүп, дабан белди ашарымда,
Бир болуп тынбас өмүр сапарында.
Жүзүңдү аппак нурлуу айга теңеп,
Күн болуп жангым келет катарында...

## БАЛАЛЫК КҮН ӨЧПӨСӨ ЭКЕН ДЕЙ БЕРЕМ

*(Согуштан кайтпай калган жоокердин уулу сүйлөйт).*

Батыш жакта кан, от күйгөн кезинде,
Жоого аттанып атам жигит чагында.
Мен калыпмын балтыр бешик кезимде,
Апам батып, согуш кайгы жалынга.

Башым жөлөп көкүрөгүнө атамдын,
Балалыгым көктөм жазын көрбөдү.
Бирок, чиркин кайраты артып апамдын,
Жаркын тилек, үмүт жазы өлбөдү...



Атам деле эсеп уулун сагынган,
Көтөрсөм деп далысына, моюнга.
Бирок укпай ата сөзүн жалынган,
Өстүм анын жеңиш чапкан жолунда.

Бала кезде атакеме эркелеп,
Балдарчылап күлүк жорго минбедим.
Турмушумда, бирок бышып эртелеп,
Жаркып турду, бүркөк болбой күндөрүм.

Ысык күндөй мээримине төгүлүп,
Мен атамдын жылмайганын көрбөпмүн.
Бирок, чындап адам болуп жөнүгүп,
Бул турмуштун ашууларын өрдөп миң...

Ата жытын, анын терчил көйнөгүн,
Бир жыттабай өчсө көңүл санааман.
Бирок атам бакыт, жеңиш өрнөгүн,
Аябаптыр жетим калган баладан...

## ЖЫЛЫТЫП БАРАТАТ

Керек кезде булуттарды чөгөрүп,
Керек кезде тоону топтой өңөрүп.
Жер астынан көл жаратып иримдүү,
Жер үстүндө бакыттарга бөлөнүп.

Барат акыл туюктардан жол ачып,
Табыйгаты байлык, өмүр — гүл азык.
Акыл-акыл алтын жиби уланып,
Керек кезде асман тирейт бел ашып.

Тереңдикти бойлоп баскан жолунда,
Кереңдикти ойнотуп кол шогунда.
Аалам чекте адам өлбөс жаралып
Акыл барат улам бийик, сонунга.

Көөдөй түндө күн от болуп жагылып
Ай бетине албырт туудай сайылып,
Акыл-акыл таштар эрип өзүндөн,
Барат мына алтын болуп агылып.

Тээ алыстан сыр алышса күн менен
Нурлар ойноп кабак ачат күлбөгөн.
Айтсак чынын аалам жүзүн өзгөртүп
Акыл-акыл, акыл гана бийлеген.

Мына бизде,
Жалындатып ар ким өмүр сүйөрүн,
Чырпыгын да сынык кылбай биреөнүн.
Жер шарында өз өлкөмүн акылы
Жылытып барат
Муз тоо кылбай аалам элдин жүрөгүн.

## ТЫНЧТЫК ЖАЗЫ

Жаз мээрими күлүп нурун чачканда,
Көк түтүнүн бүркүп бийик асманга.
Балбан «НАТИ» жерди тилип аңтарып,
Бара жатты таң шооласы атканда.

— Жаңы жердин гүл жыттанып абасы,
Семиз кыртыш топурагын карачы —
Деп Жаркынбай кээде ырдап шаттанып,
Мол түшүм дейт ой, тилеги санаасы.

Жаңы жерге жаңы бороз жарашып,
Жандуу шаңы жылдызга да жанашып.
Улам бийик үнүн созсо трактор
Артылгансыйт, эмгек көркү жарашык.

Тоону бузуп жол кылгандай асканы,
Качыр-кучур күкүм болуп таштары.



Болот атчан барбандаган Жаркынбай,
«Боз-Төр» дыңын бүтүн айдап таштады.

Звеновой, эмгек баатыры Уулкан,
Бригадир кыз тыкылдаган Бурулкан.
Жаркынбайга өтмө тууну тапшырып,
Мындай дешти: — «Эмгек менен сыймыктан!»

...Түшкү убак... чогулушта Жаркынбай,
Сөз сүйлөдү билек түрүп тартынбай:
— Көргүлөчү, тиги айдалган жаңы жер,
Түшүм берет баасы кымбат алтындай.

Эстеп көрсөк өткөн согуш элесин,
Эчен курдаш жараланткан денесин.
Эч жазыксыз согуш өртү каптаган
Мекенимдин бышып турган мөмөсүн.

...Ук, жолдоштор! тынчтык жазы ушул жыл.
Чабуул койдук, жаңы жерге ачып сыр.
«Атом» деген каракчыга жол бербей,
Тынчтык эмгек, тынчтык менен бекем тур.

Эмгекке бай, бекем тынчтык жарагы,
Биз советтин эң жөнөкөй адамы.
Кол коёбуз согуш өртү өчсүн деп,
Гүлгө бөлөп кумдуу чөлдү, талааны.

— Туура,—дешти олтургандар колдошту,
Камсыз кылып кандуу согуш болбосту.
Тынчтык үчүн кол коюшуп ар бири
Күлүмкандар «Тынчтык бийин» ойношту...

Мактагандай тынчтык жазы —-жаркынды,
Жүрөк козгоп, музыка үнү тартылды.
Түбөлүккө «тынчтык үчүн» деген сөз,
Тирек болуп терең элес калтырды...

## МИСИРКУЛ МЕНЕН ЛОЛАГА

Кандай сонун бул өмүрдө тазалык,
Гүл Мекенге көп бергиле, аз алып.
Анан дагы: акылдуу бол, адам бол,
Атаң, энең сыймык курсун жашарып.

Жаш жубайлар, айтар сөз бар аталык,
Кээде туура, кээде кетер каталык...
Кечир аны, сезип, туюп билгениң,
Кең дүйнөгө канат күүлөп, ат арып.

Жаз элестүү силерсиңер келечек,
Жаштайыңдан Ата-Журтка бер эсеп.
Билимдүүсүң, максат, намыс, шаттуусуң,
Бириң шумкар, бириң кууга теңесек.

Жаш жубайлар, жар сөзүм бар аталык,
Жагалдангын жакшы адамдар аталып.
Жаш кайыңдай буралдыңар садага,
Жалпыбыздан бүгүн тилек бата алып.

Эмгек, иш бар эл журтуңар сүйүнөр,
Мөмөңөр бар мөлтүр жайнап түйүлөр.
Турмуш жолдо тунук болуп максаттар,
Түлөктөрүм — Лола, Мисир жаш гүлдөр,
Жаркып турсун өмүрүңөр, күнүңөр!

## СҮЙГӨН ҮЙҮМ

Карап сүйкүм үйүңдү,
Арнап тунук сүйүүмдү.
Тепе тиктеп өтөмүн,
Терезеде гүлүңдү...



Жакшынакай караса,
Жашыл кооз дарбаза.
Короосунда алмасын
Араласа, кармаса...

Деп ойлоном. суктанам,
Сүйүү гүлүң жыттагам.
Жылмайыңкы мүнөзүң,
Жүрөгүмдөн чыкпаган.

Көрүп калсам бөбөгүң,
Эркелетип өбөмүн.
Жаш чырпыгың сейилдеп
Жашыл бактай көрөмүн.

Иштен кетип баратып,
Ичимден ыр жаратып
Жалынданып мындай дейм:
— Жаным селки, мен ашык!

Көрдүм көчө үйлөрүн,
Көрдүм өскөн гүлдөрүн.
Башкаларга окшобойт,
Ушул үйдө сүйгөнүм.

## КИМ БОЛДУ ЭКЕН?

(Поэма)

Асман шамы кирпиктерин жаркытып,
Жер шарынын дене боюн балкытып.
Бара жатса көл периси Ысык-Көл,
Күлүн этет майда толкуп жар тытып.

Жээгин көрчү жылдыз шаарым Балыкчы,
Ыр толкунун түрмөк кылган кайыкчы.

Ушул көлдүн бүтпөс түйүн, сыры бар,
Өмүр жолун жомок кылган тарыхчы.

Юлиус Фучик ардак кылган алтын жер,
Күмүш толуу тунук күзгү салкын жер.
Жели жокто: —Жер соорусу... Сочи!—деп,
Женем мактап сыймык кылган баатыр эл.

Шаар ичи азыр гана нур төгүп,
Турса тигил Кызыл-Омпол бүркөлүп.
Аркырады аска жарган шамалы,
Чаң учурган боз көйнөгүн чүмкөнүп.

Тоо кебези кайда барат шашылып,
Кай бир кезде аскаларга жашынып.
Тарта коёт кээде кара көшөгө,
Тээ алыстан асман шамын жашырып.

Пай-пай кыйын Балыкчынын шамалы,
Ызылдаган ырчы добуш абаны.
Кайда кетти абакесин ээрчиген,
Жүзүм келбет кичинекей Баялы.

Өткөн жылы энеси өлүп төрөттөн,
Жаш өмүрүн кайгы отуна бөгөткөн.
Атакеси окусун деп балдарын,
Фрунзеге интернатка жөнөткөн.

«ЦЕ» маркалуу машинада шоктонуп,
Бая келген Балыкчыга от болуп.
Майын куюп, мотор күүсүн безентип,
Кетти шофер ойлоп: «Мында эл толук».

Кетти-кетти гүү-гүү канат каккылап,
Зым мамылар артка боюн тарткылап.
Радиатор күмүш демин чыгарат,
Чыбыр терин айнек жакка аткылап.





Мотор үнү боом ичин аралап,
Артта калат тоо-коктулар салаалап.
Калдырт этет эки окшош чемодан,
Темир тулпар учкан сайын сабалап.

Бөбөк калды автобустан адашып,
Бороон кычап колдон алды талашып.
Учса боло канат бүтүп заматта,
Алыс кеткен автобуска жанашып.

Сапар калды издеп жетим иннисин,
Ойлойт кээде: «Оңолбойтко бул ишим
Эх, кечиктим, эми кайдан табамын,
Бөбөгүмдүн эркин ойноп, күлүшүн»...

Чебелектейт ары-бери жүгүрөт,
Бороон боздоп бактар чачын күбүнөт.
Чемодан жок, машина жок, бала жок,
Көңүл чөгүп көздөн жашын сүрүнөт.

Балдырган жүз, балапан үн жаш бала,
Буюккан бейм өтсө мүнөт аз гана.
Анан кантсин жолго чыгып көрбөгөн,
Алда далай эмгек күткөн наз бала.

Дежур кыз ал кызыл белги байланган,
Чоочуп кетти: —болгон эмес калган жан.
—Жок, жок эже! Жоктоп жанда инимди,
Кетээр маалда кырсык болуп байлангам.

Ооба, ырас оор жүктөй күч менен
Таш бороондо жаш бөбөгүм издегем.
Шофер дагы саатын карап шашылып,
Жаш жүргүнчү балдар эске түшпөгөн.

Бороон кычайт, баскан бутту талдырат,
Сапар барат өңү өчкөн жалбырак.

Көчө бурчтан кобур чыкса кезигип,
Баялы! — деп издеп калат жалдырап.

Сезим күчөп карайт улам жан жагын,
Бир канатташ, уялашы ардагын.
Арман сырдай кээде ичтен күбүрөйт,
Адашпайт деп атамды не алдадым.

Эсен болсо бөбөк кайра табылар,
Кубанч оту жылдыз болуп жаңырар.
Бирок мындай эстен кеткис кырсыктын,
Бөгөттүгүн айта турган жагы бар.

Билим кенчи эртең окуу башталат,
Кечигишти максат койгон жаш талап,
Кара ниет олжо кылса кеткенди,
Кайран эмгек бошко, суүга ташталат.

«Ич өрттөнөт эми кандай күн кылам?
Ак жолумда ойноктоду сур жылан».
Деп айткыча бурчта эски көчөдөн,
«Волга» чыкты өңгүл-дөңгүл ыргыган.

— Сапар байке!
Бөбөк үнү окшоду,
«Волга» дагы жандай келип токтоду.
Эх, айтпагын, ушул кубанч минуттун,
Толо түштү күндөй мээрим оттору.

— Кайда жүрдүң?
Шарт деп эшик ачылды.
—Сапаттын бейм, сансыз кайгы жашымды.
— Адашыпмын Балыкчынын шамалы,
Аркыраса алып учуп ташыңды.

Салаа болуп көз жашынын издери,
Маалым кылат кайгы күүсүн ичтеги.





— Оо, садага, жарылчудай жүрөгүм
Сапар агаң сени кандай издеди?

Шофер аял курагында Батманын,
Күлсө жүзү кымтыйт маңдай каттарын.
Бирин-эки кыроо чачы өмүрдүн,
Баян этет мелт-калт сыры жатканын.

Кыргызчалап айтты шаар өскөнүн,
— Тиги тунук кыргыз көлү — өз көлүм.
Кырк жыл бою аралашып жер суүга,
Тилим жатык, кыргыз болду өз деним.

Ара жолдо боорум ачып балага,
Алып келдим калбасын деп талаада.
Эч чыгарба бөбөгүңдү колуңдан,
Эми качан кетесиңер калаага?

Үшкүрүнүү Сапар жүгү коргошун,
Турмуш жолдо мындай бөгөт болбосун.
Автобуска жүктөр кетип, биз мында
Ачууланды: — Ай кырсык ай, оңбосун!

Айтты Сапар сыры, жайы мекенин,
Энеси өлүп жетим калган экенин.
— Кой, жашыба окугула садага,
Окуу канат билгин күнгө жетээриң

Волга күлүк учкан куштай калкыган,
Жеткирейин автобустун артынан
Силер курак балдарым бар окууда
Кысталышта кантип мындан тартынам.

— Жол киреси канча акыны төлөйүн?
— Жок садага бекер алып жөнөйүн.
— Сүйүнчүңүз бергенди алып коюңуз,
— Бет чыдабайт буга кантип көнөйүн.

Бол, түшкүлө, мүнөт текке кетпесин,
Автобус да Жел-Аргыдан өтпөсүн.
Жөжүрөгөн бир туугандар олтуруп,
Жөнөй берди көптүрүшүп өпкөсүн.

«Волга» учат алга карай кадалат,
Шаңга бөлөйт ичке тоону сабалап.
Өргө, ойго шукшурулса ызылдап,
Эпкининен жол ыры да жаралат.

Шофер эже Батма эненин жүзүндөй,
Чебер тиктейт жолдон көзүн түшүрбөй.
Жел күү салат, сыры бардай ышкырат,
Буурakандап чоң Нарындын күчүндөй.

Орус эже, Батма эненин балдарын,
Айткан өңдүү: «Булар менин балдарым»...
Карап коет ууртунан жылмайып,
Баялынын жерди тиктей калганын.

Балдар сезет, өз энедей жактырат,
«Волга» ичинде өздөрүнчө шат курап.
Сапар чоюп иничегин кулактан,
Тамашалайт:—Болуп жүргүн сак кулак.

Келе калып өлгөн эне элеси,
«Кой, Сапашым! Жетим калдык дебечи!
Жакшы адам көп, жардам алып алардан,
Максат оюң жылдыздарга теңечи».

Дагы айткансыйт: «Шофер кызым көрөгөн,
Сени кандай орус эне төрөгөн.
Кайгы отуна түшүп калган балдарым,
Канатыңа минип алып жөнөгөн...»



Ана барат автобус да көрүндү,
Сапар байкап куштарланат көңүлдүү.
Шофер эже жакшы элес жаратып,
Толкутту бейм, өргө айдаган көңүлдү.

Бая кеткен шофер өзү окшоду,
«Волга» андан озуп барып токтоду.
Эх, айтпагын, ушул толкун минуттун,
Толо түштү күндөй мээрим оттору.

Шофер угуп бир туугандар кабарын,
Башын чайкап ургулады таманын...
«Волга» кетти Балыкчыга кайрадан
Жара тилип капчыгайдын шамалын.

Билим үйү сонун үч, төрт кабаттуу,
«Билимге..!» деп көздөп борбор тарапты.
Бир туугандар, келечеги гүл жаштар,
Автобуста күлүп, ойноп баратты.

Суроо берди: —«Волга» айдаган ким эле?»
Орус экен мээрими артык тим эле
— Сурабапмын ысмын, кайда иштерин,
Окшоштугун элестетип энеме.

Деди Сапар кылчак артын карады,
Көзгө түшүп тоонун түркүн дарагы.
Бирок көрсөң бүлбүл этип капчыгай
Көрүнбөдү сур «Волганын» карааны.

Эрдик иши... Бирок атын айтпаган,
Эли мактап өмүр жолун даңктаган.
Жакшы адам көп алар заман туткасы
Ошолордун иштерине мактанам.

## ЭСТЕЛИК

I

Болсунчу деп небереме эстелик,
Байтур аба түрүп коюп билегин.
Арча тикти айланага көрк берип,
Алоолонтуп эмгек сүйгөн жүрөгүн.

Жыпар чачып карап ага үмүттүү.
Арча өстү карыбастай өмүрү.
Карыя аба сезимине түйүп күү
Комуз чертти эргип маанай көңүлү.

II

Болсунчу деп небереме эстелик,
Байтур аба арзуу менен, дил менен.
Көчөт тикти көз алдынан өткөрүп,
Мөмө жемиш бутак жайып миңдеген.

Өрүк, алма жытын бурап алыска,
Өмүр жолун даңазалап тарыхтай,
Күлүк караан келет алда жарышта,
Күз үлпөтүн курган сыйкыр жарыктай.

III

Байтур аба сен камчылап тулпарың,
Изиң даана, жаздай жанып көгөрөт.
Туяк таптап укум-тукум урпагың,
Келет көрктүү багың сымак мөмөлөп.

Ак дил болсо алп күч эмгек экен де,
Зор эстелик көрдүм куруп салганың
Өтөп шаттуу ак эмгегин мекенде,
Өмүрүңдүн уландысы балдарың.



IV

Алар бүгүн сенден калган эстелик,
Байтур аба түрүп койчу билегин
Ай талаада жүрсө уулуң көрк берип,
Аны урматтап Байтурум деп билемин.

## АКЫН КУРБУМА

*(Жалил Садыковго)*

**БИРИНЧИ КАТ**

Ырларыңда комуз күүсү шыңгырап,
Агат булак алдас уруп шылдырап.
Өнөр көздөп өрүш таштап, ой издеп
Өз элиңдин өмүр жолун туйдурат.

Билип, курбум, бир чоң сырды айтарың,
Дастан жолдо мен да сапар тартамын.
Гүл ойногон, жашыл арчаң жайнаган
Күр жайлооңон кубат алып кайтамын...

Таасирленип, сезим оту булунөр,
Же шолоктоп, же кубантып сүйүнөр.
Поэзия күүлөрүңдө миң кайрык,
Турмуш, Тагдыр, Чындык, Эмгек, Сүйүүлөр...

Улуу баатыр Манас менен сырдашып,
Төштүк менен дүйнө кезип кырды ашып.
Семетейиң чыга келди сахнада,
Ата-журттун ырын бийик ырдашып.

Күйөө жолдош, Пудовкиниң, Жыпарың,
Айдың багыт асманга алып учарың.
Жашап келген өмүрүңө жемиштүү,
Көөнүм толуп, колуң жыргап кысамын.

Ыйык тутуп аркалаган жүгүңдү,
Ыйык тутуп ырга деген сүйүүңдү.
Билет элиң, баратасың максатка...
Ата-журттун уулу болуп күйүмдүү.

Эл деп Жалил өз салымың кошкону —
Эмгек шертиң, Достук шертиң коштолуу.
Ыр сабыңа милдет парзың жарашып,
Көп чыгармаң көңүл черин козгоду.

Жыпар чачып, туулган жериң — гүлүңдөн
Боз торгойдун күүсү кетпей үнүңдөн.
Анда эмесе, айкөл курбум ардактуу,
Ак дайрадай аксын ырлар дилиңден!

## ЭКИНЧИ КАТ

Өткөндөргө учкул кыял таштаган
Өкүнч бардай акын көзүн жаштаган.
Ырларыңда жалындар бар, жагым бар,
Тоо дайрадай мелт-калт ташый баштаган.

Бир башкача күүгө кошсоң дүйнөнү,
Бизге адаттай билип, окуп үйрөнүү.
Көктөм жаздын жемиш төгөр күнүндөй,
Көп достордун жүрөгүндө сүйлөдү.

Ошол ырлар алыс канат каккынын,
Ошол ырлар алга сүрөп жатканын.
Билет, курбум, жакын көргөн досторуң,
Билген сымак таңдын сулуу атканын.

Сен ырыңда эрдигин айтып элиңдин,
Сен ырыңда көркүн коштоп жериңдин.
Лираң менен алыстарга жол тартып,
Сен дооруңа жүрөк менен бериңдиң...



Күндөй жаркып күлүп өтөр жолуңда,
Бардыгы бар бакыт деген колуңда.
Термеп толкун поэзия бешигин.
Тээ бийикте кайталанат оюмда.

Сулуу тартып сенин ырдуу асманың,
Бийик тартып жетер максат — аскарың.
Накыл сөзгө уюп калдым мен бүгүн,
Накта кызыл алтын болуп жазганың.

## ҮЧҮНЧҮ КАТ

I

Жаш кезиңде жакшы көрүп баарынан,
Орун берип жүрөгүңдүн кабынан.
Тоолор сенден бөлүнбөгөн сыяктуу
Тооң сенин жаркын сүйүүң, Сабираң.

Тээ алыста чоң мараны тааныган,
Сай ташында күлүк учса дагы улам.
Билгин, Жалил, өмүр сүйүүң, ак сүйүүң
Кандаш, жандаш канат берген Сабираң.

II

Жарк-журк этип Чолпон сымак балдарың,
Алып келип кубанычтын таңдарын.
Ардак бүгүн, сыймык бүгүн, акын дос,
Ак сакалдуу ата болуп калганың.

## ТӨРТҮНЧҮ КАТ

I

Фашист менен болгон кекчил күрөштө,
Балалыгың — ачуу татып күн өтсө.
Жигиттигиң — жылдыз сермеп алыстан,
Кайнап чыктың канатты алга сүрөштө.

Бакытты үзгөн өрттүү күндө, шум күндө,
Балалыгың түшсө кыйын бүлгүнгө.
Күлүп-жайнап элиң менен, жар менен,
Күн үстүндө канат жайдың бул күндө.

Өмүр деген эмнелерди көрбөгөн,
Тагдыр кээде эрк оюңа көнбөгөн.
Жетет тура муратыңа, акын дос,
Көздөп максат өмүр турса өлбөгөн.

...Бирде бүркөө, бирде сулуу таң атып,
Бирде тагдыр жаш жүрөгүң канатып.
Кызык турмуш келгендигин байка, дос,
Кыйын күндөр сени чыйрак жаратып..!

II

Тээ белестен боз жоргону имерип,
Ай, акын дос, өткөндөрүң билелик.
Кана, курбум, карап алчы кайрадан,
Кеминиңе карек отуң жиберип!

Жакшы таасир алып, курбум, дембе дем,
Жаштык кезде бирге иштедим сен менен.
Жибек мүнөз, ак мамилең ызаттуу,
Алиге эсте жан дүйнөмдү термеген.

Тээ өрөндө толкуп кызыл желектер,
Шуудураса күмүш барик теректер.
Ишке бышык, үлгү, жатык талаптуу,
Эр жетилтти эне жытың — элет жер...

III

Улам күчтүү ойлор ташып сабыңда,
Улам батып укмуш кыйын жалынга.
Кере жутуп талант деген суудан,
Келатканың байкайм талбас арымда...



Сансыз ойдо сапар чегип сыналган,
Жаштык күтүп жашыл арча чыгармаң.
Каякадыр сүрөп жанды тулпардай,
Канааттанып кана түшөм кумардан.

Эмгек таңдын күтүп далай эртеңи,
Өмүр кетет кечпи, же бир эртеби.
Келчи эмесе, акын курбум, замандаш,
Келечекке көөнөрбөгөн үн кошуп
Өлбөстүктүн өмүр күүсүн чертели!..

## ЫСЫК-КӨЛДӨН ЭЛЕСТЕР

*(ода)*

Ысык-Көл кээде тып-тынч, кээде толкун,
Толкусаң толкунуңа тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу сендей жолдош күткөн жокмун.
(Алыкул)

Айланайын, Ысык-Көл,
Атың тарых кызык көл.
Калды эсимде көп элес,
Канат жайсам сызып көл.

Кагылайын мүрөк, көл,
Касиеттүү чүрөк, көл.
Эмгек даңкың чыгардың,
Эр намысын сүрөп, көл.

Үстүндөгү кемеңден,
Үлпөт сезип келем мен...
Жыргал кенчи урунат,
Жумшак толкун денеңден...

Ээлеп жер, көк арасын,
Эмгек күүсүн чаласың,

Көрпөлөнүп кээде сен,
Тоо берметин тагасың.

Кызыгыңа тойбогон,
Кыздар сузуп ойногон.
Кенч экенсиң баарыга
Келечегиң ойлоном.

Жигерим күч ондогон,
Жигит сузуп ойногон.
Ата-журтка дем берер,
Ардагыңды ойлоном...

Күр-шарыңа канайын,
Күзгү кылып карайын.
Токтот бир аз толкунуң,
Ырлар сузуп алайын.

Жеткирип күнгө төбөсүн,
Кыргызга сен энесиң.
Кызык тарых ыр козгоп,
Кылымдар жашап келесиң.

Ысык-Көлүм — жарыгым,
Ыргып алтын балыгың.
Артып барат бийиктеп,
Айга жетер арымың.

Жээгиң күлкү, оюндар
Тунук достук оюң бар.
Легендага айланган
Жомоктолгон жолуң бар.

Көл түбүндө из менен,
Жарын самап издеген.
Жигит кайда жүрдү экен,
Же биргеби биз менен.



Чулгап сүйүү мээримиң,
Көркүн ачкан жеримин.
Сүрөйт бизди алдыга,
Сүттөй таза пейилиң.

Сулуу пери, жаркынбы,
Сузуп алсаң алтынбы.
Ыйык көрөм дүйнөдө,
Ысык-Көлүм атыңды.

Термейт мени делебең,
Кем көрбөймүн энемен.
Ырыстуу көл, дары көл,
Ысык кумга бөлөгөн.

Барктап адам баласын,
Бакыт нурун жагасың.
Булут жарып күн тийсе,
Бир жадырап аласың.

Ден соолуктун дабасын,
Берип күүң чаласың.
Асман жаркып күн тийсе
Алтын жаап аласың...

Ай, укмушпу көрөгөн,
Тоо бешикке бөлөгөн.
Жер энеге ыракмат
Тоодо сени төрөгөн.

Алтын болуп кубулуп,
Алтын затың угулуп.
Аалам кыйрын чалдың бейм,
Аалам көөнү бурулуп...

Күмүш болуп кубулуп,
Күмүш затың угулуп.

Дүйнө кыйрын чалдың бейм,
Дүйнө көөнү бурулуп...

Сен менен эл дос болуп,
Сезим сыры козголуп.
Кетет кызыл нур алып,
Келсе ооруп боз болуп.

Алыкул да бир балаң,
Атыңды ыйык ырдаган
Толкунуңа термелип,
Толкун күчү сыйбаган.

Жүрөктөгү канындай,
Жакшы көргөн жарындай,
Ак сүйүүсүн арнаган,
Аппак жайдын таңындай.

Ай, Ысык-Көл, аппагым,
Ыр күүлөрүң жаттадым.
Ачып салдың адамга
Улуу сырдын капкагын.

Жытыңды алган демденет,
Жыргал таап шерденет.
Койнуңду ачсаң, Ысык Көл,
Колум күнгө сермелет!

## ЭНЕ ЖОЛУ

*(Поэма)*

### I

Кыйын күндөр башында,
Өттү булут жашырган.
Жетилгенсиң эртелеп,
Жетим калып жашыңдан.



Турган кезде күч толуп,
Турумтайдай куш болуп.
Кыйын согуш күндөргө,
Кыз кезегиң туш болуп.

Апаат күндүн салмагы,
Аязына кармады.
Бирок тоодой кайратың.
Колдон тартып албады.

Эр жигиттей сабалап,
Эл ишине жарап ак.
Ар кыл айдың турмушта,
Алдың толук канагат.

Жоолор менен эгеште,
Жатпай жумшак кебезде,
Колхоздо көп чечкиндүү,
Аралаштың кеңешке.

Өмүрлөшүң табылып,
Өргө дайраң агылып.
Эне болдуң мөмөлүү,
Эмен бутак жайылып.

Жылуу кийим, тамак-аш,
Болбосо деп алар аз,
Болочок иш күрөшкө,
Болуп турдуң санаалаш.

Далайларын белектин,
Фронтко деп жөнөттүң.
Кайнап турду иш деген,
Кайратыңды жөлөп күн.

Күнгөй чөбүн чапканың —
Күн-түн малын бакканың —

Фашистти как жүрөккө,
Болду таамай атканың.

Айдың төрдүн капталын —
Айдап мала тартканың —
Күздө тоодой түшүмдү,
Унааларга артканың,

Канат болду сызганга,
Ок, от болду душманга.
Тоодой кубат күч болду,
Тоо томкоруп бузганга.

Алып турмуш сынагын,
Барга-жокко чыдадың.
Уруш өмүр кыркса да,
Үмүт жибин уладың.

II

Тоодон акса булак жай,
Жылтыр этип сымаптай.
Бактың мыкты асырап,
Балдарыңды чырактай.

Бардык эл бир бүлөдөй,
Фашисттерди күнөөлөй.
Согуш күндө туу болду.
Бирин бири сүрөмөй.

Бирок кетпей каржалып,
Иштеп түндө Ай жарык.
Азаматтар жеңсе деп,
Азык-түлүк камдалып...

Онго толгон бала да,
Чегип кош ат араба.





Ийин, башын жапырып,
Иштеп жүрдү талаада.

Азыркыдай газ кайда,
Тезек терип жазгы айда.
Жыгач жарып тиреттип,
Камдап казан асканга.

Бул иште да сен эне,
Болуп уук, керегe.
Чыйрак улуу күч жумшап,
Чыктың бийик серегe.

Жаз, күз иште көгөрдүң,
Атка бешик өңөрдүң.
Суу сугарып талаада,
Дыңга кетмен чөгөрдүң.

Ырыс, мөмө, дүйүмдүү
Жарың сага сүйүндү.
Бала төрөп өстүрүп,
Базар кылдың үйүңдү.

Туткасында көп иштин,
Күчү болуп дециздин,
Ыңааласа ымыркай,
Эмчек сүтүн эмиздиң.

Адилетти сүйлөөгө,
Бейкут ырын үндөөгө,
Бала — бакыт, келечек,
Келсин дедиң дүйнөгө.

Дене боюң тердеткен,
Бир айныбай эмгектен.
Үлгү болдуң баарыга —
Уул-кызга эр жеткен...

III

Тоолор эрип, кулап жар,
Тунуп үнгө кулактар.
Өзөк өрттөп, күн өрттөп,
Өчтү далай чырактар.

Кыйылып гүл буректар,
Бозоруп кең туректар,
Сонун мезгил күн өчүп,
Соолуп жатты булактар.

Айтсак сырды аңтарып,
Көздөн далай кан тамып.
Кара кагаз берүүдөн,
Почтоочу да калтаарып...

Ыза тартып кыйладан,
Бооруи толгоп ыйлаган.
Өлүм! — сага фашист! деп,
Өз ичинде тынбаган.

Гитлер далай жерди алды,
Өмүрдү алды, кенди алды.
«Өлүм лагер» үйүндө,
Өрттөп отко денди алды.

Бирок жеңиш таңдары,
Туусун бекем кармады.
Өз жерге арткан сүйүүнү,
Фашист тартып албады.

Гитлер далай узду алды,
Асып уул, кыздарды.
Жылдыз оюп жүрөктөн,
Төшкө канжар кыстарды.





Бирок мекен балдары,
Жоону мээге каңдады,
Байлык ташкан жеримди,
Фашист тартып албады.

Даңаза иши болуп зор,
Түргө келип колоттор.
Аял заттар эркекче,
Айдап чыкты трактор.

Бир гана эмес, жүз келип,
Ай талаада иштедик.
Жарпың жазды мол түшүм.
Жай айланып, күз келип...

Өргө чапкан бактыда,
Өнөр күүсүн тапты да.
Таалайын Эне кеңитти,
Таанып кара, акты да.

О, Эне, сен жаз белең,
Көп балаңа наз белең.
Жеңиш Күнүн самадың,
Кубанч толгон жаш менен.

Жигит өрттө, биз мында,
Батып сулуу кыз муңга.
Жеңиш келген күндөрдө,
Калбады арман из кумда.

Суулар агып шаркырап,
Самолет үн аркырап,
Саймаланды көк асман,
Салют нуру жаркырап.

## IV

Өмүр жолуң караса,
Жерде барда аласа.
Жерден тапсаң ырысты,
Жерген кылды даңаза.

Бакыт күнүң көчөндө,
Балкыйт сыйкыр экен де.
Бала төрөп он экн.
Баатыр болдуң Мекенде!

Сызып эмгек көчүндө,
Сыйкыр кебиң сезимде.
Ардак, сыйы журтуңдун —
Алтын жылдыз төшүңдө.

Сен жөнөкөй канчалык,
Жүрсөң сөзүң жар салып.
Жыттайм өлбөс өмүрдөй,
Жыпар чачкан арча алып.

Улуу кызың Халима,
Кетип Маскөө шаарына,
Врач Бекин, Сатарың,
Шам кошулуп шамыңа.

А Замира, Жамила,
Жоробегиң, Салима,
Жолчубегиң, Канатбек,
Жоодураган Алима.

Бири малчы, мугалим,
Бири көрктөп турагын.
Бири шофер, инженер.
Бири дыйкан угамын.



Балдар турса гүл ачып,
Келечегин сынатып.
Болочок күн-өмүргө,
Болгула дейт гүл азык.

Дебей жакын, алыстык,
Дайым жасап калыстык.
Өссө баарын ынатып.
Жүрөгүндө намыс жык.

Балдар гүлүн буратып,
Өссө баарын унатып.
Өз алдынча болсо дейт,
Өз үй түтүн булатып...

Алыс жүрсө небере,
Санаа түшүп энеге.
Аман келсе деп тилейт,
Атай козгоп делебе.

Тагдырга баш сунуп жай,
Тарткан ачууң булуттай.
Жерде жатса сынык нан,
Колго алгансың ыйыктай.

Апаң өткөн эстелик —
Согуш күнгө кез келип.
Жаш аласың көзүңө,
Жалын кезди эскерип.

## V

Жаш кезеги шаңдуу эле,
Ал бирөөгө жар беле?
Байбичелер чогулса,
Курат кызык аңгеме.

Айтып асыл жаштыгын,
Ак сүйүүгө мастыгын.
Жомок кылат өзүнчө,
Махабатта шат сырын.

«Өрт коюлуп гүлүмө,
Жүктөр түшкөн ийниме,
Жетим элем, жетилип,
Болдум бир чоң үй-бүлөө».

Каар согуш туш келип,
Жай талаада иштедик.
Жарпты жазды мол түшүм,
Жаадыраган күз келип.

Даңаза иши болуп зор,
Кылкан эгин колоттор.
Аял заттар эркекче,
Айдап чыктык трактор.

Жайлоо көркү төр экен,
Үйдүн көркү эр экен.
Майданга Усуп кеткенде,
Уча түштү берекем...

Жарты өлүмгө барабар,
Бирок келди жарадар.
Шүгүрчүлүк буга да,
Тынып жүрөк, санаалар.

Тойбойт тура жер өзү
Татаал турмуш кемеси.
Турат менин жадымда
Усубумдун элеси.

Аалам ичи кең экен
Асылды алды жер эчен.



Мүнөзү бир жароокер
Кыздай болчу берекем.

Шайырдыгын билгизип,
Жүрүчү элди күлгүзүп
Жасачу эле далайды
Жыгачка жан киргизип.

Уккан адам жыргаган,
Шыктуу болчу ырга анан.
Торгой таңшык үн менен
Топто далай ырдаган.

Айыл жакшы көрүүчү
Айтканына эрүүчү.
Кыштын узун түнүндө
Жомок айтып берүүчү.

Жомок менен таң атчу,
Жоодур кыздар карашчу.
Дастаны деп элимдин
Жакшы көрчү «Манасты».

Турган чакта ал ырдап,
Дайра болчу шарылдап.
Ала жипти аттабай
Элин сүйчү жалындап.

Сүйө билчү ал баарын,
Тоонун кечин, таңдарын.
Максатына жете албай
Өчүөдүбү ардагым...

Бала төрөп он эки,
Баатыр болгон кезимде,
Кетти ошентип, Усубум,
Муз түшүрүп сезимге.

Кыргызда көп тескелеп,
Макал сөздө эскерет.
«Карысы бар ар үйдүн,
Ырысы бар деп келет»

VI

Кана, окуучум, эмесе,
Карып калдым дебесе,
Кайнап, оттой жашасын,
Кайрат ташкан Энеке.

Өмүр жылса дембелеп,
Сөзү керек, дем керек.
Эр уулуна жол табар,
Энекедей эл керек.

Анда эмесе, ардагым,
Аман болсун балдарың,
Көрдүк улуу турмуштан,
Чолпон болуп жанганың,

Ай, Энеке! Ардагым,
Айдан жарык жанганың.
Сезим туюп мээримиң,
Сендей болсун балдарың.

Тынбай мүнөт жаныңыз:
«Ыйладыбы сары кыз.
Гүлбарчыным өзгөчө,
Көкүрөккө дары кыз».

Деп каласың бир тынбай,
Эстеп кезиң кырчындай.
Ыйык жайлоо күндөйсүң.
Ысык-Көлдүн сыртындай.



Баландын нур — баласы,
Балапандай карачы.
Адептүү өссө жашынан,
Ордунда эне санаасы.

Кызыңдын нур — баласы,
Кызык тура карачы.
Акылдуу өссө башынан,
Аппак көңүл санаасы:

«Чуркап жүргөн Бекташым,
Той тойлогон Беккасым.
Ойноп жүрсө шатырап,
Ойлоп таңын, шат жазым.

Кубат берип ушулар,
Кайгы черден кутулам.
Канатымды асманга,
Кайрат алып учурам.

Көл, дайрага чөкпөгөн,
Кышта суук өтпөгөн.
Чыйыр сызып көк менен,
Чыйрак өссө деп келем»...

VII

Кай бирөөлөр «көрөгөн»,
Чууртуп бала төрөгөн,
Кыйын жашоо турмушта,
Багып, барктап бөлөгөн.

Ичи тардык кылабы,
Бул да турмуш сынагы.
Жактырбаган көп сөздү,
Уккан эне кулагы.

«Мунун эмне кереги,
Токтотпойбу деги эми.
Жамыраган козудай
Улам төрөй береби.

Минтип төрөп турса бу,
Жерге батпайт урпагы,
Кийим керек, нан керек
Кантип багат мынчаны?!!

Жашы элүүгө барды ары
Жашмын дейт го ал дагы.
Чыгаан чыкса жакшы го,
Чууруп тууган балдары»...

Кээ бир көпкөн абысын,
Кээр таштап дабышын.
Ушак айтса тыз безеп,
Угуп эне анысын.

Чындык жолун издеген,
Чыйралды эмгек иш менен.
Чыгып калбай бек жүрдү,
Чын адамдык тизмеден.

VIII

Дүйнө туптүз жар болуп
Кабагына кар конуп.
Жүргөн кезин элестейт,
Жарты нанга зар болуп.

Жыртык кийим кийинген,
Колу-буту чийилген.
Татаал кези элестейт.
Сына жаздап, ийилген.



Жан кейитип кыйнаган,
Башка адамдар туйбаган.
Наристе кез элестейт
Нан табалбай ыйлаган.

Миң өзгөрткөн дүйнө өңүн,
Азап чачып күндө миң.
Жака кармап ойлонот.
Жабыркаган күндөрүн.

Көздөн учуп жакшы күн
Качкандыгын бактынын.
Карап турат алыстан
Кара кийген жаштыгын.

Баары жогун тең эстеп,
Өткөн кезин эне эстеп.
Турса, кино лентадай,
Жатты бары элестеп.

«Катаал күндүн салдары,
Кайрылбастан калды ары.
Тартиптүү өстү, шок болбой
Балдарымдын балдары.

Кандай жыргал замана
Көңүл бурган балага.
Оюнчугу үйдөгү
Өзүнчө бир араба.

Аалам кезсе кош канат
Кол чабышкан достор ак.
Бир неберем жылмайып.
Боломун дейт космонавт.

Заман ишин аткарган,
Толкундарда такшалган

Бирөө моряк болом дейт.
Пароходду башкарган.

Тоодон, түздөн, талаадан,
Жер байлыгын караган
Геолог болом дейт бирөө
Эл ишине жараган»...

Турмуш кызык деги өзү,
Ойго батат эне өзү.
Көз алдынан дагы учат
Өткөн күндүн элеси.

## IX

Көрбөй гүлдүн кызылын,
Өөп-жыттап мышыгын,
Бир кездерде өкүнгөн,
Билбей бала кызыгын.

Кай бирөөлөр «Көпөлөк»
Кабанак ит жетелеп,
Чаң жугузбай киринтип,
Үйдө багып бөпөлөп.

Бала десе баккандан,
Коркуп «азап тарткандан».
Өмүр жүгүн кийинки,
Муундарга арткандан.

Сезбей өмүр милдетин,
Жашап таштай үйдө тим.
Айыл билет, шаар билет,
Айыктырбас илдетин.



Бала десе жеринен,
Байкас албай жериген.
Өмүрүнө от коюп,
Безгендик эл, жеринен.

Кабак-кашым дебеген,
Көтөрүлүп делебең,
Кээде болуп дарыгер,
Ап-аптайсың неберең...

Жайдын ысык күнүндө,
Жашыл чынар түбүндө.
«Күнүм, кетпес ырысым,
Күлүңдөчү, күлүндө!»...

Уукка толуп керегең,
Босогоң кут ээлеген.
Бир короодой санасак,
Бирдикте ойнойт чөбөрөң.
Бейпил күндүн балдарын,
Бешикке сен бөлөгөн.

Бүткөн боюң ээилип,
Жибек болуп эшилип.
Кетпес жыргал бул өмүр,
Керемеке кезигип...

Нелер баштан өтпөдү,
Калчап турмуш өктөмү.
Учуп келди сага шат,
Урмат, сыйдын көктөмү,

Окуп турмуш томдорун,
Учкул болуп ойлоруң.
О, Энеке, эр ните,
Жээниң — «желке тондоруң».

### X

Жумуш турса үйдө эчен,
Жаның тынбай күндө сен.
Жасап далай кол кабыш,
Макал-лакап сүйлөсөң.

Жайда жайлоо көч болуп,
Кээде малга көз болуп.
Сый урматбы сендеги,
Сымбаттуулук, токтоолук.

Жаш кез далай мээнетти,
Тартуу кылып ээлетти.
Бирок көрүп жатасың,
Карган кезде дөөлөттү.

### XI

Алма-Атада окуган,
Алмас деген баласы ал.
Ташболоту Ташкентте,
Кааласа ага барат ал.

Көлдө кичүү небере,
Жибек болсо Нарында.
Саякаттап жүрөт ал,
Карып калган чагында.

Көздөн жуулуп жаш муңу,
Көрүүдө азыр бактыны.
Тээ алыстан кол булгайт,
Кайгыда өткөн жаштыгы.

Эне өмүрүн карасак
Күндө күлүп таң атат.
Кайгысы жок кыпынча
Бирок, карып баратат.



Түшсө дагы жүзүнө
Карылыктын саймасы.
Ак тоолордон алганбы
Тоодой бекем кайраты.

Дүйнө деген ушундай.
Бир кезде эне кейинди.
Көлдөн жугуп калганбы,
Көлдөй чалкар пейили!

Эне өмүрү өңдөнөт,
Окуядай түштөгү.
Айтып жаткан жомогум,
Дал ушинтип бүттү эми.

## ПУШКИНДИ ОКУСАМ

Өмүрүң күн нур болуп күлүп өткөн,
Океан толкундарын түрүп өткөн,
Тарыхта улуу ысмы кайталанып,
Сыймыктуу Лира жүгүн арта барып,
Русланын Пушкин ырдап, сүйүп өткөн.

Өмүрдө өрүш жолду төтөлөгөн,
Толкуну тоону басып көкөлөгөн,
Ааламга ыр берметин чачып улам,
Лирасын дүйнө эли бөпөлөгөн.

Окусак Пушкин жолун өткөндөгү,
Гүл ачып поэзия көктөмдөрү,
Шуу этип доор туусун тагып алып,
Үгулат бүгүн, эртең дагы жарык,
Толкундуу океан жарып өткөндөрү.

Зымылдап канат жайып турна көктөн,
Кастарлап Мекен жерин сыйлап өткөн,
Адамдар суктансын деп өмүрүнө,
Людмила! Махабат таштап көңүлүнө,
Жалындап акын Пушкин ырдап өткөн.

А силер өлбөдүңөр, тирүүсүңөр,
Жаштыкта жалын чачкан сүйүүсүңөр,
Дүйнөдө канат жетпес өтө күлүк,
Ар дайым жаз таңында күлүмсүрөр,
А силер батпас жаркын күнүмсүңөр!



# ӨМҮР-САПАР, ЖАШОО, ТУРМУШ КАЙРЫКТАРЫ

## ОРУС МЭЭРИМИ

(Поэма)

Сөз башы

Канатташым, орус тууганым,
Кайрат бердиң алга зууладым.
Үмүт оту күчөп, жалындап,
Үзүлгөнүм кайра уладың.

Жүрөктөшүм орус тууганым,
Жүзүм жарык, сууңа жуугамын.
Кайрат, күчүң болуп Гималай,
Караңгыда болдуң чырагым.

Мөл-мөл этип көз жаш тамганын,
Күлкү менен кайра айдадың.
Кубатыңа ташты эритип,
Курчтугумдан ээл жанбадым.

Айтсак тарых, өмүр жөнүндө,
Ардак, сыйың дайым көңүлдө.
Билсек дедик даңкын кайталап,
Биз кайрылып өткөн өмүргө.

I

Атакс! деп кумар таратпай,
Ал-күчү жок сынган канаттай.
Жетим калды Жаныш томсоруп,
Жекеңде өскөн суусуз дарактай.

Апаке! деп мээрим толтуруп,
Турар чакта сонун ой туулуп.
Ата-энесин келте кайсаган,
Азаптардын кегин толтуруп.

Тойтук байдын көпкөн балдары,
Томаяк деп эчен «кандады»...
Жаныш болсо жашын көлдөтүп,
Кээде атты мурун кандары...

Куйрук жалын мыктап түйгүзүп,
Чыйраксың деп күлүк мингизип,
Чыкпай келсе Тору жарыштан,
Тойтук жанды кайра күйгүзүп;

Чагып салган бала бармагын,
Өттү го деп «жолсуз» зардабың.
Эх, мээримсиз бооруң таш беле,
Чокко салып ата ардагын...

Заман зарын бороон кайталап,
Токой дагы муңдуу чайпалат.
Айнек жапкан булак үнүнөн,
Жетимчендин ыйы байкалат.

Жылдыз айтат: «чыда, жан боорум!
Жылдыздапар бакыт жолдоруң.
Сайрап булбул сулуу таңынды,
Самаганга жетээр колдоруң».

## II

Таң да атып булут канады,
Жаныш жөнөйт — балта жарагы
Отун алат, кесет карагай,
Кор болбоско кийим, тамагы.





Ана барат нскеп кадамын,
Ачып улам санаа барагын.
Үмүт отун көккө бүркөт да,
Айтат: «Күнүм, мени аягын!»

Жарк-журк этип булут аралап,
Күн да күлүп ага каранат.
«Чыгыш таңы мээрим эпкини,
Чыдай тургун бир күн жаралат»...

Дегенсийт да кайра жашынат,
Көшөгөсү болуп жашыл, ак.
А тигинде кыраан куштун да,
Жаныш үчүн боору ачынат.

Кыялында жокту жаратып,
Томаякка өчпөс таң атып.
Ташкындапат кээде сезим күч,
Келечегин жаштын аятып...

Балта чабат арык колдору,
Кубат жоктой кишен тордогу.
Эстей калса сүйкүм энесин,
Элестенет ата жан боору...

Айтат анда буккан арманын,
Булак суусу кургап калганын.
Көктөн түшкөн кылыч чагылган,
Көк майсанды өрттөп салганын.

«Эх, тагдырым! Мага не жаздың,
Таалай күнүм ызгып адаштың.
Жүлүнүмө нйне сайгылып,
Жүрөгүмө окту кадаштың...»

Деген ыры алыс угулат,
Тоо арасын муңга «сулуулап».

Ал аңгыча келет жанына
Орус адам, минген буурул ат.

Бүркүт кабак мээрим жүздөрү,
Сыр билгенсин буккан ичтеги,
Улутунат күлүп мындай деп:
— Унутулар арман биздеги!

Жаныш коркот басып калтырак,
Ойлойт: «Мында кайсы жан турат».
Орус өзү сүйлөйт кыргызча,
Көздөр ойнойт болуп шам чырак.

— Ах, садага! Ыйлуу үндөрүң,
Араң калган дене сүлдөрүң.
Билип турам, коркпо орус деп,
Өзүңдөйлөр, теңдик — сүйгөнүм.

Башын чулгайт минген жайдагы
Орус күлөт, кирсиз жайдары.
Суроо берет дагы Жанышка,
— Малайысың, байдын кайдагы?

Бүлк-бүлк этип кесик эки эрин,
Жаныш айтат жетим экенин.
Тентип келген таш боор Тойтукка,
Таштап коюп Ак-Жар мекенин.

— Эмне кылам айтып башкасын
Эки кылбас тагдыр жазмасын.
Өтөт беле өмүр ушунтип,—
Деди дагы төктү көз жашын.

— Кой, ыйлаба, гүлдүү келечек,
Бакыт кайда күрөш дебесек.
Уктуң беken Ленин жөнүндө,
Качанкыга бизди бай эзет...



— Айтчы абаке, Ленин ким өзү,
Алп жүрөкпү анын мүнөзү?
— Акырын! — дейт орус туутаным,—
Адилеттик анын күрөшү!

Ленин!
Ушул сөзгө уюп жаш жүрөк,
Илебине муздак таш күйөт,
Бойго чексиз жалын күч берип,
Көл ташкындай көңүл өстүрөт.

Ленин!

Ушул сөзгө Жаныш эриди,
Жылдай болуп секунд мээрими,
Жалаңкычтар жерден сыйпалып,
Толо түштү бөксө, кемиги.

Таанышты экөө айтып аттарын:
— Жолоочулап келе жаткамын.
Байкабапмын сайда көпүрө,
Чирип талы араң жатканын.

Шарк дей түштү кулап араба,
Жардам! десек жан жок арада.
Чыны келдим, жардам берер — деп.
Чыгарышкын, жүрү, садага.

Жаныш минип күрөң өгүзүн,
Жиреп улам кыял деңизин.
Келди түшүп сайлуу өзөнгө,
Сыймык көрүп жардам беришин.

Тентек беле тоонун булагы,
Күүсүн чертип күлкү ынагы,
Көңтөрүлгөн сууда араба,
Көлк-көлк этет өзөн сымабы.

Жүктөр турат кээси суу болгон,
Курган чети күмүш буу болгон.
Эндик эрин сулуу аял бар.
Элес көркү көлдө куу болгон.

Саамайына кызыл гүл тагып,
Гүл сыяктуу жүздөн нур тамып.
Моймолжуса кара көздөрү,
Жүрөк оту жарк дейт тутанып.

Көркүн төгүп кашы, кирпиги,
Бойго тартат назик сүйкүмү,
Көгүчкөндөй сонун кыймылы
Көз алдыда өчпөй күн-түнү.

Ак жоолугу гүлдүү калдыркан,
Аягансып улам алдыртан.
Сыр айткансыйт орус тил менен,
«Канат байла шамың жандырсаң».

Сөз тизгинин буруп шарт улап,
Сүйлөп коёт күлүп жаркырап.
Мээриминен берки Жанышка,
Боордоштой сүйүү артылат.

Куур шымын Жаныш түрүнүп,
Жан-ал калбай шаша жүгүрүп,
Сууга кирди, толкун канаты,
Кээде урат, кээде жүгүнүп.

Душман беле суунун тили жок,
Көбүктөнөт мөңкүп өтө шок.
Юрий дагы октон көтөрөт
Өзөн жээги, суусун жошолоп.

Алиги аял атты жетелеп,
Күч бергенсийт алга кетсе деп,



Буурул болсо чайнап оозугун,
Так түйүлүп жалын көтөрөт.

— Чү, деп сүрөп Жаныш айтты да,
— Кана, кана дагы тарткыла!..
Чыга түштү арткы дөңгөлөк,
Жол сапары сонун бактыга.

— Ой, ракмат! Иним, Жанышым,
Кийин алгын муну жаңы шым. —
Деди Юрий сапар чегерде,—
Дайым болун жакын тааныш, ым.

Жаныш билбей не деп айтарын,
Кобур этти: «Алкыш айтамын!»
Сурайм деп оозу батпады,
Кайда барып кайдан кайтарын.

Мээрим күчкө эрип багынып,
Өз ичинен улам жалынып.
Көз алдында калды көп элес
Мээрим оттор күндөй чагылып.

Карайт улам Юрий тарапты,
Кыял жиби жасап канатты.
Булбул этип достун карааны,
Бүргөн жакта нары баратты.

Закымдады учуп жел менен,
Жаныштагы ойлор дегдеген.
Азап тагы айыгатко дейм,
Аралашып жакшы эл менен.

III

Жай мезгили... Чачып илебин,
Жаныл дантат жердин иреңин
Тойтук болсо тигип ак өргөө,
«Той, жыргал» — дейт өмүр сүрөрүм.

Жай мезгили... жайнап гүлдөрүң,
Жаңырткан көз куштар үндөрүн.
Тойтук болсо самап жаңысын,
Тогуз кылды тиккен үйлөрүн.

Тогуз болуп алган аялы,
Тогузунчу Токол Аяны.
Өз кызындай жашы чынында
Өксүп кыздын өмүр-саяны.

Бүткөн окшоп жүрөк канынан,
Жакшы көрөт аны барынан
А Аянчы? —
Аян кайгылуу
Жүрөк канап эрксиз зарынан.

Сырын айтсак кыздын чынында,
Сыздап келген байга чыгымга.
Ата-энеси эптеп жан баккан,
Айла жок деп канкор-зулумга.

...Жашыл кырдын сулуу жонунда
Шарап ичет Тойтук сонунга.
Майланышат мурут, сакалы,
Майлуу чучук эрип колунда.

Эрмек болуп — жамбы атканы,
Эки эликти тирүү кактады.
Эх, мээримсиз, Карынбайбы деп,
Элдер каргап тилин тартпады.

Ак өргөөсүн мээлеп алыстан,
Атып калды кош үн жарышкан.
«Кара жолтой бирөө өлөр» деп
Канкорлугун минтип тааныткан.



Келсе үйүнө Тойтук шашыла,
Канын боёп көздүн жашында.
Дем кыстыгат, Аян кыйналат,
Уу жаптың деп алтын башыма.

Тил кеберсийт, улам кан кетет,
Кан кеткенде кайрат ал кетет.
Кайран кыз ай, Аян шордуу деп,
Арман сөздөр бойду терметет.

Тойтук болсо калптан кайгырып,
Каламбы дейт, сенден айрылып.
«Оо, толкун көл, кайда ташкының?» —
Дейт энеси боздон чаңырып...

«Тойтук каман биздей боздоп кал,
Тойбой малга итиң коштоп кал.
Чөлдөй катып келер ырысың,
Чөптөй куурап ташка окшоп кал!

Жалп деп өчтү күйгөн чолпонум!
Жарык күнүм, кайда жортомун?
Муң куулөрүң мага чалгансыйт,
Булуң бурчу ушул ой-тоонун.

Зар укпаган эзел эң керең,
Оо жараткан дүйнө тар белең?
Жалгыз гүлүм солуп жылаңдан,
Жалаңкычтар колун сермеген».

Эне ыйын күмүш тоо угуп,
Ыйлап ийди булут чогулуп.
Күзгү таккан күмүш булактар,
Токтой калды кумга сорулуп.

Куштар дагы көктөн абалап,
Аян... десе канат жаралап.

Бүркүт кыраан болот тырмагы,
Тойтук десе ташка кадалат.

А Жанышчы? Жаныш от болуп,
Жанып кетет күйүт от толуп.
Канкор Тойтук арсыз зулумга,
Кадалсам дейт аткан ок болуп.

...Күш-күш этет Тойтук басалбай,
Казан курсак өгүз кашандай.
Жаныш айтат ага жолугуп:
— Тил кесмек бар, жоктур баш алмай.

Бир сөзүм бар, байым кечиргин,
Мен томаяк тозгон жетиммин.
Күнөөсү не сулуу Аяндын,
Кут эле го үйүң-көркүңдүн.

— Тарт тилиңди иттин баласы,
Айбандарга болбой арачы.
Эй, жигиттер байла эшекти.
Көктө тура мунун санаасы...

...Камчы ойноду Жаныш башына,
Кан кошулуп анын жашына.
Колдор артка кырча байланып,
Жаткырылды зындан ташына.

...Жылдыз толгон кирпик жайнатып,
Тоо башынан булут айдатып
Ой, шумдук ай! Тагдыр несиң деп,
Онтойт Жаныш, суусап, кан катып.

Күзөтчү уктайт күр-шар коңурук,
Бир келгендей уйку чогулуп,
Караан келет туткун жанына,
Жаныш аны кубат — тоо кылып.



— Кайрат жыйна, Жаныш беделим,
Калбай түндөп доско* жөнөгүн.
Батырат ал орус болсо да,
Басмыгерен сымак бөбөгүн.
Кокус калсаң түндөн таң атып,
Көзүм жетет анык өлөрүң.

Жарк чагылып канжар миздери,
Тарс кыйылды туткун жиптери.
Атасы эken көрсө Аяндын
Муну буккан кирсиз ички.

«Жакын дос — деп — жакада оруска,
Билдирипир Тойтук болушка.
Жашсын Жаныш, кол үз ач көздөн,
Кантмек элек азыр кол кыска.
Каман, билем, амал ой кылат
Тилиң кесип, көзүң оюшка».

Эске түшүп досу баштагы,
Тобокелге боюн таштады.
Эркерсп ал орус мээрине,
Юрийка! деп ойлоп басты ары.
— Атакебай, кош бол эми — деп,
Атырылтты минген кашканы.

IV

Жаздар өтүп мөндүр төгүлдү,
Секунд коштоп өткөн өмүрдү.
Ата болуп Юрий сөздөрү,
Алгалатты учкул көңүлдү.
Көшөгөсү жарк деп ачылып,
Тээ алыстан жылдыз көрүндү.

---

* Доско — жакада өзүнчө там салып, бак тигип, картошка эккен Юрий. Мурдагы жолугушуудан кийин аны менен Жаныштын таанышбоордоштугу күч алып, үйүнө барып турган.

— Айланайын жакшы келгениң,
Акта, бирок, ата эмгегин.
Үйрөн мыкты уста болууну,
Турмуш азоо ага көнбөгүн.
Гүл жайнаткын келсе колуңдан,
Чөлгө буруп бакыт көлдөрүн.

Антаргандай турмуш белесин
Айтат Юрий алтын кеңешин.
Акыл күчү толкун деңиздей,
Алмаштырып кайгы жемесин.
Ак сүт тактай аны сүргүлөп,
Айдайт Жаныш эмгек кемесин.

Мүйүздөнүп ыргыйт чамынды,
Үчүп желге ууз таарынды.
Стол жасайт, эшик, терезе,
Уста колдон баары жаңырды.
Шакиртине Юрий кубанып,
Атасындай алкап жалынды.

Айтчы досум, турбас адаты
Алга сызды мезгил канаты.
Өмүр өтсө жаанын огундай,
Ачылды бейм байлык кабаты.
Байлык — өнөр ага дос болуп,
Айыкса экен Жаныш жараты.

Мурун ойго, түшкө кирбеген,
Сүйлөп калат орус тил менен.
Көрүп муну: — Жаныш капыр деп,—
Кээ бир кыргыз аны сүйбөгөн.
Сөз маанисин кээси түшүнбөй,
«Мужук» дешип какшык сүйлөгөн.



Энесиндей бир боор дайыма
Айтып калат мээрим Мария*
— Жүрө бергин жүрөк баламдай
Сиции калдың менин канымда.
Үйүр алдың жакын тааныштай,
Үйлөнтөмүн сени Сарыга**

Күлкү шаңы эне, балада,
Күлүң этет күн да арада.
Жанын жүзү бир аз кыярат,
Жалын оттой жанып, жар*** ага
Үмүт нуру ойноп жаткансыйт,
Тээ алыста, деңиз талаада.

Үйрөнүп ал жемиш — бак сырын,
Үйрөнүп ал ишин жакшынын
Кайрат тоосу көккө сайылып,
Картошка айдап, экти аштыгын.
Эрте-кечте тамга тааныды,
Эске тутуп билим жаштыгын...

— Үйүң мына жүргүн жазганбай,
Үйрөн оку, сура, жаз талбай.
Сеники ушу сезим күчтүү дейт,
Эркин тоодо булак ташкандай.
Иним, билгин илим макалы:
«Ийне менен кудук казгандай».

Оокат кенен, мал жок анчалык,
Бир уй, эки ат сүмбө даң салып.
Таң калтырды айыл кедейин,
Төрт бөлмөлүү жаңы там салып.
Айнектери күндү чагылтат,
Күмүштөнүп ичи жапжарык.

* Мария — Юрийдин аялы.
** Сарыга — орус кызына үйлөнтөмүн деген маанide.
*** Жар — жубай деген мааниде.

Сыймыгы артып буга Жаныштын,
Айтып калат: — мен да салыштым,
Тону түлөп кайра жаңырды,
Тоотпостон уусун каргыштын.
Ата — Юрий, эне — Мария,
Айтпайт Жаныш: «Жетим, жалгызмын».

V

— Чакыртыптыр бизди таанышым,—
Деди Юрий камдап дарысын. —
Жүргүн уулум, сен да айылга,
Кийип тигил кийим жаңысын.
Кыргыз бала көрчү уулу деп,
Эч чөктүрбө эне намысын.

Жаш кезинде чыңап сезимин,
Окуп билген доктур кесибин.
Бакыт күнүн мындан тапкансыйт,
Балы тамып ширин сөзүнүн.

Буурул кашка тери жамгырдай,
Алып учат камчы салдырбай,
Тизгин тартып, бала кээ жерден,
Баря жатат, ана чалдырбай.
Жаштык кубат күчү арткансыйт,
Чарчоо сырын эзел алдырбай.

Бешим убак... Токой таранат,
Тентек шамал койнун аралап,
Бел-Саз суусу өжөр үн катып,
Октос берип жарды жаланат.
Юрий келет чамдап айылга,
Көк жайыкта жыттуу карагат...
Дарыласа уйду шарп болгон
«Ой тобо» дейт элдер сагалап.



— Көрчү тигил куба баласын,
Коркпойт ал да, аң-таң каласың,
— Жок, кыргыз ал. Сүйлөйт орусча,
Бөлбөгүлө ата санаасын,
«Орус келди» деген сурдуу сөз,
Дүнгүрөттү айыл арасын.

Чагылгандай кабар дүркүрөп,
Добуш шаңы алыс бүркүлөт.
Кадыр мейман уулу Тойтуктун
«Кетемин» дейт коркуп зиркиреп.

Качты мына, минип жоргосун,
(Ал ээрчиткен сырдаш, жан досун)
Көрөр замат Юрий, Жанышты
«Кокуй булар мени сойбосун!»
Деген өңдүү басып калтырак,
Артын карайт: «кырсык болбосун»

Угуп Юрий күлөт жай гана:
— Билсең досмун адам, малга да.
Кандуу бычак, кандуу зөөкүрдөй,
Кимиңди астым, өлүм — даргага.
Жок, туугандар, Юрий — досуңар,
Жаньш берген эмгек чарбага.

Орус дешкен көздөр жанагы,
Карайт улам Жаныш баланы.
Юрий болсо турмуш дегенсип,
Жетимдерди ичтен аяды.
Жакшылыкка жарк деп өтсө экен,
Жаңы өмүрдүн алтын барагы...

Бероон чыгып батыш тараптан,
Жер жүзүнө миңтип салат шаң:
— Жаз өмүрүң кайра кулпунду,
Өстүрүп ал жемиш дарактан.

Сокку берип бакыт таң үчүн
Совет туусу жаркып, канатчап
Мезгил кыйын... Таалай шаң үчүн,
Күрөштөрдө кызыл агат кан.

Жалын чыгып батыш тараптан,
Жалын күүсү миштип салат шаң:
— Өрттөйм тонун эски замандын,
Эй, жетимдер, жалчы, кайраттан.

Таңкы жалын бороон издериң,
Тарых сүйлөп а да калат таң.
Мезгил шашат жаңы секундга,
Күрөштөрдө эрдик... агат кан.

Жер ойгонду жаткан уйкудан,
Бороон күчү аны булкуган.
Кытай жактан кыргыз келген кез,
Бакыт издеп тууган журтунан.
Кайыр сурайт кээси кайрат жок,
Ачарчылык көлү тумчуган.

Батыш жактын бороон, жалыны,
Ала тоонун койнун каптаган.
Көкөй кескен зулум байлардын
Ичегисин өрткө кактаган.
Жылан башын кесип таштоого,
Кызыл күчтөр кылыч таптаган.

Күрөштөрдө теңдик бак үчүн,
Суудай акса адам кандары
Юрий, Жаныш тилек үмүтүн,
Жеңиштерге... Эркке арнады.
Кызылдардын атып вулканын,
Кызыл туусун бекем кармады.





Ленин!.. Өткөндө уккан ушул ысымды,
Жаныш толкуйт, көргөн кысымды.
Ленин! Ушул атты жүрөк кайталап,
Канаттарды көккө учурду.

...Алга барат, чамдайт отряд,
Кээде мылтык тарс этип атылат,
Бугуп кээде эне, жаш бала,
Бөдөнөдөй чийге жашынат,
— Коркпогула, атпайт солдат деп,
Юрий барат улам жай сурап.

— Заман жаңы жарык жолуңар,
Күнгө жетет сунса колуңар.
Бирок али күрөш бүтө элек
Эскиликтин колдо чогу бар.
Кайрат ташып теңдик иш үчүн,
Бузулбасын бирдик тобуңар.

Кеңеш берсе кызыл командир,
Кедей айтат: — көрчү билген тил,
Мээрим экен орус болсо да,
Жүрөгүндө эзел болбой кир.
Эми ачылат биздин бактыбыз,
Эрги, кедей эмгек, билек түр.

Мелжип жаткан Бел-Саз оюнан,
Түтүн чыгат улам коюлган.
Дүрбү салып Юрий буюрат:
— Кыраандарым, жүргүн соңуман.
Келсе мында кедей тобу экен
Кеңеш куруп атай чогулган.

— Мен да жарды тонко кошулам,—
Кыйкырышты үч-төрт боз улан.—
Келдик зарлап кеңеш өкмөт — деп,

Тентип тигил Кыргоо тоосунан.
Чал да чыкты «кийми самтырак»
Шилекейи бурт деп оозунан.

Башын чайкап кызыл солдаттар,
«Көргөн — дешет — булар кордук зар».
— Жок, булар Тойтук, анын балдары,—
Деди Жаныш дүйнө болуп тар.
Кой териси, котур ташы бар,
Кара жүрөк анык душмандар!..

Тарс-тарс этип ажал октору,
Жер жаңырып солк деп токтоду.
Тойтук жырткыч кара жүрөктү,
Тоо желип да жортуп жоктоду.
Өчүңдү алдың Жаныш дегенсип,
Октябрдын күйдү оттору.

## ЭПИЛОГ

Жылдар акты жылга кошулду
Күрөш күүсү бийик созулду.
Үркөр сымак жүргөн кээ кыргыз,
Унутпайм дейт орус досумду.

Ок жаңылып күрөш сапардан,
Юрий кеткен биздин катардан.
Бирок өчпөй ысмы түбөлүк,
Юрьевка деп кыштак аталган.

Анткен себеп алгач бак-шагын,
Тиккен Юрий, салып ак тамын.
Достук менен кыргыз досуна,
Баштап берген сонун салттарын...





Эрин күнгө кайгы муздары,
Эмгек! — дешет уул-кыздары,
Жыргалына куштар болгонсуп,
Жылдызданат Юрий кыштагы.

Бел-Саз суусу анын жээгинде,
Турат таштан бийик эстелик.
Жаныш келип ага кээ күндө,
Мингип ырдайт досун эскерип.

«Жаздар өттү суулар ташыган,
Ракеттүү ун... Алга шашылам.
Адам кылдың Юрий, жетимди,
Аны кантип сенден жашырам.

## КҮМҮШ ТАМЧЫЛАР

Тамчы кулап, бийик тоонун боорунан,
Кыялымда кызык көрөм, тоорулам...
Тизмектелип бермет ойлор менде да,
Шуру издеген көп балдарга жолугам.

Тик зоолорго түшүп тентек издерим,
Көрүп жазды, көрүп тамчы күздөрүн...
Жаралуу аркар жонун тоссо тамчыга.
Көрдүм анын жашара да түшкөнүн.

Бермет сымак мөл тамчылар уюлган,
Зоо күңгүрөп, көз жашыбы куюлган?!
Же күмүшпү жер алдынан жылт этип,
Асыл болуп, адамзатка сунулган?!

...Деп ойлонуп кетпей зоонун түбүнөн,
Күүлөр угам ак тамчылар үнүнөн.

Сууцан татып, өлбөс мүрөк ичкенсип,
Өмүр жолдо өзүмчө эле сүйүнөм...

Сүрдүү зоолор салаңдатып кабагын,
Төксө мейли мөңгү ойнотуп кабарын.
Тып-тып этип, акак күмүш тамчылар,
Билдиргенсийт толкун канат жаярын...

...Ошол тамчы, ошол дайра агымын,
Талаа татып жайып гүлдүү тамырын.
Мен да бүгүн жолугушуп кайрадан,
Көрдүм үйдөн ата Ильичтин жарыгын...

## ЖЕР МОНОЛОГУ

*(Тынчтык сересине)*

*(Поэма)*

Эч жазыксыз, шагыраса сөөктөрү адамдын:
Сыздап жүрөк, ырбады улам, бүтпөй тагы
жарамдын...
Сүйүү журту уяласа кең койнума, боорума,—
Мен айыктым, себеп болуп, көкөй кескен ооруга.

Ай, адамдар, айттырбагын азап-муңдун
кайрыгын,
Бүтө элек, айыга элек өткөн жарат-айрыгым.
Алтын баштар чым жазданып, түпкүрүмдө,
тереңде —
Болбосо дейм кан жыттары, найза тагы
денемде!..

I

Мен — жермин!
Койнумда — чалкыган байлык кендери.



Миллион жылдар, узак шартта,
Жараттым мээнет менен,
Эмгексиз турмушка келмек белем...

Келечек күнүм дегенде,
Далай азап дайраларын кечтим.
Бийиктетип өмүр билигин,
Бирде жанып, бирде өчтүм...

Алгач мен жаралганда,
Калбады турмуштук издерим.
Үмүткөр болуп болочоктон
Тиричиликти,
Бакытты,
Чындыкты издедим...

Акыры мына,
Эмгек менен алтын үйлөр курулду.
Адам акылы чамгарактап,
Адам даңкы Жылдыздан угулду...

Мен — Жермин!
Башымдан далайды кечирген.
Бирде тоңуп, бирде ээзилгем...
Тыңдасаңар мени,
Айтам мындай кеңешти:
Ташкындап сый,
Басылып ый,
Жаралаба денемди.
Сыйла мени,
Сыйлагандай энеңди.

Мен — Жермин!
Өз огумда дайым айланып,
Жыям мына, кылымдардын байлыгын...
Акпаса деп, адамзаттын кандары,

Айтам мына, кылымдардын жардыгын:
Ок... ок...— дебей,
Чечип дүйнө тынчтык тагдырын,
Сүт деңизге,
Кара кыл түшпөй,
Үмүт жиптерин үзбөй,
Жүрөк кылдары күүлөрүн толгоп,
Ынтымакка сезим чулганып.
Өрт чалбаса экен,—
Өмүр күндөрү ырдалып...

Жалындап жүрөк, жакшылык тилеп
Дир-дир этип ийнйт эмчегим,
Нурданайын, көрктөнөйүн,
Кылыч чаап, окту жасабай.
Эмгек колуң берчи, элим!..

Артып күлкү,
Азап көрбөй жаш-кары.
Баатырдыктар баян болуп,
Багынтса дейм бийик чоку, асканы.
Көрүнсө дейм бөбөктөрдүн,
Гүлдүү жерде, эркин ойноп басканы...
Тоолор, талаа, булуттарга, турмушка
Көрүнсө дейм күлкү таштап,
Көз отторун чачканы...

Ылайланбай аккан сууларым,
Учурсам дейм көлдүн кууларын.
Сулуу көрүп өңүн булактан,
Күлүктөрүн чаап саяпкер,
Күйүп турса дейм оттор туяктан!

Мөлтүрөп мөмөм,
Нан жыты болуп аймагым,
Көрсөм деймин убайын,



Тынч күндөр берген сайманын
Боюма чөгөрүп болот калкан,
Душманга оор болсо дейм салмагым...

II

Жер болуп жаралганы,
(Уксаңар планета адамдары)
Зордук-зомбулук,
Эрксиз, эзилгендик,
Замбирек, найзалар...
Уулар болду менин душманым...
Кара ниеттер боорумду эшерип,
Көрдүм далай ак жолумду бузганын...
Бирок буга, кайнаса каным кошулбай,
Адалдыкты жактырдым,
Акыреттик досумдай,
Ошентип,
Азаттык күнү дегенде,
Мээримдүү карадым мен элге,
Акыры ырыскыга малынып,
Күчүмө кирдим жараттарым айыгып...
Ал күч келди
Октябрь желпип тууларын!..
Төктүм кенди,
Төктүм сулуулукту,
Артып сүйүү кумарым.
Өндү мына,
Өмүр берген,
Кубат берген гүл, багым!
Жер, байлык, суу,
Буржуйга эмес,
Жумушчуга!
Кедейге!
Дыйканга!
Эзилгенге!..

Жер, байларга эмес,
Жалпы элге!..
Жарыгы жанып, акылга бай, сырлары терең,
Улуу Ленин чыгарган,—
Ушул декрет угулар менен!
Билдим да генийдин генийин!
Көрдүм бакыт ташканын...
Нурга бөлөндү,
Бозоргон бетим, токой, тоом, таштарым...
Ошондо жарпым жазылып,
Аарчып жүздөн көл-шал болгон теримди,
Алдым дедим ач көздөрдөн кегимди...
Уккан сайын,
Улуу Октябрь сөздөрүн...
Көрүп жаттым,
Жаңы доордун жаңы бакыт көчтөрүн!
Аалам күүсү чексиздерге жеткирди
Акылмандын өлкөсүндө:
Азат, теңдик, адилеттик өскөнүн!..

III

Атым — Жер!
Жүрөгүм тынымсыз каккан.
Көл, деңиз, океандарым,
Көккө урунуп чалкып жаткан...
Бергенсин жашоо элесин:
Ыйлоону эмес, ырды,
Кыйноону эмес, сыйды...
Билем, адамдар бейпил күндө гана,
Үрөн-бутагың өсүп, шапар тебесиң...

Мен — жермин!
Металл уюп, сансыз кендерим.
Өмүр үчүн жумшалса деп,
Бардык байлыгым элге бергемин!



Бирок ач көз агрессорлор —
Бомба жасап,
Өлүмгө шашат...
Боён алышып, жырткычтык өндөрүн....
Дүйнө билмек акыры —
Өз көрүнө өздөрүн көмгөнүн...
Ай адамзат!
Хиросимага түшкөн атом баягы,
Айтчы, кана, кайсыл жанды аяды?
Кырчын өмүр кыргын болуп заматта,
Өспөй калды күйүп тамыр,
Жашыл чөбү, дарагы...
Мунэтоси Фукагава[1] муну ырдайт
Муңдуу карап өз сүйгөнү калааны[2]

«...Алдыңдан, таман астыңдан,
Бир дабыш кулак жаргандай,
Бар тынчын жандын алгандай...
Дүрбөдү түгөл жан бүткөн,
Дүрбөлөң чууну ким күткөн?!

Көз ирмемде жарк этти,
Көздү ачырбас нур жалын...
Кызыл от, кызыл күл болуп,
Кантады бүткүл калааны...
Карыны, жашты, баланы
Ачырбай көздү бир жарык,
Бар эсин жандын турду алып.
Алаамат болуп кайрадан,
Кызыл от, түтүн жайнаган,
Атылып чыкты асманга...
Булуттар кызыл көктөгү,

[1] Ф у к а г а в а — Япониянын акыны. Ал атом бомбасынан кыйраган Хиросима жөнүндө «1946-жыл, 6-август» деген ырлар циклин жазган.
[2] К а л а а н ы — Хиросима шаары деген мааниде.

Кайрадан от — сел төктү эми.
Көз ирмем убак шол кезде,
Жазыксыз жаткан адамдар,
Жазыксыз тирүү өрттөнду...

Шумдукту көргөн ошондо,
Төгүлүп чачы бир жаш кыз.
Күйдүргөн көзду жарыктан,
Качат ал, көзүн басат ал...
Паанасын таппай шашат ал...

Чыдатпай от-сел, ак жарык,
Кийминин баарын өрт чалып...
Ак жүзүн жалын аймалап,
Түнөрүп көктө күн турду...
Кыз үнү[1] болсо, таш жарып...»
Мына, көрдүңөрбү, атомдун кыргынын!
Тийген нугунан,
«Жаркыган» нурунан,
Чөп чыкпай калды...
Жарым жан болуп адамзат,—
Чач чыкпай калды!..

Ооба,
Атом күчүн эмгекке буруп,
Октябрь өлкөсү сонундарды куруп.
Жайнатты атом ГЭСин...
Атом кемесин...
Анткени алар көздөгөн:
Тынчтыктын сересин!..
Тынчтыктын мөмөсүн!..

[1] Кыз үнү — атом бомбасынын нурдуу таасиринен бүткүл кийим, денеси күйгөн жаш кыз муниципалиет үйүнүн эшигинин алдына жетип, дубалга сүйөнө кулап түштү.



IV

Атым — Жер!
Жамгырым бакыт даны.
Марттыкка досмун башынан.
Керемет дыйкан эмгеги,—
Эксе эмнени,
Айтамын: алманды, балыңды, сүтүңдү—
Бардыгын ташып ал!..
Анан тилээрим мындай:
Тирүүлүк турмушту, жаштыкты,
Гүлдөсүн деп ар убак.
Жар салгым келет дүйнөгө тынбай.
Дем алса дейм, тазалыктан адамзат!
Нур төгүлгөн жолдорун,
Кандуу кылбай, каардуу кылбай...
Водород уусун элеп,
Күйбөсө экен өрт чалып,
Кулпунган терек,
Желбиресе дейм Жер үстүндө
Кызыл желек — Тынчтык желек!..
Эй, адамзат!
Кыроо чачтуу,
Ыйык энемин билгенге,
Мээрим төгөмүн дилдерге,
Бирок, кээ бир жыландар,
Булгады абаны, тоонун сууларын...
Аларга наалат айтып,
Өпкөлөп ыйладым...
Мындайча ырдадым:

Майыштырба кубат — күчүм белимди,
Буза көрбө купкуу кылып өңүмдү...
Бактерия, ядро курал, атомду,—
Жогот, адам, жогот жерден өлүмдү!
Континенттер кан тамырың үзүлбөй,

Жер сыймыгын алгын колдон түшүрбөй.
Планеталар акылыңа суктанып,
Болсо дешет, улуу турмуш өчпөгөн,
Баарын курган адамзаттын күчүндөй...

Өмүр жолум байкап карасам:
Сезимимде жалын бар, муздар бар...
Жүрөгүмдө шаңым бар, ызгаар бар...
Ызгаар кетип Лениnден,
Октябрым болду жалыным!
Октябрым болду жаңы ырым!

Ай, адамзат!
Мен — жермин!
Акжолтоймун жеңиш салттуу,
Айтарым көп сага кайрылып:
Сыйла,
Көгөрт,
Жашарт!
Жашагың келсе мени жай кылып...
Мен да сыйлайм сени,
Өчүрбөй үмүт отторун,
Каалагаңың жасайм, жоктон бар кылып!

## КАЙРА ТИРИЛГЕН АКЫН

*(Советтер Союзунун Баатыры, Ленииндик сыйлыктын лауреаты Муса Жалилге)*

I

Жырткыч келсе гүл дарактı жапырып,
Өрттөп туусун, күлүн көккө сапырып.
Акын өлдү, жалтанбаган жоодогу,
Тирилди, бирок,
бүркүт шаңшып тоодогу.



Тирилгени — ачык асман, көк асман,
Таңдар атып, Жер жылдызын саматкан.
Бүгүнкү өмүр максат күтүп жеңиштүү,
Чыйыр издеп, бийиктерде бараткан.

II

Кара жылан — каптап келген туманда,
Айланды акын өрткө, селдүү кыянга.
Жоо колунан өлдү, жерди жазданып,
Тирилди, бирок,
жоогазын гүл таш жарып.

Тирилгени — күлкү каптап жеримди,
Сүртүн жатам талаада эмгек теримди.
Тынчтык күндө ырын ырдап акындын,
Жазып жатам жазыла элек черимди!

## ДОСТУК ШААРЫ — ФРУНЗЕМ

Көргөн жан таң калат,
Көчөң гүл, алма бак.
Ала-Тооң шаңкаят,
Атыр жыт аймалап.

Кайырма: Жашарткан карысын,
Жакшы ыр, күү дабышың.
Дооруңа жарашкан,
Достуктун шаарысың.
Бешигим сен менин,
Билимге термедин.
Каалаган кесипке
Канатым сермедим.

Кайырма: Жашарткан карысын,
Жеңиштүү арышың.

Жетелеп өрүшкө
Шаттыктын шаарысын.

Максатың бийикте,
Жык толгон үмүткө.
Салтың бар гүлдөгөн
Бийикте, бийикте.

Кайырма: Фрунзем — намысым,
Өрнөк иш жарышың.
Балбылдап отторуң
Бакыттын шаарысын.

* * *

Ай, Фрунзем, сезим үнүм,
Жаштык шаарым тилегим.
Ак сүт түнүң, эмгек күнүң
Бакытым деп билемин.

Өчпөс эрдик элестериң,
Өчпөс оттон көрөмүн.
Көздөп жеңиш белестериң,
Көккө илинген желегиң.

Сүттөн бүткөн алтын шаарым,
Сүйүүм сенде өчпөгөн.
Өзүңдө өткөн жаштык шаңын,
Өмүр бою эскерем.

Мекен жүгүн алыс тартар,
Мээрим күч бар койнуңда,
Сени кайра миң жашартар,
Милдеттер көп мойнумда.

Ай, Фрунзем, ырдар үнүм,
Асыл максат тилегим.
Ак сүт түнүң, эмгек күнүң,
Бакытым деп билемин...



## ЧЫРПЫГЫҢ ЧЫНАР БОЛУП...

Түндөрүң ак сүт чачып бал-бал жанат,
Серпилип бийиктерге сезим канат.
Бир күнкү тийген жарык аппак шоолаң,
Миң күнкү күч кайратым кабат-кабат...

Бутактап улам жаңы түйүндөгөн,
Дүрт эткен жүрөктөгү сүйүүм белен...
Фрунзем — эне жытым, куттуу төрүм,
Күндө жаш гүл тагынып күлүңдөгөн.

Таалайдын татып сенден өмүр балын,
Өзүңдөн өлбөй турган мээрим алдым.
Фрунзем — бүгүнкү шат көркөмүңөн,
Кулпурган келечегиң көрүп алдым...

Алдыда үмүт толгон күнүм белен,
Ак дилден айтып жүрчү сүйүүм белен...
Фрунзем — өчпөс ырым, илим төрүм,
Чырпыгың чынар болуп дүрүлдөгөн...

## ЧЕРКАС[1] ЧЕБИ

I

...Ай, Черкас чеби, Черкас коргону!
Келдим сага,

[1] Черкас — Казакстандын Сарканд районундагы коргонуу чеби. Мында 1918—1919-жылдарда совет бийлиги үчүн кандуу кармаштар болуп өткөн. Бул кандуу салгылашта далай азаматтар курман болгон. Акыры кызыл баатырлар тарабынан Черкас чеби корголуп, жеңишке ээ болушкан. Азыр бул жерде Черкас коргонуусун элестеткен чоң музей бар.

Тынч күндөрдүн тынчтык мүнөт чагында.
Турат кылыч, турат айры бир илик.

Болгон ал да, жоо кыйратар сабында.
Кол пулемет, ыштуу түтүк замбирек,
Турат пистон, турат октор,
Баткан далай жалынга...

Медсестра танып жоокер жаратын,
Бир жагынан,
Жоого сунуп мылтыгын.
Өмүр, өлүм өчөшүп,
От алоолоп турганда
Алган эмес бир тыным...
Күлгө айланткан, келген жоону уйпалап,
Турат мына, жерди аңтарган гранат.
Көз алдымда туу алоолоп,
Көөдөй түспөл,
Өрт булуту чубалат...
Көкүрөк тосуп курч найзага,
Чыккан көздөр атып алга,
Арстан болуп ураалап!

II

Черкас чеби — эр өмүрү,
Боз топурак камыр болуп жуурулган.
От тамыры өчпөй мында
Душман далай жулунган

Болот кылыч чагылгандай
Жарк деп нечен суурулган...
Жаңы заман түлөктөрү,
Сактап бийик бактысын.
Черкас чеби — эр өмүрү
Ленин ысмын туу кылган...



III

Азыр мына келатабыз,
Черкас жерин, ыйык чебин аралап.
Ошондогу замбиректер ор казган,
Дүңгүрөп кулак тундурган,
Жан гана эмес, аска, ташты жаралап,
Ошондогу боз чөп, дөңдүн ордуна,—
Ошондогу казган окоп, жол мына...
Ошондогу балык жон, чыйыр ордуна,
Ошондогу душман бекип,
Курган жер үй, тор мына...
Сүрдүү болуп чепте берки жондогу,
Жоокерди көр, пулеметто колдору.
Жарга камап, жарагы күч душманды,—
Бошотту ана жердештерин ордогу...

Ал кездеги, ошол[1] мөлтүр жаш жигит,
Бүгүн ак чач, тоо кабактуу,
Күрөш менен өткөн өмүр жаш чагы...
Зуулдап кыштар, зуулдап токсон жаз дагы...
Черкас чептей бекем жашаган,
(Ошол Кирилл жаш адам)...
Сүйлөйт кызык баяндап,
Өткөн өмүр тизмегин:
«Азыр деле, Черкас чебин карасам,
Ойлор менде ташып булак, арашан!..

Өз башымдан майдан отун кечирген,—
Черкас күрөш, чыкпай калды эсимден...
Анда менин алоолоп от жүрөгүм,

[1] Ошол — Саарканд районундагы «Черкасская оборона» атындагы айыл чарба артелинин ветеран-колхозчусу. Черкастык баатырдык коргонууга катышып далай эрдиктерди жараткан карыя Кирилл Захарович Гайворонский азыр да өз колхозунда жашайт.

Ага арналды, тоодой кайрат жигерим.
Анда кайнап, ар намысым деңиздей,—

Ага арналды күчүм, жаштык билегим!...
Али эсимде, тулпарлардын
Жаадай учкан,
Дүбүрттөрү, чаңдары...
Комиссардын кайрат берип,
Тууну ыргалтып, ураалап үн салганы...
Али эсимде, мыкчый кармап жүрөгүн,
«Жашасын Ленин!», «Жашасын Октябрь!»
— деп,

Өмүр өчүп баратса да,—
Жер жаңырткан эрдин кайрат салмагы!..
Ошол өчкөн өмүрлөр,
Кайра жанып күн болуп.
Кайра ачылып гүл болуп,
Талааларда ак дан болуп жайнады...
Суула сүздү,
Көктө сызды,
Жылдыздарга жетип байрагы...
Бакыттарга толду Черкас аймагы...

IV

Черкас чеби,—
Тороп жоону,
Калган күрөш издери.
Өткөн эрдик,— от өчпөгөн
Тирүү эстелик биздеги...

Черкас чеби — эр өмүрү,
Даңкын атап, ысмын алып бай колхоз,
Өткөн тарых күндөрүндөй,
Бүгүн мына, баатыры көп
Бакыттарга ортоктош...





V

Сени көрүп,
Түрмөктөлүп,
Аппак канат ойлорум...
Черкас жерим,
Баатыр чебиң
Сени дайым эскергеним —
Ырдестемди койгонум...

## ФРУНЗЕНИН БАКТАРЫ

Бир жай келип атам абдан мактады:
— Токой тура!.. Фрунзенин бактары.
Кайда кеткен, кайда кеткен көрүнбөйт,
Көчө толо чаңгыл тарткан таштары.

Апам дагы күлүп карап:— Аскабы!..
Дейт,— үйлөрдү кыбыр болуп басканы.
Бактарынын бутагындай ийилчээк,
Сылык тура мөлтүрөгөн жаштары.

Ооба, ата-эне, мен да аралап баскамын,
Фрунзенин жашыл көйнөк бактарын.
Сүйөм бекем, сүйөм жакшы көрөмүн,
Бак гана эмес, ээн жаткан таштарын...

## АДАМ ҮЧҮН

Тагдыр мени жандырбагын эркимен,
Кең дүйнөгө ракет болуп серпилем.
Жамандыкка жаа огундай тартылып,
Жакшылыкка комуз болуп чертилем...

Агылып мен тентек дайра тамчыдай
Өмүр жолдо сапар атым камчылай.
Тоодон бийик толкун болуп келатам,
Тоскоолдорго ойрон-бүлүк салчудай.

Ооба, чыны, элге деген сезимим,
Термеп күндө таңдан бүткөн бешигин.
Ак көңүлүм арамзаага бийлетпей,
Ачкым келет айкөлдүктүн эшигин...

Бирөө күлсө, шаңды берип шаңына,
Бирөө ыйласа, тирек болуп жанына.
Канат болуп, каалагандай учуруп,
Калкыйм кээде океандын шарында.

Тирүүлүккө артып акыл кумарым,
Кирсиз татып, бул жашоонун булагын.
Адам үчүн жанган добул күүмдүн,
Билбей кетем кең дүйнөгө сырын...

Тагдыр мени жандырбагын эркимен,
Кең дүйнөгө ракет болуп серпилем.
Жамандыкка жаа огундай тартылып,
Жакшылыкка комуз болуп чертилем...

## НАМЫС

Булуттар күндү чүмкөп койсо дагы,
Жырткычтар күчкө бекем толсо дагы.
Намыс деп, кыргыз бекем жашап келген.
Колунан укмуштарды жасап келген.
Басынбай кайрат чыцап, керек болсо,
Манасы баатыр чыгып,— азат берген.

Ошентип кылымдарды аралаган,
Жол кезип, жер дүйнөнү сабалаган.



Намыс деп, өмүр кыйып майдандарда,
Жалтанбай жан жүрөгүн жаралаган.

Керекте төбө менен асман тиреп,
Кыргыздар балбан билек, баатыр жүрөк.
Өмүрдө чын досундай, сырдашындай,
Өлсө да намыс ары бирге жүрөт.

## БАГЫНБАДЫМ...

Өмүрдүн карай салсам өткөн жолун,
Элестейт балалык кез, күлкү оюн.
А бирок согуш деген бир суук сөз,
Сезимге кан дүргүтүп, тумчуктуруп,
Жебедей жаралаган тула боюм.

Туш болуп өрт согушка балалыгым,
Кыскарган бал-сүт оюн аралыгым.
А бирок аскар тоодой кайрат менен,
Тылда да эмгек деген ардак менен,
Как жардык кара нээттин кара кылын.

Анда да арка болуп улуу Ленин,
Ар күнү айтып турду акыл кебин.
Бак кыйрап, үйлөр эчен куласа да,
Уу чачып, жырткыч сабы чубаса да
Баатыр эл коргой берди гүлгүн жерин.

Акыры жеңип чыктык согуш каарын,
Жүрөктө Ленин болуп намыс-арым
Дем кылып, алп акылын, жеңиш күүсүн,
Дем кылып Ленинизм ыйык туусун,
Кастарга тизе бүгүп багынбадым...

## СОҢ-КӨЛ ЖАНА МЕН

*(Сырдашуу)*

I

— Айтчы, ардагым Соң-Көлүм,
Дасторкондой жайылып Чоң-Төрүң.
Неге мынча мел-мел этип жайыксың?
Төрт түлүктү түмөн күтүп, жайыпсың?
— Угуп турчу, уулум кебимди,
Сырымды айтууга жүрөгүм берилди.
Береке,
Бейпил,
Бетеге,
Түз болсун деп айланам,
Төрт түлүккө толсунчу деп жайнаган,
Табийгаттын басып азем жолдорун,
Мен бир гана адам үчүн жаралгам.
Шаттык,
Күлкү,
Бакыт ырын
Угайын деп адамдан...

Балдар күлүп каткырып,
Тайын минип ойносун деп.
Жигер күчүн арттырып,
Жигит, кыздар тойлосун деп,
Керемет бай,
Кененликти сүйөмүн...
Ошон үчүн
Кең пейилдүү жүрөгүм...

II

— Айтчы, ардагым Соң-Көлүм,
Көз карекке көркүң тартылып.
Неге мынча сүйкүм келбетиң?!



— Элим көрүп жайлоо үзүрүн.
Магдыраным жыпар жытыма,
Ырлар уюп көңүлдө
Жалынса дейм сулуу төрүмдө:
«Кагылайын келечегим, күчүгүм,
Кагылайын үрөн-бутак, бүчүрүм.
Ак мөңгүдөй буусун төгүп нийгеи,
Даамы кетпес таткан сүтүңүн...
Көкөлөй бер бийик чынардай,
Көрбөй-билбей согуш түтүнүн»
Мына ушундай жакшы санаа, тилегим,
Ошондуктан,
Көркүм артып, сүйкүмдүктү сүйөмүн...

III

Карай калсам Соң-Көл кылаасын,
Жатат мына чалкып бийикте.
Суроо камдайм, улам ойлоном,
Кыялданып негас күлүктө...
— Айтчы, Соң-Көл чыныңды,
Санырылып кээде толкунуң,
Бийик төрдө жаткан сырыңды?!
«Бермет чачып жамгырдай,
Айга жүзү ымдашкан
Жымыңдаган алыскы,
Жылдыз менен сырдашкан.
Асман көлү, Ай көлү,
Ала-Тоонун мөлмөлү...»
Десем сени көргөндөр,
Айтчы, Соң-Көл чыныңды?
Айтчы, Соң-Көл сырыңды...

Соң-Көл бир аз дене термеп тымызын,
Тил катты маа айтып сырын, сунушун.
— Муз каймагым кышта кетпеген,

Бийиктемин, ырас айтканың.
Күнгө тийип, чокум аскарым,
Кээ бирөөнүн колу жетпеген.
Аларды мен,
Бийиктикке канат керсе деп келем
Кыш күнүндө таштай катып,
Муздаса да илебим.
Адамдарга коргошундай
Эрип турат жүрөгүм!..
Адамдарга аппак сүттөй,
Айта турган тилегим.
Жылдыздарга тийип аска миздерим,
Өчпөсө деп өрнөк болор издерим.
Тоо башында, бийиктикте жаралгам,
Шаттык,
Күлкү,
Бакыт ырын
Угайын деп адамдан...
Салтанатын кылымдардын,
Көрөйүн деп замандан
Бийик төрдө жаралгам...

IV

— Неге мынча тунук, кирсиз тазасың?
Суусун болуп, адам черин жазасың?
Билдиресиң билбегенге,
«Сыр түйүнүн билип ал,
Өчпес тарых сүйүү бар»
Көркүң ээсл чегербөй,
Байлыгым мол дегендей,
Койнуң толуп шат кыймылга,
Каз-өрдөгүң катасың...
Кандайдыр бир мээрим чачасың...



* * *

— Сурап калдың атайын,
Айтып сырды, черим жазайын...
Тунук болгон себебим:
Адам ичи ылайланбай,
Ар ким көрсө кубангандай...
Достук артып бир-бирине,
Тууган болсун дегеним...
Мээримдикте өмүр өсүп,
Арамдыктын күнү өчүп,
Кабак-каштар дайым жаркылдап,
Укум-тукум чөбүрөшүп,
Улуу максат тосуп алып элимди...
Кристалдай тазалыктар,
Кайрат эмгек уюп-учкул сезимге,
Каптаса дейм жеримди...
...Суусун болгон себебим,
Адам жашоосун кызык көрөмүн...
Чаңкап турса кандырып,
Бар мээримди төгөмүн...
Томсоргонду жек көрөмүн эзелден,
Ошондуктан, каз-өрдөккө,
Камкор болдум эчен мен...
Атпаса дейм мерген сөрөй,
Аккууларды, чый-чый эткен балдарын...
Өчпөсө дейм өмүр толгон шаңдарым...

Сурап калдың тереңдикти,
Ооба, чындык тереңмин.
Байкабаска, барк кылбаска,
Балчык болуп балыгым жок,
Барып турган кереңмин.
Акылдуунун терең болот ойлору...
Багын ачып, жылдыздантат аймагын!

Сузуп алып эмгек каймагын,
Мээрим чачып айланага
Мөлтүрөтөт өмүр дандарын...
Ошон үчүн күн жанса деп бактыман,—
Төрөлгөндөн теренддикти жактырам!..

V

— Соң-Көл сулуум, айтчы дагы чыныңды,
Арманың көп... Качан таптың сыйыңды?
— Суусуну курган мөмөлүү шактын,
Ачылбай келсе, ал кезде бактым.
Октябрь ысмын угаарым менен,—
Гүлдөрүм жайнап, ырысым таптым.
Кумсарып өңү, өзөнүм, сайдын,
Кууpaca шилбим, эсимден таңдым...
Бактылуу күндү туярым менен,
Көйкөлгөн көйнөк шиберим жайдым...
Зар ыйлап Соң-Көл кыздары далай,
Аларга боорум сыздады далай...
Кыйнооңу тартып, айланды күңгө,
Кыргыздын мөлтүр уздары далай...
Ызалык оту ичине сыйбай,
Көлдөгөн нечен көз жашын тыйбай...
Алардын бири Ак Мөөр сулуу,
Армандуу айткан ыр сабы мындай:

«Соң-Көлдүн башы тал менен
Соодагер өтөт мал менен.
Солкулдап ыйлап баратам,
Солуган Жантай чал менен...

Кең-Колдун башы тал менен,
Кербендер өтөт мал менен.
Кейиште кетип баратам,
Кемшейген Жантай чал менен!»...



Суусуну курган мөмөлүү шактын,
Ачылбай келсе, ал кезде бактым.
Ленин ысмын угаарым менен,—
Гүлдөрүм жайнап, таалайым таптым...

VI

— Соң-Көл сулуум, айтчы дагы чыныңды,
Эмгек өтөп элге берген сыйыңды?
— Аккан дайрам[1] ала кетип алыска,
Буруксуган жайлоо жытын, кыз жытын...
Көгүчкөндөй бийлеп толкун канатым,
Сүйөм,
Коргойм,
Ырдайм толкуп,
Тынчтык салтын
Адатын!..

Тамчым жетип ак пахтанын түбүнө,
Күчүн сүрөйм Нарындын.
Талааларга гүл тагып,
Тарткан зымда,
Жүрөктөрдө,
Сезимдерде,
Агылдым...

Байлыктарды, эмгек үзүрүн,
Байрак кылып бийик тагындым.
Кубанч төгүп ар улуттун үйүнө,
Дабыш коштум,
Сүйүү бердим,
Достук коштум,
Кайрат бердим...

[1] Аккан дайра — Соң-Көлдөн Нарын дайрасына куйма агып түшөт. Ал Соң-Көл суусу деп аталат.

Сыр дайранын үнүнө...
Сыйла мени
Ала-Тоонун элдери!
Өлбөс бүгүн, сулуу Соң-Көл эмгеги!

* * *

Мезгил мага: милдет кылып айттыбы,
Күрөш менен сүрөп алга арткыны.
Бул турмушта учкун болуп жылт эткен
Берсем элге,
Күндү, гүлдү өмүрдү,
Берсем деймин азапты эмес, бактыны...

Заман мага: максат жүгүн арттыбы,
Ыштейм аны суттөй көңүл актыгы.
Анан мындай: байлык күрөп элиме
Берсем деймин
Эч көөнөрбөс өнөрдү,
Берсем деймин ачууну эмес, таттыны...

## АТА ЖУРТ

Сезип сенден кайнап турган күн табын,
Көңүл чалкып, көрдүм кайрат вулканын.
Кирпигинден туюп турдум Ата Журт,
Жайнап өстөн,
Сенден өскөн,
Буудайымдын буурул мурут кылканын.

Жука, назик, жашыл жибек кийинген,
Жер кучактап жемиш бутак ийилген.
Жүз нурланып, жүгүм артып максаттуу
Мөмө шагың,
Жайнап данын,
Жүрөктү айтпа... сени көрүп сүйүнгөн.



Максатым кең турпагына жуурулган,
Үмүт үзбөй урматын күт уулундан.
Бийик тартып, жылдыз чарпып толкунун
Журтум — энем,
Элиң менен,
Билем, билем ырыскың мол куюлган.

Эмгек этип таалай табар уяндан,
Көрктүү үйлөрдү көрдүм бийик кыяндан.
Тоңурагың кымбат болуп баарынан
Наарын чачып,
Көркүң ачып
Токой өнүп: кайың, талдар буралган.

Ай, Ата журт! Келечегим ойлогон,
Кубат алгам, кучагыңа ойногом.
Тийдиби аркам: жигитчилик, чын эрдик
Журтум — Энем,
Сага деген
Милдетимди ар убакта ойлоном!..

## МЕКЕН — ЭНЕ ТИЛЕГИ

Жер шары айтты:—«Бүлүк салды фашизм,
Тагы калды, күчөп далай жаратым...»
Энем айтты: — «Эстегенде өрт ичим,
Кан майдандан кайтпай калды канатым!»

Жер шары айтты: —«Мөмө болуп айланам,
Жаркылдасын Жердин жылдыз оттору!»
Энем айтты: — «Учпаса экен кайрадан,
Кан эңсеген каракчынын октору...»

Коштоп дайым мекен, эне тилегин,
Жаша, тынчтык, жашаар күнүм — тирегим.
Сезимдерге уяласын шаттык ыр,
Сен жылытып, Жер дүйнөнүн жүрөгүн.

## ТУУГАН ЖЕРГЕ ТОЛГОНУУ

Зыпылдап чабалекей канаттары,
Жан достой көркүн төгүп дарак дагы.
Таштасам тууган жерге кадамымды,
Шарт этет балалыктын барактары.

Жыт алсам жайлоо сымак абасынан,
Чыккансыйм жыпар гүлдүн арасынан.
Күлкүсүн атакемдин баба дыйкан,
Угамын ак буудайдын талаасынан.

Таңынын сулуулугун көрүп турам,
Тоосунда токой болуп өнүп турам.
Чынында тууган жерден кубаттанып,
Дүрт этип ыр жамгырын төгүп турам.

Комуздун күүсү кетпей кулагыман,
Өмүрдүн басар жолун сурап улам.
Энемдин ыр, күлкүсүн, берекесин,
Көрөмүн шылдыр аккан булагынан.

О, мекен жылдыздарың көрүп нечен,
Ыр самап кээде сага келип кетем.
Сөзүнө кээ биреөнүн тоңсом дагы,
Тууган жер! Мээримиңе эрип кетем.

## АТА-ЖУРТ ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОП...

Алтын чынар Ата журтка карасам,
Талбас эмгек, талаа бакыт, талаа шаң.
Күткөн үмүт гүл жыттарын аңкытып,
Күмүш жапкан Күн үстүндө баратам.
Өлбөс болуп кайрадан жаш төрөлүп,
Кыялымда кымбат күүнү жаратам...



Эмгек жарак жок эмес, бар колумда,
Кез болуп мен дүйнөдөгү сонунга.
Көрк нуруна көркту коошуп мекендин,
Көл түбүнөн каухар сузам оюмда.
Жаштык күүсүн сүрөп ыйык журтумдун,
Жалын болуп жангым келет боорунда.

Коркпой эзел келген жоонун астында,
Айланып мен жалын бүркөн ташкынга.
Кыш бороонун сүрүп таштап алыска,
Бөлөсөм дейм Ата журтту жаз нурга,
Дан берметин дайра кылып агызып,
Таалай гүлүн таккым келет таш, кырга!

## АРЧАЛАР

Кышта кар, кең талаада кебез жаткан,
Асфальт жол алыстарга сызык тарткан.
Арчалар — жээктеги жашыл сайма,
Сакчыдай сезим тарткан, ойго баткан.

Күн тийсе таңдар атып, чөмүп терге,
Баш чулгайт шүүдүрүмүн төгүп жерге.
Арчалар — азем бүткөн мончок тагып,
Адамга жаштык берген өнүп жерде.

Жапжашыл жүзүн көрүп кыярбаган,
Батасың барчын канат кыялга анан.
Айтасың: «өмүр өчпөс болсочу деп,
Арчадай жаш эссбин чыгарбаган»...

Ансайын айланасы ырга батып.
Бой түзөп, сулууланып, сынга батып
Арчалар — аязда да жыпар төгүп,
Жасанат, жагалданат нурга батып.

Жеримдин сулуулугун сүйүп көптөн,
Жылмайткан, сумсаюуну сүрүп беттен.
Арчалар — жашыл жибек шуудураган,
Тамыры таштарга да сүңгүп кеткен.

## КОЧКОР ТОКОЮ

Мына менин — гүл токоюм, жашылым,
Мына менин — тоодой жыйган азыгым.
Деген өңдүү күүлөр ойноп жүрөктө,
Туулган жердин туям чексиз асылын.

Ай, Карагo, ар бир талың дарагың,
Асемденип, ачып сырын, барагын.
Бала кезде балапан кууп ойногон,
Шуудур эткен камыштарың карадым.

Ал камышта оттон бүткөн кыялым,
Бутактарда тентек мүнөз курагым.
Кыргоол кылт деп учса бийик дирилдеп,
Гүл жаштыкты канатынан туямын.

Сайран курган куштар үнү, көп болуп,
Сан салындың жайда жашыл, көк жоолук,
Агын суулар ар тарабың аралап,
Ырлар угам, өмүр жашоо, ден соолук...

## КАРА ЖЫЛАН ЖОЛОБОСУН

Талаада жалгыз дарак, жашыл дарак,
Шуудурайт керимселге чачын тарап.
Сөйкөнүп өтсө тоонун тентек жели,
Дирилдейт жалбырактар болуп канат.



Сага мен сыр бөлүшүп айтарым бар,
Казыктан[1] өсүп чыктың — кан тамыр ал.
Эми сен көркүң төгүп көңүл менен,
Жаш кездин мээнеттерин кайтарып ал.

Төрт мезгил: жай, күз, кышың жана жазың.
Талаага кароолчудай каранасың.
Ысыкта ыракатың көрүп жатат,
Алп билек дыйкан аттуу санаалашың.

Көркүң көп жайда кымкап ороносун,
Көтөрүп көп куштардын зоболосун.
Суубайлар кулакта өскөн жашыл дарак,
Уялап бутагыңа чабалекей.
Түбүңө кара жылан жолобосун!

## СОЛДАТ ЖАРЫНЫН ЫРЫ

Сагынба жаным, сагынба,
Сен бүгүн солдат сабында.
Мекениң журтуң, бакытың,—
Мекендин болгун камында.

Узатып сени курбалым,
Ууздай тилек, сырларым.
Кыяк күү, комуз таңшыган,
Карачы тоонун ырларын...

Анда бар сүйүү өчпөгөн,
Анда бар өмүр көктөгөн.
Сырдуу иш айтса Мекениң,
Сыза көр, жаным көк менен!

[1] Колхоз дыйкандары кулак байлап жер сугарганда өсүп чыккан дарак.

Жалындар менен ойногон,
Жаштыкка ээл тойбогон.
Мекендин шери болсо деп,
Мен дагы сени ойлоном.

Билемин, жоокер жүгүндү,
Унутпа сен да гүлүндү.
Күжүлдөп иштеп эмгекте,
Күтөмүн келер күнүңдү...

## МӨМӨ ТӨКТҮҢ ДАРАГЫМА

*(Согуштан кайтпай калган агам Жакып Рысдөөлөтовдун эстелигине)*

I

Ак кайың, аппак чынар, бермет талдын,
Арасын тирүү кездей жердеп калдың.
Өлсөң да, өнүп чыгып, бейкут күндө,
Бешигин тирүүлөрдүн термеп калдың...

II

Сыймыктан, жоокер агам ошонуңа,
Ишенгин, дооруң ырга кошоруна.
Ишенгин, элестериң кайталанып,
Таалайлуу таңдар күлүп тосооруна...

III

Айлыңдан алыс кетип кайрылбадың,
Көрбөдүң бир бооруңдун кайгырганын.
Бирок да Күн нур чачып эрдигиңден,
Түбөлүк бакыт таңдан айрылбадым.





Кез болсо жүрөк такан жарагына,
Көнбөдүң зордукчунун талабына.
Өлсөң да өнүп чыгып бейкут күндө,
Кыпкызыл мөмө төктүң дарагыма...

Майданда сен көтөрдүң тоону дагы,
Эл унутпайт, эл мактайт боорум аны.
Уютун таштан бүткөн жеңиш чебин,
Уладың максат күткөн жолум ары...

IV

Болсун деп аба таза адамдарга,
Бак тилеп эртеңки өмүр замандарга,
Жалындарда кыйылган кырчын өмүр,
Жалының бар бүгүнкү кадамдарда...

Жетсин деп жеткинчектер тилектерге,
Жеңиш! деп бүткүл боюң ширеп терге.
Кыйын күндө кыйылган көктөм өмүр,
Кылым мактар сырың бар жүрөктөрдө.

V

Ак кайың, аппак чынар, бермет талдын,
Арасын тирүү кездей жердеп калдың.
Бастырбай жоо бутуна сүйгөн жериң,
Бешигин тирүүлөрдүн термеп калдың...

## БАКТЫМ УШУЛ

Бийиктерде сызып бүркүт,
кайып булут үстүнөн.
Көрөт тоону, алыстыкты
көргөн өңдүү күзгүдөн.

Балапанын алыс таптап
бийиктикке үйрөтсө
Күч кошконсуйт жерде жайнап
жемиш төккөн күзгү дем...

Бийиктикти эңсейт дарак
бийиктерге шашылат,
Бүр жайнатып, гүл жайнатып
кумар чери жазылат.
Шуудурашып комуз чертип
бийик жерде ыргалып,
Жалбырактар дир-дир этип,
ак шоолага жашынат.

Бийик учат ракет дагы
бийиктерде жаңырат,
Кең ааламга тынчтык тилеп
Жылдыз болуп агылат.
Мекен ыры, эмгек күүсү
улам бийик үн салып.
Меридиана чексиз тартып,
мейкиндиктер багынат.

Жашылданып өр талашып,
өмүр үрөн — улуу дан.
Менин дагы жүрөгүмө
бийиктиктер уюган.
Эмгек менен күнү гүлдөп,
эмгек менен дем алып,
Бактым ушул — жашап жерде,
бирок, бийик туюлам!



## АК КАЙЫҢДАР

Күүсүн термеп сансыз кыял канаттын,
Неге мынча көркүң менен караттың?
Ак кайыңдар — ак сүйүүлөр, өмүрлөр,
Бутак байлап бийиктикти саматтың!
Ак кайыңдар, ак кайыңдар!
Сүттөн бүткөн жалындар!

Жер керемет сени ардактап төрөгөн,
Бирок карзын миң эселеп төлөгөн.
Ак кайыңдар — азем көрктүү сулуулар.
Жүрөк кылын толкун күүгө бөлөгөн.
Ак кайыңдар, ак кайыңдар!
Сулуу жигит, айымдар!..

Тамыр жайып жашыл дүйнө көздөгөн,
Жаркындыгын айтуу кыйын сөз менен.
Ак кайыңдар — гүл тагынган жаштыктар,
Элестериң көз каректен өчпөгөн...
Ак кайыңдар, ак кайыңдар!
Өрттөн бүткөн жалындар!

## САГЫНДЫМ СЕНИ

Сени ойлоп сезим от болот,
Саргайып өчүп сабагым.
Сагыныч мени поктолоп,
Сан күндөр жолуң карадым.

Чыгарбай сүйкүм элесиң,
Чыдадым далай күн күтүп.
Жүрөккө үрөн себесиң,
Жүрөгүм менен бир бүтүп.

Сен болуп суусун булагым,
Кымыздай толкуп көбүрөт.
Болсо да кенен турагым,
Өзүң жок тардай көрүнөт.

Сагыныч сырын куруугa,
Мөңгү окшоп тоодон агылдым.
Көкүрөк толуп күү, ырга,
Сагындым сени, сагындым!

## КАЙДАСЫҢАР, КАРЛЫГАЧТАР

*(Музыкасы бар)*

Эстечи, жашыл өзөндө,
Кумдарга сиңген из кайда?
Бир баскан сулуу көчөмдө,
А силер кайда, биз кайда.
Кайдасыңар? Карлыгачтар-курдаштар?!

Чырпыктай кезден жетилип,
Чынарга боюн теңешкен.
Күлүгүң суудан кечирип,
Көрүнчү кайра белестен?!
Кайдасыңар? Карлыгачтар-курдаштар?!

Үмүттөр күйгөн шам болуп,
Уядан учкан түлөктөр.
Максаттар аткан таң болуп,
Толкундан бүткөн жүрөктөр.
Кайдасыңар? Карлыгачтар-курдаштар?!
Кайдасыңар?!.



## ПЕЙЛИМ ЖЫЛУУ УРУНСА...

Дүйүм тамак турса дагы бар, белен,
Кыргыз кээде оокат кылып чай менен.
Сүрүн сактап, мейман келсе урматтуу,—
Казан асып карбаластап тердеген...

Ойлоп улам келсе уят болоорун,
Өзү жебей этке кел дейт коногун.
Өзөк катып, өзү сызда жатса да,
Мамык төшөйт билсе үйгө коноорун...

Араласам кыргыз айлын, элини,
Көлбүп жатат көлдөн терең пейили...
Кылымдарга кылган бийик даңаза,
Кыргыз айлы жоомарттыктын кениби?!

## АЙТА БАРЫҢЫЗ...

Жашыл жайлоо... жалбыз чөптөр, бал кымыз,
Жатып мында жайлоо сырга кандыңыз.
Бах, чиркин ай! Бакыт кыргыз жери деп,
Ай, акын дос! Артык сүйүп калдыңыз...

Кырма аякка сунуп сизге бал кымыз,
Кыргыз салты — мейман тосуп алды кыз.
Алма жүздүү, эндик эрин ушу деп,
Таңдайымда таткан даам тузу деп,
Ай, акын дос! Алкыш айтып калыңыз!

Кең дасторкон: толо дүйүм жер-жемиш,
Бакыт чачып, байлыгы арткан жергебиз.
Анда эмесе, айтарыбыз баарыбыз,
Пейлибиз ак, миңдеп күтөр мейманын,
Белен мына, беш бармактан алыңыз...

Сонун салтын,
Ашкан мартын
кыргыздын,
Ай, акын дос! Айылга айта барыңыз!

## ТААЗИМ КЫЛАМ

Мына бүгүн күн тиреген чокудан,
Мен дүйнөгө көз от таштап олтурам
Урмат кылып ата журтту, элимди,
Жеңиштерге бар сезимим толтурам!

Ал жеңиште ЛЕНИНДИН үндөрү,
Ал жеңиште эл эмгеги, дилдери.
Бийиктерде желбиреди желектер,
Бириктирип тынчтык деген дүйнөнү.

Эстеп көрчү, эл да жаңы, жер жаңы,
Эрдик менен ашкан далай бел жаңы.
Жаратылыш түсүн кайра кубултуп,
Биздер басар — өр да жаңы, төр жаңы.

Укчу курдаш гүлдөп жазы көңүлдүн,
Күнү бийик биз жашаган өмүрдүн.
Таалай чынар жашылданып баратат,
Топурагы алтын болуп жеримдин.

Кечээ минсек чайпалбаган жоргону,
Бүгүн ракет тизгин тартар колдогу.
Көл үстү да шаар болуп жаркырап,
Жылдызданат алыскы тоо жондору.

Кең талаалар дасторкондой жайылып,
Күн желеси антен болуп сайылып.
Мүрөк суусу ташып, толгон жемиштер,
Чарт-чурт этет чанагынан жарылып.



Табийгат күч тартуулады дебесе,
Мунун баары колдон бүткөн береке.
Тоо томкоруп, күн жараткан сүйкүм эл,
Таазим кылам талантыңа эмесе!

## КЫРЧЫН ӨМҮР

*(Курбум Умуке Касымовдун эстелигине)*

Барар алыс бакыт жүгүн тирелип,
Туруучу элең турмушунда гүл өнүп.
Көз кайкыткан аскар элең айлыңда,
Кулап кеттиң күтпөс жерден түбөлүк.

Булбул куштар безеп үнүн шаңк этип,
Күлөр кезде күмүш күндөй жарк этип.
Кызыл байрак, кырчын өмүр жалындуу,
Кыйылдың бейм, жаш дарактай жалп этип...

Эл, жериңе болгон аппак сүйүүңдү,
Милдет өтөр тоодой бийик жүгүңдү.
Алып кетер ардак, үмүт, балдарың,
Арткы өмүрүң болуп жемиш дүйүмдүү...

Ишенебиз изиң кетпес тапталып,
Элиң сүйөр элесиң бар жапжарык,
Кош бол эми, жалын өмүр, жаш өмүр,
Торко болор топурагың жазданып!

## ИШЕНИМ ЖӨНҮНДӨ

Ойло, мына, ишен курбум, сен үчүн,
Сүйүүм артып сүттөй таза пейилде
Басып өтөр бакыт жолум — деңизим,
Болсо деймин ишенимдин төрүндө.

Улам кызык сулууланып көктөмүм,
Турмушумдун тумандарын айдаган.
Бүчүр жайып бир жарк этип өткөнүң,
Жаз илебин жаадыраткан кайрадан.

Өмүр гүлдөп өчпөс алган атактай,
Эмгек күчүң таштай каткан билекте.
Өзүң үчүн тазалыгым акактай,
Ишенимди ыйык туткам, жүрөктө.

Жолум жарык самаганга жетемин,
Жолум ыйык көл, дайраны агызган.
Ишенимге ээ болсо деп мекеним,
Көз ирмемде кыял отун тамызган.

Милдетим бар, алып мекен, эл ишин,
Тилегим бар сүттөн бүткөн пейилде.
Басып өтөр бакыт жолум — жеңишим.
Болсо деймин ишенимдин төрүндө.

## МАЗМУНУ


Турмуш, мезгил күүлөрү . . . . . . . . . . . 3
ЛЕНИН — МЕКЕН ЖАРЫГЫ . . . . . . . . . 7
Жашоого келген Ильич апрель айда . . . . . . . 7
Дүйнө көркү — Партия . . . . . . . . . . . 8
Ишенгин, Журтум! . . . . . . . . . . . . 9
Менин күнүм . . . . . . . . . . . . . . 10
Күндөрүм жөнүндө тилек . . . . . . . . . . 10
Советтик адам . . . . . . . . . . . . . 11
Силер барда жумушчу . . . . . . . . . . . 12
Жер энеге кааларым . . . . . . . . . . . 13
Комуз сыры . . . . . . . . . . . . . . 14
Келгемин . . . . . . . . . . . . . . . 15
Өрнөк алам сабагыңдан . . . . . . . . . . 15
Коммунисттик ишембиликте . . . . . . . . . 16
Трууган жер дастандары (Поэма) . . . . . . . . 17
Биз үчүн . . . . . . . . . . . . . . . 41
Энеке . . . . . . . . . . . . . . . . 41
Кыргыз өмүрү . . . . . . . . . . . . . 42

*Чоң Туз санаториясы жөнүндөгү ыр кайрыктары* . . . 44
Туз тоолору . . . . . . . . . . . . . 44
Туз жели . . . . . . . . . . . . . . 45
Ак халатчан досторум . . . . . . . . . . 46
Айыктым туздун «чаңынан» . . . . . . . . . 46
Номери төрт кыздар жаткан палата . . . . . 47
Керебети Кемелдин . . . . . . . . . . . 49
Шайлоого . . . . . . . . . . . . . . 50
Жоомарт иниме . . . . . . . . . . . . 51
Туз көлмөнүн монологу . . . . . . . . . . 51
Билгим келет . . . . . . . . . . . . . 53
Айыккандардын алкышы . . . . . . . . . . 54
Ала-Тоо дары абасы . . . . . . . . . . . . 55

Тоолордо өскөн өмүр . . . . . . . . . . . . . 56
Даркан пейил . . . . . . . . . . . . . . 57
Болсо дагы канаттуу . . . . . . . . . . . 58
Ак маралдын айтканы . . . . . . . . . . . 58

*Тоолор, Токой, Талаа жана Булут ыры* . . . . . . . 59
Тоолор ыры . . . . . . . . . . . . . 59
Токойлор ыры . . . . . . . . . . . . . 59
Талаалар ыры . . . . . . . . . . . . . 60
Ак булуттар ыры . . . . . . . . . . . . 60
Комузчу атабыз Муса Сеңкановду эскерүү . . . . . 61
Суроо берүү . . . . . . . . . . . . . . 62
Балалык күндөн элестер . . . . . . . . . . 63
Коммунизм дабышы . . . . . . . . . . . . 66
Май төрдө . . . . . . . . . . . . . . 67
Соң-Көл ыры . . . . . . . . . . . . . . 67
Корго, Адамзат! . . . . . . . . . . . . . 69
Аккуу сүзөт . . . . . . . . . . . . . . 71

*Ысык-Көл жөнүндө* . . . . . . . . . . . . 71
Дагы келем . . . . . . . . . . . . . 71
Билдим . . . . . . . . . . . . . . 72
Толкундар . . . . . . . . . . . . . 73
Бересемин . . . . . . . . . . . . . 74
Аянба . . . . . . . . . . . . . . 74
Күү угулат . . . . . . . . . . . . . 75

ТАЯНГАН ТООМ — АК ЭМГЕК . . . . . . . . . 76
Эмгек . . . . . . . . . . . . . . . 76
Тоо дайра . . . . . . . . . . . . . . 77
Кыздар жөнүндө ода . . . . . . . . . . . 78
Жаз келсе . . . . . . . . . . . . . . 80
Музыка жөнүндө ой . . . . . . . . . . . 80
Сөз зергери . . . . . . . . . . . . . . 81
Талаа сүйлөйт . . . . . . . . . . . . . 83
Кел, жаным! . . . . . . . . . . . . . . 84
Ак таңдар . . . . . . . . . . . . . . 85
Эч унутпайм . . . . . . . . . . . . . . 86
Кызыл ат (поэма) . . . . . . . . . . . . 87
Адамдыкы актасак . . . . . . . . . . . . 95
Апама . . . . . . . . . . . . . . . 96
Ысмың дүйнө араласын . . . . . . . . . . 97
Аккуулар учуп баратат . . . . . . . . . . . 98
Анда мен . . . . . . . . . . . . . . . 99
Сен экөөбүз . . . . . . . . . . . . . . 99



Ээлеңиз тарых барагын . . . . . . . . . . . . 100
Кара-Кужур . . . . . . . . . . . . . . . 101
Дың жерден кат . . . . . . . . . . . . . 102

ТЫНЧТЫК, ДОСТУК СЫРЛАРЫ . . . . . . . . 106
Орус досум жөнүндө . . . . . . . . . . . 106
Перзенттерим . . . . . . . . . . . . . . 107
Эзелде бир . . . . . . . . . . . . . . 108
Нан жөнүндө . . . . . . . . . . . . . 109
Кар жаап жатат . . . . . . . . . . . . 110
Элдик кошун . . . . . . . . . . . . . . 111
Өтсө дейм . . . . . . . . . . . . . . 112
Мекен жер . . . . . . . . . . . . . . 112
Жамгыр ыры . . . . . . . . . . . . . . 113
Жетер бекем . . . . . . . . . . . . . . 114
Көпүрө . . . . . . . . . . . . . . . 114
Жаштыгым ай, жаштыгым . . . . . . . . . . 115
Жаздын көркүн бермекмин . . . . . . . . . 116
Карагоо — Энем . . . . . . . . . . . . . 117
Мен төрөлгөн үй . . . . . . . . . . . . . 119
Баратам сага таңды алып . . . . . . . . . 121
Жамгырда . . . . . . . . . . . . . . 122
Сен жөнүндө ода . . . . . . . . . . . . 123
Ырларыма . . . . . . . . . . . . . . 124
Булбул сайрайт . . . . . . . . . . . . . 125
Суу — Жашоонун булагы . . . . . . . . . . 126
Америкалык окуучу кыз Саманта . . . . . . . 128
Смиттин катына комментария . . . . . . . . 128
Дыйкан пейли дарыя . . . . . . . . . . . 134
Кызыл-Жар менен Айбала . . . . . . . . . 136
Аккуулар ыры . . . . . . . . . . . . . 137
Жаңгым келет . . . . . . . . . . . . . 138
Балалык күн өчпөсө экен дей берем . . . . . . 138
Жылытып баратат . . . . . . . . . . . . 139
Тынчтык жазы . . . . . . . . . . . . . 140
Мисиркул менен Лолага . . . . . . . . . . 142
Сүйгөн үйүм . . . . . . . . . . . . . . 142
Ким болду экен (поэма) . . . . . . . . . . 143
Эстелик . . . . . . . . . . . . . . . 150
Акын курбума . . . . . . . . . . . . . 151
Ысык-Көлдөн элестер . . . . . . . . . . . 155
Эне жолу (Поэма) . . . . . . . . . . . . 158
Пушкинди окусам . . . . . . . . . . . . 175
ӨМҮР-САПАР, ЖАШОО, ТУРМУШ КАЙРЫКТАРЫ
* Орус мээрими (Поэма) . . . . . . . . . . 177

* Күмүш тамчылар . . . . . . . . . . . . . . 195
* Жер монологу . . . . . . . . . . . . . . 196
* Кайра тирилген акын . . . . . . . . . . . . 204
* Достук шаары — Фрунзем . . . . . . . . . . 205
* Чыпыгын чынар болуп . . . . . . . . . . . 207
* Черкас[1] чеби . . . . . . . . . . . . . 207
* Фрунзенин дарактары . . . . . . . . . . . 211
* Адам үчүн . . . . . . . . . . . . . . 211
* Намыс . . . . . . . . . . . . . . . 212
* Багынбадым . . . . . . . . . . . . . 213
* Соң-Көл жана мен . . . . . . . . . . . 214
* Ата-журт . . . . . . . . . . . . . . 220
* Мекен — эне тилеги . . . . . . . . . . . 221
* Туулган жерге толгонуу . . . . . . . . . . 222
* Ата журт жөнүндө ойлоп . . . . . . . . . 222
* Арчалар . . . . . . . . . . . . . . 223
* Кочкор токою . . . . . . . . . . . . . 224
* Кара жылан жолобосун . . . . . . . . . . 224
* Солдат жарынын ыры. . . . . . . . . . . 225
* Мөмө төктүң дарагыма . . . . . . . . . . 226
* Бактым ушул . . . . . . . . . . . . . 227
* Ак кайыңдар . . . . . . . . . . . . . 229
* Сагындым сени . . . . . . . . . . . . 229
* Кайдасыңар, Карлыгачтар . . . . . . . . . 230
* Пейлим жылуу урунса. . . . . . . . . . . 231
* Айта барыңыз . . . . . . . . . . . . . 231
* Таазим кылам . . . . . . . . . . . . . 232
* Кырчын өмүр . . . . . . . . . . . . . 233
* Ишеним жөнүндө . . . . . . . . . . . . 233





*Исабек Исаков*

БЛАГОСЛОВЕНИЕ ОТЧИЗНЫ

Стихи и поэмы

(На киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Рецензент Ш. Үметалиев
Редактору О. Сулайманов
Көркөмдөгөн М. Исханов
Көркөм редактору Г. Куценко
Тех. редактору К. Бурганакова
Корректору Ж. Байсеркеева

ИБ № 2294

Терүүгө 22. 6. 1983-ж. берилди. Басууга 23. 08. 1983-ж. кол коюлду. Д—02693. Басмаканалык № 1 кагаз. Адабий арибн, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×108[1]/32. 7,5 физ. басма табак, 10,5 шарттуу басма табак, 10,013 учёттук табак, 10,763 боёк түшүрүү. Тиражы 3000. Заказ № 240. Баасы 1 с.

Элдердин достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы. 720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты. 720461. ГСП. Фрунзе, шаары, 5, Жигули көчөсү, 102.

**Исаков Исабек.**

И 85 Ата журт толкундары: Ырлар ж-а поэмалар. — Ф.: Кыргызстан, 1983. — 240 бет.

Исабек Исаков окурмандарга кеңири таанымал акын. Анын жашоо-тиричиликтин ар түрдүү тармагын камтыган ондон ашуун китеби бар. Бул жыйнак акындын 50 жылдык курбалына арнаган поэтикалык чабыты.

$$И\frac{4702280200-218}{М\ 451\ (17)-83}\ 186-83$$

С (Кирг) 2
ББК 84 Ки 7